**Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу
Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча
улуттук комиссия**

**Кыргыз энциклопедия жана терминология борбору**

# МААЛЫМАТ ТЕХНОЛОГИЯ АДИСТЕРИ ҮЧҮН КЫРГЫЗ ТИЛИ

*(Кыргыз тилин улантуучу топторго)*

***Түзүүчү:***
***Абдиева Курманкан Абдрасуловна***

**Бишкек – 2025**

УДК 811.512
ББК 81.632.5
М 12

Китеп «Кыргыз Республикасында 2021–2025-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүү» программасынын алкагында жарык көрдү.

**Илимий-редакциялык кеңеш:**
А. Акматалиев, Т. Коңурбаев, Г. Курманбекова, Ы. Кадыров, З. Кадырова, К. Жумакадырова, М. Молдалиева.

**Рецензенттер:** педагогика илимдеринин доктору,
профессор С. О. Байгазиев.
филология илимдеринин доктору,
профессор С. К. Рысбаев.

М 12 **Маалымат технология адистери үчүн кыргыз тили:** Кыргыз тилин улантуучу топторго / Түз.: К. А. Абдиева. – Б.: «Кут-Бер», 2025. – 208 б.

ISBN 978-9967-14-222-0

Окуу куралы кыргыз тилин кесиптик багытта окутууга багытталып, маалымат технологияларына байланыштуу терминдердин, негизги түшүнүктөрдүн кыргызча маанилерин ажырата билүүгө үйрөтөт. Окуучулардын, студенттердин кесипке байланыштуу темаларды окутуунун алдыңкы технологиялары аркылуу талдап түшүнүүсүн жеңилдетет. Кыргыз тилинде өз оюн кесиптик мазмунда кыргызча эркин билдирүү менен көркөм сөздөр, макалдар аркылуу кебин байытып, тилдик көндүмдөрүн өнүктүрүүгө шарт түзүп берет. Жогорку жана орто кесиптик окуу жайлардын кыргыз тили мугалимдери, студенттери үчүн

УДК 811.512
ББК 81.632.5

ISBN 978-9967-14-222-0

© Түз. Абдиева К.А., 2025
© Кыргыз энциклопедия жана терминология борбору, 2025

## Кириш сөз

Кыргыз тилин кесиптик багытта окутуп, тил үйрөтүү процессин студенттин кызыгуусуна жана тандап алган адистигине байланыштуу өткөрүү – азыркы учурдун негизги талабы. Анткени келечектеги адистин иш билги сапаттарынын бири – анын мамлекеттик тилде иш ордунда баарлашып, кесибине байланыштуу маалыматтарды кыргыз тилинде эркин түшүнүп жана сабаттуу жаза билүүсү. Айрыкча маалымат технологиялары кесибин тандаган жаштарга алдыңкы технологияларды кыргызча түшүндүрүп, өз кесибине жакын маалыматтар аркылуу сабакка тартуу маанилүү деп эсептейбиз. Бул техникалык тармакта сабак берген окутуучулар үчүн кыргызча материалдар аз болгондуктан, кесипке багыттап окутуу бир топ кыйынчылыктарды жаратып келе жатат. Ошондуктан сунушталган окуу куралы заманбап кесип тандаган студенттердин орто деңгээлге жетишкен (Б2, В1) улантуучу топторуна арналып жазылды. Окуу куралы маалымат технологияларына байланыштуу негизги түшүнүктөрдүн кыргызча маанилерин ажырата билүүгө, алар менен сүйлөм түзүп, суроолорго жооп берип, өз оюн кыргызча эркин билдирүү көндүмдөрүн өнүктүрүүгө багытталган. Ушул эле максатта түзүлгөн кесиптик темаларды камтыган тексттер менен үч баскычта иш жүргүзүлөт:

– текстке чейинки тапшырмаларды аткаруу;
– текст менен иштөө;
– тексттен кийинки тапшырмалар менен иштөө.

Биринчи баскычта тексттин маанисине байланыштуу сөз жана сөз айкаштары, сүйлөмдөр менен иштешип, тексттин мазмунун кабыл алууга даярданышат.

Экинчи баскычта студенттер өз алдынча жана жуптары менен иштеп, кыргызча түшүнүүгө, өз оюн билдирүүгө жана баарлашууга машыгышат. Кийинки баскыч алардын түшүнүктөрүн жыйынтыктап, сынчыл ой жүгүртүүнүн стратегияларынын айрым ыкмалары менен иштегенге жана бири-бири менен мамиле түзүп өз оюн эркин айтып, топ менен баарлашууга көнүктүрөт.

Окуу куралына окутуучулардын иш процессин жеңилдетүү максатында кошумча тесттик тапшырмалар, кыргыз тилинин грамматикасы боюнча орус тилиндеги материалдар жана окутулуучу оюндар методикалык жардам катары сунушталат.

Ошондой эле жалпы маалымат технологиялар курсунун мазмунуна ылайыкталып англисче-кыргызча сөздүк берилген. Эгерде компьютердин түзүлүшү, анын иш өндүрүмдүүлүгү жана эмгек коопсуздугуна байланыштуу сөздөр негизги темаларда берилсе, корутунду бөлүгүндөгү сөздөр, сөз айкаштары ушул кесипке байланыштуу англисче терминдердин, түшүнүктөрдүн кыргызча маанисин чечмелеп берүүгө багытталган. Сунушталган эмгек маалымат технологиялары багытында кыргыз тилинен сабак берген окутуучуларга, студенттерге жана жалпы окурмандарга арналат.

**Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик тил гимни**

***Сөзү:*** С.Алтымышовдуку
***Музыкасы:*** Б.Алишеровдуку

Тил жаралып Көкө Теңир таңынан,
Адамзаттын дөөлөтүнө буйруган.
Адам деген түп сөзүнөн элимдин,
Кыргыз тили ай-ааламга жаңырган.

*Кайырма:*
Кыргыз тили жүрөгүм,
Манас Ата туу туткан.
Кыргыз тили Мекеним
Менин өлкөм – Кыргызстан!

Мекен тили – Ата Журттун кареги,
Биримдиги, күч-кубаты, тиреги.
Мекен тили – куттуу кыргыз элимдин,
Көкүрөктө согуп турган жүрөгү.

*Кайырма:*

Мекен тилин ыйык тутуп сактайлы,
Мекен тили – бак таалайдын кутманы.
Мекен тили – кан-жаныбыз, туубуз,
Ата Журттун келечеги, ак таңы

*Кайырма:*

## 1-тема: Кесиптер. Ийгиликтүү адамдар, ишканалар

**Лексика:** кесип – профессия, интернет технологиялары боюнча адис – специалист по интернет технологиям, иш кагаздарын тейлөөчү адис – офис менеджер, басып чыгаруучу – верстальщик, **веб-жасалгалоочу** – веб- дизайнер, видеосүрөтчү – видеохудожник, электрондук китепкананын китепканачысы – библиотекарь электронной библиотеки, почточу –почтальон, биржа брокери – биржевый брокер, котормочу – переводчик, окутуучу – преподаватель.

***Текстке чейинки тапшырмалар:***

*1. Кара тамга менен басылган кесиптердин өзгөчөлүктөрүн түшүндүргүлө:*

**М: Биржа брокери –** компьютер тарамы аркылуу сатып алуучулар жана сатуучулар ортосунда байланыш түзүүчү.

*2. Суроолор боюнча маектешкиле:*

- Кайсы кесиптерди азыркы учурда көп талап кылынган заманбап кесиптер деп эсептейсиң?
- Силердин үй-бүлөңөр жана досторуңар иштеген кесиптер кайсылар?
- Сенин келечектеги кесибиң кайсы жана сага ал эмнеси менен кызыктуу?
- Аталган кесиптердин кайсылары компьютердик технологиялар менен байланыштуу деп ойлойсуңар?

*3. Берилген сөздөрдөн 5 сөздү тандап сүйлөм түзгүлө:*

*4. Сүйлөмдөрдү көчүрүп жазгыла. Орус тилине которгула. Кара менен басылган сөздөргө көңүл бургула:*

Айлык акысы жогору жана **келечектүү (перспективный)** жумушта иштегим келет. Бардык жумушка билимдүү, **иш билги (компетентный)** жана тажрыйбалуу адистер талап кылынат. Натыйжалуу иштеген кызматкерлер **сыйлык (премия)** алып турушат. Эртең директор менен **маектешүү (собеседование)** болот. Мен **чет элдик (иностранный)**

алдыңкы компанияга жумушка орноштум. Азырынча бизде **бош орун (вакансия)** жок.

*5. Төмөнкү сөз айкаштарын орус тилине которгула. Сын атоочтордун жасалыш жолдорун түшүндүргүлө:*

Корпоративдик кардарлар, ири ишканалар, эл аралык уюмдар, сапаттуу тейлөө, ишенимдүү байланыш, үнөмдүү төлөмдөр, эң жогорку талаптар, базалык станциялар, эң ири салык төлөөчү, ички жана сырткы каражаттар, коомдун аялуу бөлүгү.

*6. Берилген зат атооч сөздөрдүн синонимдерине оозеки сүйлөм түзгүлө жана алардын орус тилиндеги айтылыштарын тапкыла:*

Өлкө *(мамлекет)*, уюм *(түзүм)*, кызматкерлер *(адистер)*, байланыш *(катыш)*, башкаруу *(жетектөө)*, ишмердик *(эмгектенүү)*, жооптуу *(милдет)*, иш берүүчү *(жумуш ордун камсыздоочу)*.

7. *Этиш сөздөр менен сүйлөм түзүп жазгыла:*

Тейлейт, ээ болот, жетти, сунуштап жатат, аткарды, окутулат.

**Текст менен иштөө:**

**1-текст: Мегаком** дайыма сиз менен!

Мегаком өлкөбүздүн 95% аймагын камтып, 2,5 млн. кардарды тейлейт. Бул компания үчүн корпоративдик кардарлар өзгөчө мааниге ээ болот. Анткени алар – республиканын ири ишканалары, эл аралык уюмдар. Алардын саны акыркы жылдары эки миңге жетти. Компания сапаттуу тейлөөнү, ишенимдүү байланышты, үнөмдүү төлөмдөрдү сунуштап жатат. Ишкана өз тармагынын таасирин жогорулатуу багытында бир топ иштерди ийгиликтүү аткарды. Уюлдук компаниянын базалык станцияларынын саны күндөн-күнгө өсүп, сатуу борборлорунун саны учурда жетимиш миңге жетти. Мегаком республиканын эң ири салык төлөөчүсү гана эмес, иш берүүчүсү да болуп эсептелет.

«Ийгиликтүү менеджерлер мектеби» түзүлүп, кызматкерлер ички жана сырткы каражаттардын эсебинен бекер окутулат. Коом алдындагы өз жоопкерчилигин сезген ишкана социалдык катмардын аялуу бөлүгүнө жардам берүүдө.

*Текст боюнча суроолорго жооп бергиле:*

• Мегаком өлкөбүздүн аймагында канча кардарды тейлейт?

• Эмне үчүн корпоративдик кардарлар өзгөчө мааниге ээ болот?

• Компания кардарларга эмнелерди сунуштайт?

• Ишкананын ийгиликтүү иштерин эмнелер көрсөтөт?

• Мегаком компаниясы ири салык төлөөчү гана эмес, иш берүүчү дегенди кандайча түшүнөсүң?

• Эмне үчүн ишкана **социалдык катмардын аялуу бөлүгүнө** жигердүү жардамын берип келет?

*8. Көп чекиттердин ордуна мааниси боюнча туура келген сөздөрдү жана сөз айкаштарын коюп жазгыла:*

Бул компания үчүн ......... өзгөчө мааниге ээ. Анткени алар – республиканын ................ Алардын саны акыркы жылдары ........... жетти. Компания сапаттуу тейлөөнү, ишенимдүү байланышты, үнөмдүү төлөмдөрдү .......... Ишкана өз тармагынын ........ бир топ иштерди ийгиликтүү аткарат. Уюлдук компаниянын базалык станцияларынын саны ......... өсүп, сатуу борборлорунун саны учурда жетимиш миңге ........... Мегаком республиканын ......... гана эмес, .............. болуп саналат.

*9. Суроолордун туура жообун таап жазгыла:*

• Мегаком кандай компания? *(курулуш, билим берүүчү, байланыш)*

• Корпоративдик кардарлар дегенибиз эмне? *(ишканада чогуу иштегендер, эл аралык уюмдар, бир көчөдө жашагандар)*

• Ишкананын иши ийгиликтүү жүрүп жатат дегенди кандай түшүнөсүң? (*жарнамага көп чыгып жатат, жу-*

*мушчулары жакшы кийинишет, кардарлары көбөйүп жатат)*

• Эң ири салык төлөөчү жана ....... компания болуп эсептелет? *(иш берүүчү, окутуучу, көңүл ачуучу)*

• Мегаком коом алдында жоопкерчилигин сезген ишкана катары кайсы иштерди жүргүзөт? *(эмдөө жүргүзөт, азык-түлүк таркатат, жакыр жашагандарга, карыкарттарга жана жумушсуздарга жардам берет)*

*10. Сүйлөмдөрдү окугула, мааниси боюнча текстке тема койгула. Ат атоочторду, сан атоочторду таап, аларды түрлөрү боюнча ажыраткыла:*

Кадимки электр лампочкасын америкалык **Томас Эдисон** 1880-жылы ойлоп тапкан. Бул ачылышка жетишүү үчүн ал 10000ге жакын ар кандай сыноолорду жүргүзгөн. Аны эч кандай кыйынчылык коркута алган эмес. Ал абдан эмгекчил, тырышчаак жана өжөр болгон. Мына ушул сапаты менен эч бир адам жетишпеген ийгиликтерди багынткан. Окумуштууга 1093 ойлоп чыгаруучулук патент берилген.

• *Чыныгы кесипкөй адам болуу үчүн ар бирибизге кайсы сапаттар зарыл деп ойлойсуңар?*

• *Ири ийгиликтерге жетишкен Томас Эдисон сыяктуу улуу адамдардын өмүр жолунан эмнелерди үйрөнөбүз?*

• *Ийгиликтерге жетүү үчүн адамдарга кайсы тоскоолдуктар жолугат деп эсептейсиң?*

***Тексттен кийинки тапшырмалар:***

*11. Макалдарды жазгыла, маанисин түшүндүргүлө:*

**1. Эмгегиң адал болсо, татканың таттуу болот.**

**2. Эмгегиң жерде калбайт.**

**3. Эмгегинен бакыт тапкан адам – чыныгы сулуу адам.**

*Макалдарды окугула, маанисин салыштыргыла:*

Колунан иш, тилинен сөз качып кутулбайт. *Он мастер своего дела и боек на язык.* Күлүк ат чапкан сайын

арбытат. *Скаковой конь чем дальше скачет, тем больше усиливает ход.* Күчтүү болсоң жердей бол, баарын чыдап көтөргөн. *Если ты силён, то будь как земля, которая всех поднимает.*

***12. Талда, такта, колдон:***

• КРде иштеп жаткан уюлдук операторлордун ичинен кайсынысы ийгиликтүү жана натыйжалуу иштеп жатат деп ойлойсуң?

• Сен кайсы уюлдук компаниянын кызматын пайдаланасың? Ал компанияны эмне үчүн тандадың?

• Эгерде сен уюлдук компаниянын менеджери болсоң студенттер үчүн кандай сунуштарды киргизет элең?

**13. Талаштуу кырдаал боюнча маектешкиле:**

Уюлдук телефонду, компьютерди көп пайдалануу өзгөчө жаш балдар үчүн зыяндуу. Ал рак оорусунун, тукумсуздуктун өнүгүүсүнө шарт түзөт деп окумуштуулар эскертишет.

*Жок, уюлдук телефонду, компьютерди пайдалануунун коопсуздук эрежелерин билүү жетиштүү.*

**14. Терминди эстеп калгыла:**

***Байланыш (Коммуникация)*** – маалыматтарды өз ара жибериш. Бул стандарттуу телефон чубалгыларын же радио байланыш каналдарын пайдаланып, компьютерлер ортосундагы маалымат алмашуу.

***15. «Бакыттын ачкычы эмнеде?»*** *деген темада эссе жазгыла.*

## 2-тема: Менин кесибим – менин келечегим

**Лексика:** Кызыккан – интересовался, мыкты – отлично, кыялданган – мечтал, келечекте – в будущем, достору үчүн – для друзей, түзгөн – создал, таштап бросив, чогуу – вместе, жеке компьютерлер – персональные компьютеры,

ийгиликтүү – успешно, успешный, эмгекчил – трудолюбивый, эрки күчтүү – волевой, ишке ашырган – осуществил, кайрымдуу – благородный, кайрымдуулук – благотворительность, каражат – средства, үчтөн бири – одну треть, чыгымдайт – расходует.

***Текстке чейинки тапшырмалар:***

*1. Жогоруда берилген сөздөрдөн сын атоочторду бөлүп көрсөткүлө жана сөздүк боюнча тапшырмаларды аткаргыла:*

- Адамдын мыкты сапаттарын билдирген сөздөрдү жазгыла жана аларга өз кошумчаңарды киргизгиле.
- Сөздүктө берилген этиш сөздөр менен 5 сүйлөм түзгүлө.
- **Кайрымдуу** жана **кайрымдуулук** деген сөздөргө аныктама жазгыла. Кайрымдуулукка мисал келтиргиле.

*2. Берилген сөз айкаштарындагы этиштин баштапкы формасын түшүндүргүлө, аларды орус тилине которгула:*

Менин кесибим, кесиптик сабактар, кызыгып окуу, бакубат жашоо, эмгектене билүү, тырышып окуу, айткандарды угуу, кесипке байланыштуу, кошумча үйрөнүү, өз алдынча даярдануу, көргөндөрдү эске сактоо, жакындары менен кеңешүү, мугалимден суроо, достор менен баарлашуу, келечек тууралуу кыялдануу.

*3. Төмөнкү суроолорго жооп бергиле:*

Сен келечекте ким болосуң? Азыр кайда окуп жатасың? Силер кесиптик багыт боюнча иш жүзүндө эмнелерди аткарасыңар? Сен тапшырган окуу жайда кайсы тармактарга айрыкча көңүл бурулат? Сен өз кесибинен ийгилик тапкан кайсы адамдарды билесиң? Сага тандаган кесибиң жагабы?

*4. Бул сүйлөмдөрдү кыргыз тилине которгула:*

Моя будущая профессия – программист. Мне нравится моя будущая профессия. В этой области много квалифицированных специалистов. Моя профессия требует – точности и упорство. Требуется хорошее знание точных наук, особенно математики и информатики. Нужно владеть английским языком. И самое главное – уметь говорить с техникой с машинным языком.

***Текст менен иштөө:***

Текстти окуп чыккыла, энчилүү зат атоочторду таап, алардын жазылышын түшүндүргүлө:

**Билл Гейтс**

Дүйнөдөгү эң бай адамдардын бири – **Билл Гейтс,** 1955-жылы 28-октябрда Вашингтон штатынын Сиэтл шаарында туулган. Ал мектепте математика сабагын мыкты окуп, компьютер менен иштегенге абдан кызыккан. Ал келечекте программист болууну кыялданган. Ошондуктан онунчу класста окуп жүргөндө эле досуру үчүн компьютердик программа түзгөн. 20 жашында Гейтс университеттеги окуусун таштаган, анткени ал досу Пол Аллен менен чогуу иштей баштаган. Алардын жеке компьютерлер үчүн түзгөн программалары ийгиликтүү сатылып, натыйжасында «Microsoft» компаниясы түзүлгөн. Азыр ал дүйнөдөгү эң ири корпорация болуп эсептелет. Эмгекчил, эрки күчтүү Билл Гейтс өзүнүн кыялын ишке ашырган. Ал дүйнөдөгү эң бай гана эмес, эң кайрымдуу ишкер да болуп эсептелет. Себеби ал инсан катары коом алдындагы жоопкерчилигин сезет. Билл Гейтс тапкан каражатынын үчтөн бирин гана үй-бүлөсүнө жумшайт, калган бөлүгүн кайрымдуулук иштерине берип турат.

*Суроолор боюнча маектешкиле:*

- Билл Гейтс качан жана кайсы жерде туулган?

• Мектепте ал эмнелерге кызыккан?

• Гейтс келечекте ким болууну кыялданган?

• Ал компьютердик программаларды качан түзө баштаган?

• «Microsoft» компаниясы кандайча түзүлгөн?

• Билл Гейтсти эмне үчүн эң кайрымдуу ишкер деп айтышат?

• Сен эмне тууралуу кыялданасың? Билл Гейтс сыяктуу бактылуу инсан болуу үчүн кайсы сапаттар маанилүү деп эсептейсиң?

*5. Тексттен алынган үзүндүлөрдү андан ары улап жазгыла:*

Ал мектепте математика сабагын мыкты окуп, ___________. 20 жашында Гейтс университетиндеги окуусун таштап, __________, «Microsoft» компаниясы түзүлгөн. Ал дүйнөдөгү эң бай гана эмес, _________. Билл Гейтс тапкан каражатынын үчтөн бирин гана үй-бүлөсүнө жумшайт, __________.

*6. Сүйлөмдөрдү толуктап, кырдаал боюнча тактап жазгыла:*

Ал келечекте программист болууну кыялданган. **Ошондуктан ..........**

20 жашында Гейтс университеттеги окуусун таштаган, **анткени ал .........**

Алардын жеке компьютерлер үчүн түзгөн программалары ийгиликтүү сатылып, **натыйжасында .....** ал дүйнөдөгү эң бай гана эмес, эң кайрымдуу ишкер да болуп эсептелет. **Себеби ал ..............................................................**

*7. Берилген жооптордун туура вариантын таап сүйлөмдөрдү көчүргүлө:*

Ал мектепте (*математика, дене тарбия, биология*) сабагын мыкты окуп, компьютерге иштегенге абдан кызыккан. Ошондуктан онунчу класста окуп жүргөндө эле достору үчүн *(уюм, футболдук команда, компьютердик*

*программа)* түзгөн. Азыр ал дүйнөдөгү эң ири *(базар, корпорация, фирма)* болуп эсептелет. Себеби Билл Гейтс инсан катары коом алдындагы *(жоопкерчилигин, артыкчылыгын, милдетин)* сезет.

*8. Диалогду окугула жана орус тилине которгула:*

– Сен Билл Гейтстен башка таланттуу программисттерди билесиңби?

– Ооба Билл Гейтстен башка интернет-технологиялар боюнча ишкер жана программист **Марк Элиот Цукербергди** билемин.

– Ал интернет-технологияларына кандай жаңылыктарды киргизген?

– Америкалык программист азыркы учурда ийгиликтүү иштеп жаткан **Facebook** социалдык тармагын ишке киргизген.

– Бул тармак азыр натыйжалуу иштейт, мен да Facebook тармагына тез-тез кирип турамын. Маегиңе рахмат.

*Диалогду толуктап уланткыла:*

– Сен Билл Гейтстен башка таланттуу программисттерди билесиңби?

________________________________________

– Ал интернет - технологияларына кандай жаңылыктарды киргизген?

________________________________________

– Алар кайрымдуулук иштерине каражат берип турушабы?

________________________________________

– Кыргызстанда маалымат технологиялары тармагында ийгиликтүү иштеген адистерден кимдерди билесиң?

________________________________________

***Тексттен кийинки тапшырмалар:***

*9. Макалдарды жазгыла, маанисин чечмелеп бергиле жана орус тилиндеги маанилеш макалдардан мисал келтиргиле:*

**1. Эмгегиң менен элге жак, кор кылбай асыл жанды бак.**

**2. Эмгегиңден баар тапсаң, мартабаң көтөрүлөт.**

*Макалдарды окуп, маанисин салыштыргыла:*

3. Эпкиндүү болсоң элиң сүйөт, курбу-курдаш теңиң сүйөт.

*Если ты энергичен, тебя полюбит народ, тебя полюбят сверстники-ровесники.*

4. Эр болсоң көк бол, айткан сөзгө бек бол. *Если ты молодец, будь настойчив, в слове будь твёрд.*

*10. Талда, такта, колдон:*

- Мамлекеттик компаниялар жеке менчик компаниялардай тез өнүгө алышпайт.
- Эң бай адамдар кайрымдуулук иштерин салыктардан кутулуу үчүн гана жасашат.
- Билл Гейтс сыяктуу миллиардерлер Америка сыяктуу мамлекеттерде гана болот.
- Бактылуу болуу үчүн тырышчаактык жана эмгекчилдик менен катар табигый жөндөмүң болушу керек.
- Маалымат технологияларысыз коомдо өнүгүү болбойт.

**11. «Байлык жана кайрымдуулук» деген темада эссе жазгыла:**

**12. Терминди жазып алгыла:**

**Маалымат технологиялары** – информатика илиминин бөлүмү, анда башкаруу чечимдерин даярдоо жана кабыл алууга байланышкан маалыматтарды өндүрүүнүн технологиялык процесстерин кароо кабыл алынган. Ал компьютердин түзүлүшү, программалык жабдык, иштетүү систе-

малары, программалоо, берилиштер базасы сыяктуу фундаменталдык бөлүктөрдөн турат.

*13. Талаштуу кырдаал боюнча маектешкиле:*

*1. Байлыкка жана бийликке өз эмгегиң жана билимиң менен гана жетише аласың.* Жок, бай жана мансаптуу болуш үчүн алгачкы капиталың же бийликтеги жакшы таанышың болуу керек.

2. Бактылуу инсан болуу үчүн сөзсүз жогорку билим алуу керек. *Жок, атайын кесиптик окуу жайлардан билим алып, натыйжалуу иштеп кетсе болот.*

3. Азыркы учурда жаш адам сөзсүз чет өлкөгө барып иштеп же окуп келиши шарт. *Жок, биздин мамлекеттен эле мыкты билим алып, жакшы иш тапса болот.*

## 3-тема: Компьютер тарыхы, анын азыркы коомдогу орду

***Лексика:*** Түзүү – создавать, берүү – передавать, чыпкалоо – фильтровать, басып чыгаруу – напечатать, кирүү – входить, чыгуу – выходить, байланышуу – связаться, орнотуу – установить, жүктөө – загрузить, кайта жүктөө перегрузить, камсыздоо – обеспечить, издөө – поискать, билдирүү – известить, өткөрүү – проводить, бириктирүү – соединить, тандоо – выбирать, чыңалтуу – напрягать, өркүндөтүү – совершенствовать.

***Текстке чейинки тапшырмалар:***

*1. Этиш сөздөр боюнча тапшырмаларды аткаргыла:*

• Жогоруда берилген этиш сөздөрдү түшүндүргүлө жана өткөн чакта жактап чыккыла;

• Зат атоочторду кошуп сөз айкаштарын түзгүлө жана аларды которгула;

• Кайсы кесиптик процесске байланыштуу экендигин түшүндүргүлө.

*2. Берилген сөз айкаштарын түшүндүргүлө:*

Программалык камсыздоо, жумушчу программасын түзүү, файлдарды жүктөө, маалымат издөө, файлдарды бириктирүү, эң мыкты вариантын тандоо, жумушчу программасын өркүндөтүү.

*3. Түшүнүк берилген электрондук технологиялар боюнча маалыматтарды көчүрүп жазгыла жана өз кошумчаңар менен толуктагыла:*

• ***Асинхрондук байланыш*** – электрондук-интернет колдонуучулардын арасында маалыматтарды жекеме-жеке алмашууну же кат беришүүнү камсыз кылган каражат. Аларга баарлашуу аянтчасы (форум), жарнама жана электрондук билдирүү (СМС) кирет.

• ***Синхрондук байланыш*** – чат, видео-конференция аркылуу колдонулат. Азыркы учурда аралыктан окутууда көпчүлүк окуу жайларына кеңири тараган.

• ***Подкаст*** – интернеттен компьютерге же уюлдук телефонго көчүрүлүүчү аудио же видео файлдар. Интернет колдонгон кардар бул файлдарды интернеттен автоматтык түрдө көчүрүп алып, каалаган мезгилде угуу же көрүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болот.

*4. Берилген сүйлөмдөрдөн сан атоочторду тапкыла, этиштердин түрүн, жагын жана санын аныктагыла. Текстке ат койгула:*

Адам дайыма эсептөө амалдарын жеңилдетүүгө **умтулуп келген**. Биринчи эсептөөчү машинени 1642-жылы француз математиги Блез Паскаль **түзгөн**. Ал машиненин эсептөөсү тиштүү дөңгөлөктөр тарабынан **жүргүзүлгөн**. Кийинки эсептөөчү машинаны 1823-жылы англис математиги Ч.Бэббидж **сунуштаган**. Бул машине негизги эсептөөчү бөлүктөрдү өзүнө **камтыган**. Алар: сактоочу эс, арифмети-

калык түзүлүш, башкаруучу түзүлүш, буйрук киргизүүчү жана басып чыгаруучу бөлүм **болгон.**

*5. Көп чекиттердин ордуна мааниси боюнча туура келген этиштерди койгула:*

Биринчи электрондук эсептөөчү машине Пенсильван университетинде ..... СССРдин электрондук эсептөөчү машинеси 1947-жылы Киевдеги кибернетика институтунда ..... Азыркы көрүнүштөгү жеке компьютер1973-жылы Францияда .... Кийин бул компьютерлер Стив Жобстун жардамы менен көп санда ..... Эң алгачкы портативдүү компьютердин (1989-жыл) салмагы 7 кг....... 1982-жылы «Быйтыкча» белгиси жылмаюу менен маектешүү үчүн....

*(Пайдаланылуучу сөздөр:* ***чыгарыла баштаган, пайда болгон, түзүлгөн, ойлоп чыгарылган, түзгөн, колдонулган)***

**Текст менен иштөө:**

## Монитор тарыхынан

• *Текстти окуп чыккыла, этиштерди санын, жагын жана чагын аныктагыла:*

Эң алгачкы электрондук эсептөөчү машинелер (ЭЭМ) бир нече бөлмөнү ээлеп, көлөмдүү болгон. Дисплей жок болгондуктан, анын ордуна ондогон лампочкалар орнотулган. Кайсы бир ЭЭМ перфокарталар менен иштеген. 1984-жылы түзүлгөн **Macintosh** маркасы ак менен кара түстөгү кичине мониторду сунуштаган. Үч жылдан кийин бул тунук жана түстүү көрүнүштөрдү көрсөтүүчү сапаттуу мониторго айланган. 1990-жылдары компьютер өндүрүүчүлөр мониторду жука жана туурасынан узартылган түрдө чыгара башташкан. Акырындап электр энергиясын азыраак кerектеген үнөмдүү, чакан жана суюк кристалдуу дисплей кеңири таркаган. Жаңы технологияны өндүрүүчүлөр азыркы учурда кеңири форматтагы СК-мониторду 3D технологиясына ылайыктуу чыгарууга умтулуп жатышат.

*Суроолор боюнча өз ара маектешкиле:*

• Эң алгачкы электрондук эсептөөчү машинелер кандай болгон?

• Дисплейи жок, перфокарта менен иштеген компьютерди кандай элестетесиң?

• Macintosh маркасы кандай мониторлорду сунуш кылган?

• 1990-жылдары компьютер өндүрүүчүлөр мониторду кандайча өзгөртүшкөн?

• Суюк кристалдуу дисплейдин кеңири таркашы кайсы жагдайлар менен түшүндүрүлөт?

• 3D технологиясын кандай чечмелеп бере аласың?

• Сенин компьютериңдин дисплейи канча дюмду түзөт? Анын көрүнүшү сага жагабы?

*7. Берилген жооптордун туура вариантын таап сүйлөмдөрдү көчүргүлө:*

Дисплей жок болгондуктан, анын ордуна ондогон *(баскычтар, желдеткичтер, лампочкалар)* орнотулган. 1984-жылы түзүлгөн Macintosh маркасы ак менен кара түстөгү (*тегерек, кичине, жалпак*) мониторду сунуштаган. Үч жылдан кийин бул тунук жана түстүү көрүнүштөрдү көрсөтүүчү (*сапаттуу, жөнөкөй, ыңгайлуу*) мониторго айланган. Жаңы технологияны өндүрүүчүлөр азыркы учурда кеңири форматтагы суюк кристалдуу мониторду 3D технологиясына (*натыйжалуу, ылайыктуу, жарашыктуу*) чыгарууга умтулуп жатышат.

*8. Сунушталган аныктамаларга тексттен далилдөөчү фактыларды келтиргиле*:

• Эң алгачкы электрондук эсептөөчү машинелер (ЭЭМ) көлөмдүү болгон.

• Акырындап суюк кристалдуу дисплей кеңири таркаган.

• Азыркы учурда кеңири форматтагы СК-мониторду 3D технологиясына ылайыктуу чыгарууга умтулуп жатышат.

***Тексттен кийинки тапшырмалар:***

*9. Макалдарды окуп, маанисин чечмелеп бергиле жана орус тилиндеги маанилеш макалдардан мисал келтиргиле:*

1. Бар болсо чачпа, жок болсо шашпа.
2. Бар мактанса табылаар, жок мактанса чабылаар.
3. Жакшы айттырбай билет, суратпай берет.
4. Эмгек кылбай эр оңбос, бириндеген эл оңбос.
5. Эмгек кылсаң жашыңдан, дөөлөт кетпейт башыңдан.
6. Эмгексиз өмүр - дат жеген темир.
7. Эмгектен артык эм жок, кайраттан артык дем жок.
8. Эмгектеп жылсаң да, эртеңиңе умтул.
9. Эмгекти барктасаң, эмгек сени барктайт.
10. Эмгектин наны таттуу, жалкоонун жаны таттуу.
11. Эмгектин түбү ыракат, эринчээкке конбойт бак.
12. Эмгектүүнүн аты калат, эселектин даты калат.

***Макалдарды окуп, маанисин салыштыргыла:***

1. Адашкандын айыбы жок, кайтып үйүрүн тапкан соң. *Вины в том нет, что сбился, если опять нашёл свой косяк.*

2. Адеби жок жигит, жүгөнү жок атка окшош. *Невоспитанный парень, как конь без узды.*

3. Азаматтын жакшысы азыраак сүйлөп, көп тыңшайт. *Хороший молодец мало говорит, а много слушает.*

*10. Диалогду окуп чыгып, баяндама текст түзгүлө:*

– Программисттердин кесиптик майрамы белгиленеби?

– Ооба, 13-сентябрь – бүткүл дүйнөлүк программисттер күнү катары белгиленет.

– Компьютерлештирүү тарыхында аялдардын орду кандай болгон?

– Бул аялдар азыраак тандашкан кесип деп эсептелет. Бирок, эң алгачкы программаны аялзаты түзгөнүн билишибиз керек.

– Ал ким болгон?

– Ал Англиянын 19-кылымдагы атактуу акын лорд Байрондун кызы **Ада Лавлейс (1815 - 1852).** Ал жаш кезинен математикага жөндөмдүү болгон.

– Ак сөөк кыздын устаты жана окутуучулары кимдер болгон?

– Анын устаты алгачкы эсептөөчү машинени түзгөн англис математиги Ч.Бэббидж болгон. Ада аналитикалык машине же азыркы компьютердин механикалык түрүн сүрөттөп жазган. Ал символдор аркылуу сандарды эсептеп чыгаруунун алгоритмин түзгөн.

– Анын эмгеги азыркы учурда бааланып жатабы?

– Ооба, программанын бир тили Аданын атынан аталган. Оксфорд университетинде Лавлейстин урматына илимий симпозиумдар өткөрүлүп турат.

– Ада Лавлейстин ийгилиги мени да шыктандырды. Демек, так илимдер, техника менен кыз-келиндер да иштеп, зор ийгиликтерге жетсе болот экен да.

*Диалогду улантып, суроолорго жооп бергиле, толуктагыла:*

– Программисттердин кесиптик майрамы белгиленеби?

____________________________________________

– Компьютерлештирүү тарыхында аялдардын орду кандай болгон?

____________________________________________

– Ак сөөк кыздын устаты жана окутуучулары кимдер болгон?

____________________________________________

– Анын эмгеги азыркы учурда бааланып жатабы?

___

– Азыркы учурдагы аялзатынан белгилүү программисттер барбы?

___

*11. Талда, такта, колдон:*

· Компьютердин монитору канчалык көлөмдүү болсо, компьютер ошончолук кубаттуу болот.

· Суюк кристалдуу дисплей азыркы учурда кеңири таркаган, бирок аларды коопсуз деп айтууга болбойт.

· 3D технологиясын фильмдерди көрүүгө гана ылайыктоо керек, компьютерге анын такыр кереги жок.

· Компьютердин түзүлүшү мезгил өткөн сайын жаңыра берери анык, бирок планшеттен ыңгайлуу компьютер болушу мүмкүн эмес.

***12. «Ада Лавлейсин ийгилиги» аттуу чакан эссе жазгыла***

***13. Терминди жазып алгыла:***

**Монитор** (*монитор*) – экран деп аталган чагылдыруучу беттен жана радио тетиктер жайгашкан пластмасса же металл кутудан турат. Мониторда сүрөттөлүштөрдү көрсөтүүдө чекитти жандандыруу модели колдонулат. Түстүү мониторлор текстти жана графикти түстүү кылып көрсөтөт. Мониторда бир учурда көрсөтүлө турган түстөрдүн саны тактада орнотулган видео адептердин эсинин көлөмүнө жараша болот.

**Аспаптоп** (*панель инструментов*) – бул же тигил амалды аткаруучу асапаптык каражатты кыймылга келтирүүчү баскычтар тобу. Ар бир панелге белгилүү бир типтеги аракеттерди аткаруучу аспаптар бириктирилет.

*14. Талаштуу кырдаал боюнча маектешкиле:*

Аялдар үчүн компьютерде көп олтуруу зыяндуу болуп эсептелет.

*Жок, азыр дүйнө жүзү компьютер менен иш жүргүзөт, аялдар да аны туура пайдаланууну үйрөнүп алуусу жетиштүү.*

## 4-тема: Компьютердин түзүлүшү жана иштөө механизми

**Лексика:** *Техникалык терминдерди бышыктоо.*

*Laptop* – портативный компьютер – портативдүү компьютер

*Externalspeaker* – звуковая колонка – үн чоңойтуучу колонка

*Harddiskdrive* – накопитель на жестком диске – катуу дисктеги чогултуучу

*Database* – база данных – маалымат топтому

*Device* – устройство – түзүлүш

*Memory* – память – эстутум

*Software* – программное обеспечение-программалык камсыздоо

*Speed* – скорость – ылдамдык

*Power* – мощность – кубаттуулук

*Userinterface* – интерфейс пользователя – колдонуучунун интерфейси

***Текстке чейинки тапшырмалар:***

**1. Чакан, интерфейс, катуу диск** деген сөздөрдүн маанилерин сөздүк менен түшүндүргүлө:

2. *Маалымат топтому, кубаттуулук,ылдамдык, эстутум, түзүлүш* деген сөздөргө сүйлөм түзгүлө:

*3. Компьютердин тетиктерине берилген аныктамаларга кашаага алынган сөздөрдүн бирин тандап толуктагыла:*

• **Энелик плата –** бул көп катмарлуу жогорку технология менен даярдалган атайын плата. Анда негизги микропроцессор менен бирге кошумча бардык микросхемалар жана байланыш шиналары, электр схемалары ... (*иштейт, орун алган, жайгашкан*).

• **Драйвер** – бул компьютердин ар бир тетигине жазылган ... (*электрондук тутум, атайын программа*). Мындай программасы жок компьютерге уланган тетиктер иштебейт же туура эмес иштешет.

• **Процессор** – бардык маалыматтарды ... (*берип туруучу, иштеп чыгуучу*) эки тутумдан турган (арифметикалык-логикалык тутум жана башкаруу блогу) абдан ири интегралдык схема. Ал – кремний кристалына орнотулган жарым өткөргүчтөрдүн электрдик схемалары.

• **Тактык жыштык** – бул бир секундада микропроцессор канча операция аткара алат дегенди ... (*көрсөтөт, билдирет*).

• **Көрмө карта –** көрмө маалыматтарды кайра иштеп чыгуу процессине .... (*жооп берет, таасир этет*) жана өзүнүн эс тутум бөлүгү, желдетүүчү тетиги болот.

• **Үн картасы** – компьютердин үнүн чыгарат. Азыркы компьютерлерде үн картасы энелик платада .... (*чогултулган, жайгашкан*) аспаптык кодек болуп саналат.

• **Желе платасы** – компьютердин желедеги иши, башка тетиктер менен өз ара аракеттенип ... (*жемиштүү, натыйжалуу*) иштеши үчүн жооптуу деп эсептелинет.

• **Катуу диск** – магниттик жазуу принцибине негизделген, маалыматтарды .... (*топтоочу түзүлүш,сактоочу түзүлүш*). Ал компьютерлердеги негизги маалыматтарды топтоочу тетик катары баалуу болуп саналат.

*4. Берилген сүйлөмдөрдү окуп чыккыла. Компьютердин эс тутумуна берилген аныктамаларга өз кошумчаңарды киргизгиле:*

**Компьютердин эстутуму** өз ара үчкө бөлүнөт. Алар: дайыма сакталуучу эстутум, оперативдүү эстутум жана кэштик эстутум. Дайыма сакталуучу эстутум жогорку технологиянын жардамы аркылуу түзүлгөн. Ал микросхемадагы программанын жардамы аркылуу компьютердин тетиктерин ишке киргизип, кирүү-чыгуу базаларынын иш-аракетин жүргүзөт.

Оперативдүү эстутум – компьютер иштеп турган учурда маалыматтарды убактылуу жыйнап жана сактап турат. Компьютер өчкөнгө чейин алар катуу дискиге көчүрүлбөсө, маалыматтар жок болуп кетет. Аларды кайра калыбына келтирүү мүмкүн болбой калат.

Кэштик эстутум – жогорку ылдамдыктагы маалыматтарды сактоону тез аткарган жана сакталып турган кошумча эс болуп саналат.

***Текст менен иштөө:***

*Тексттеги жалпы аталыштагы зат атоочторду белгилегиле жана аларды уңгу, мүчөгө ажыраткыла:*

**Жеке компьютер**

Азыркы мезгилде «компьютер» термини коомдук жашоодо ар тараптуу жана кеңири колдонулган түшүнүк болуп калды. Ал англис тилинен которгондо «электрондук эсептөөчү машина» дегенди билдирет. ЭЭМдин көлөмү жана түзүлүшү боюнча көптөгөн түрлөрү кездешет. Бирок адамдардын ишмердүүлүгүндө эң ыңгайлуусу – жеке компьютер (ЖК) болуп калды. ЖКдин моделдери ар кандай болгону менен алардын түзүлүшүндө жалпылыктар арбын. ЖКдин негизги тетиги – тутумдук биримдик. Ал тутумдук биримдикте жогорку технология менен даярдалган электрондук схема – микропроцессор жайгашкан. Бул татаал электрондук түзүлүш персоналдык компьютердин «башкаруу пульту» болуп саналат. Анын ичинде электр тогун берүүчү блок, диско же флэшко көргүчтөр жана сырт-

кы түзүлүштөрдүн көргүчтөрү жайгашкан. Тутумдук биримдиктин иши ички желдеткич менен жабдылат. ЖКдин сырткы түзүлүшүнө клавиатура, монитор жана чычкан кирет. Кошумча иш-аракеттерди аткаруу үчүн жеке компьютерге: *принтер, сканер* жана *модем* туташтырылат.

*Берилген суроолорго жооп бергиле:*

• Компьютер дегенге кандай аныктама бересиң?

• Компьютердин адам коомундагы негизги максаты эмнеде?

• Компьютер кандай негизги жабдыктардан турат?

• Электрондук татаал тутумдун негизги тетиги кайсы?

• Кошумча иш-аракеттерди аткаруу үчүн ЖКге дагы эмнелер туташтырылат?

*5. Сүйлөмдөрдү толуктап жазгыла:*

• Компьютерди үйрөнүү үчүн ... билүү зарыл.

• ЖК моделдери ар кандай, бирок алардын түзүлүшүндө ... арбын.

• Ал тутумдук биримдикте жогорку технология менен даярдалган электрондук схема – ... жайгашкан.

• Тутумдук биримдиктин иши ички ... менен жабдылат.

• ЖКнын ... түзүлүшүнө *клавиатура, монитор* жана *чычкан* кирет.

*6. Сүйлөмдөрдү толуктап, кырдаал боюнча тактап жазгыла:*

Энелик плата эң баалуу тетик, анткени ... (*анда көптөгөн микросхемалар жайгашкан*). Драйверсиз компьютер иштебейт, себеби ... (*ал ар бир тетикке иш программасын киргизет*). Компьютер алганда, анын тактык жыштыгын көрсөткөн сандарды караш керек, себеби ... (*ал компьютер бир секундада канча операция аткара ала тургандыгын көрсөтөт*). Компьютердеги эстутумдардын бардыгы

маанилүү, себеби ... (*алардын бирдиктүү иш-аракети гана жакшы жыйынтыкка алып келет*).

*7. Суроолордун туура жоопторун таап жооп бергиле:*

«Компьютер» деген сөз англис тилинен которгондо кайсы маанини берет? *(тетик, баалуу темир, электрондук эсептөөчү машина)*.

Ал тутумдук биримдикте жогорку технология менен даярдалган кайсы тетик орун алган? (*желдеткич, микропроцессор, катуу диск*).

Тутумдук биримдиктин иши эмне менен жабдылат? (*күзгү, суу, желдеткич*).

Компьютердин эс тутуму канчага бөлүнөт? *(бешке, үчкө, онго)*.

Компьютер сырткы түзүлүштөрү жок иштей алабы? *(жок, ооба, жарым кубаттуулукта)*.

*8. Диалогду окугула жана өз билимиңер менен толуктагыла:*

– Азыркы учурда жеке компьютерлер кандай өзгөрүүлөргө учурап жатат?

– ЖК көлөмү кичирейип, ал улам жигердүү жана бардык шарттарда иштей турган акылдуу жардамчыга айланып бара жатат. Мисалы: блокноттук компьютерлер **(планшеттер)** жана **чөнтөк компьютерлер, телефон компьютерлерин** атасак болот.

– Алардын эң кеңири колдонулуп жатканы кайсы?

– Иште жана үйдө ЖК керек болгон бизнес чөйрөсү азыркы учурда блокноттук компьютерлерди кеңири колдонуп жатышат.

– Анын түзүлүшү кандай?

– Акыркы моделдеги блокноттук компьютерлердин мониторлору SVGA же XGA менен жабдылган, алардын материалдары жука плёнкалуу транзисторлорго негизделген. Intel Mobile корпорациясынын өзгөчөлүгү боюнча Power

Guidelines - 9913,3 дюймдагы экран 24 биттеги түс менен 1024/ 768 пикселди камсыздайт.

– Алардын процессорлору да абдан кубаттуу болсо керек?

– Ооба, алардын процессорлору кубаттуу Intel Pentium Geleron менен жабдылып, ыкчам эс тутумунун көлөмү 32...512 Мбайт болсо, катуу диск 4 Гбайттагы маалыматтарды сактай алат.

– Мындай техника кадимки чычкан менен эле башкарылабы?

– Жок, азыркы учурда чычкан же трекбол өткөн учур болуп калды. Блокноттук компьютерлер же ноутбуктун ар кандай түрлөрү сенсордук панель менен жабдылган. Бул түзүлүштү **«ластик»** деп да аташат.

– Рахмат, маегиң абдан кызыктуу болду. Блокноттук компьютерлер алып иштесемби деген адамдар көп нерселерди билип алышты.

*9. Компьютердин аспаптык бөлүктөрү менен эмне иш жасала тургандыгын дагы бир жолу тактагыла жана сүйлөмдөрдү көчүрүп жазгыла:*

Асан **мониторду** (*тексттик жана графикалык маалыматтарды чагылдыруучу түзүлүш)* ________________. Компьютердин аспаптык бөлүктөрүнөн **тутумдук биримдик** (*компьютердин негизги иш тетиктери чогултулган кутуча*) эң маанилүү _________. Айдай **клавиатура** (*компьютерге символдорду киргизүүчү түзүлүш*) менен тез иштегенди _____. Кийинки убактарда компьютерге дагы бир түзүлүш **«чычкан»** (*компьютердеги иш жүргүзүү процессин жөнгө салуучу тетик*) ______. **Интерфейс** (*тутумга стандарт менен кошуу)* компьютердин иштөө мүмкүнчүлүгүн жана кубаттуулугун _____________ .

*Пайдаланылуучу сөздөр:* ***бөлүгү, күйгүздү, үйрөндү, киргизилди, жогорулатат.***

***Тексттен кийинки тапшырмалар***

*10. Макалдарды жазгыла, маанисин чечмелеп бергиле жана орус тилиндеги маанилеш макалдардан мисал келтиргиле:*

**1. Баш акыл үчүн, акылман эл үчүн.**

**2. Баскандан эринген, бир кезекте жүгүрөөр.**

**3. Бассаң бутуңа, сүйлөсөң тилиңе сак бол.**

**4. Иштин башталганына эмес, бүткөнүнө мактан.**

***Макалдарды окуп, маанисин салыштыргыла:***

5. Акмак достон акылдуу душман артык. *Умный враг лучше глупого друга; услужливый дурак опаснее врага.*

6. Акылдуу ката кетирсе өзүн жемелейт, акмак ката кетирсе жолдошун жемелейт. *Если умный допустит ошибку, себя упрекает; если глупый допустит ошибку, спутника своего упрекает.*

*11. Сүйлөмдөрдү окуп чыккыла, которгула жана кызыктуу башка маалыматтар менен толуктагыла:*

Компьютер Coleco Adam (1983) можно запустить только подключив к нему принтер. Причина в том, что принтер используется в качестве блока питания для компьютера.

Первый в мире компьютерный вирус вышел в 1982 году и предназначался для поражения систем от Apple.

**12. «Компьютер»** деген аныктамага **кластер** жана **синквейн** түзгүлө:

**13. «Компьютерлер – биздин эң жакын жардамчыбыз»** деген темада эссе жазып келгиле:

**14.** *Терминдерди жазып алгыла:*

**Компьютер** – өзүнүн эсинде сактаган буйруктардын башкаруусу менен иштеп, берилиштер үстүнөн арифметикалык жана логикалык амалдарды аткаруу менен жыйын-

тык алуучу электрондук татаал түзүлүш. Алынган жыйынтыктарды кийин колдонуу үчүн сактап турат.

**Буфер** – жаңы эле киргизилген жана чыгаргыч түзүлүшкө жиберүүнү күтүп турган берилиштер буфер деп аталган эстин бөлүгүндө сакталат. Иштетүү тутуму эстин конкреттүү бөлүгүн буферге бекитип коёт жана анда сакталган маалыматтарды башкарып турат.

## 5-тема: Компьютердин иштөө тутуму

**Лексика:** *Техникалык терминдерди бышыктоо*

*Access* – доступ – пайдалануу мүмкүнчүлүгү

*Graphicaluserinterface* – графический интерфейс пользователя пайдалануучунун графикалык интерфейси

*Launch* – запуск – жүргүзүү

*Tools* – инструменты – аспаптар

*Icons* – значки – белгилер

*Nested folders* – вложенные папки – түзүлгөн папкалар

*Connect* – связь – байланыш

*Menubar* – строка меню – меню топтому

*Dialogbox* – диалоговое окно – байланышуу терезеси

*Network* – сеть – желе

*Tasks* – задачи – тапшырмалар

*Installation* – установка – орнотуу

*Applicationsoftware* – применение программного обеспечения –программалык камсыздоону пайдалануу

*Operatingsystem* – операционная система – иштөө тутуму

***Текстке чейинки тапшырмалар:***

*1. Техникалык терминдерди берилген аныктамалары менен эстеп калгыла:*

**Кирүү-чыгуу порттору** – компьютердин арткы тарабында же капталында жайгашат. Аларга компьютерди прин-

тер, камера жана сканер менен байланыштыруучу атайын кабелдер туташтырылат. Кирүү-чыгуу портторунун USB – маалыматтарды орто жана төмөнкү ылдамдыктагы сырткы түзүлүштөргө берүүчү удаалаш интерфейс, Serial – удаалаш, Parallel – жанаша, Network – желелик, FireWire – жогорку ылдамдыктагы удаалаш локалдык шина болуп саналат.

*2. Бир уңгулуу сөздөрдүн маанилерин айырмалагыла жана аларды сөз түркүмдөрү боюнча ажыратып түшүндүргүлө:*

**Пайда** – пайдалан, пайдалануу, пайдалануучу.

**Орно** – орнот, орнотуу, орнотуучу, орнотуучулар.

**Түз –** түзгөн, түзүүчү, түзүүчүлөр.

**Байла –** байланыш, байланыштыруу, байланышчылар.

**Тапшыр –** тапшырма, тапшыруу, тапшырган.

*3. Төмөнкү синоним сөздөрдү жана сөз айкаштарын эстеп калгыла жана алардын орусча котормосун тапкыла:*

Мүмкүнчүлүк – шарт, жагдай; шаймандар – аспаптар, жабдыктар; байланыш – катыш, саптары – сызыктары, графикалык сызгыч – сүрөт тарткыч; дүйнөлүк тармак – дүйнөлүк желе; жадыбал – таблица; купуя ысым – псевдоним; жашыруун сөз – пароль; жолчо тармак – жолчо түзүлүштүү тармак (шинная сеть).

*4. Берилген сөз айкаштары менен сүйлөм түзгүлө:*

Программалар жыйындысын, графикалык тутум, туура келгендей, эс мейкиндиги, орнотсо болот, дискеттерге, флэшкарталарга, жаңылайт, жумушчу столу, пайдалануучунун интерфейси, байланыш каражатын.

**5. Маектешүү:** *Диалогду жубуңар менен окугула жана которгула:*

– Ар бир компьютердин пайдалануу мүмкүнчүлүгү бирдей болобу?

– Жок, компьютердин пайдалануу мүмкүнчүлүгү ар кандай болот.

– Компьютердин байланышуу терезесинде эмнелер жайгаштырылат?

– Компьютердин байланышуу терезесинде меню жайгаштырылат жана ар кандай жумушчу папкалар, файлдар турат.

– Программалык камсыздоону пайдалануу кайсы учурда натыйжалуу болот?

– Эгерде программалык камсыздоонун эң алдыңкы жана коопсуз үлгүсү коюлса натыйжалуу болот.

– Компьютердин кирүү-чыгуу порттору деген эмне?

– Алар компьютерди принтер, камера жана сканер менен байланыштыруучу тетиктер болуп саналат. Бул тетиктерди атайын чубалгылар аркылуу туташтырышат.

– Компьютерди орнотуу жана иштөө тутумун ишке киргизүү татаалбы?

– Чыныгы адис үчүн татаал эмес.

– Компьютердин иштөөсү кайсы учурда коопсуз жана узак болот?

– Эгерде компьютерди мыкты адис орнотсо жана натыйжалуу программалар менен камсыздаса кардар үчүн жакшы болот.

*Диалогду улантып,суроолорго жооп бергиле, толуктагыла:*

– Ар бир компьютердин пайдалануу мүмкүнчүлүгү бирдей болобу?

______________________________________________

– Компьютердин байланышуу терезесинде эмнелер жайгаштырылат?

______________________________________________

– Программалык камсыздоону натыйжалуу пайдаланууга болобу?

___________________________________________

– Компьютердин кирүү-чыгуу порттору деген эмне?

___________________________________________

– Компьютердин иштөөсү кайсы учурда коопсуз жана узак болот?

___________________________________________

***Текст менен иштөө:***

*Тексттен зат атоочтордун жөндөмө мүчөлөрүн аныктагыла*:

**Компьютердин иштөө тутуму**

Компьютердин иштөө тутуму – деп компьютердин иштөөсүн, колдонуучу программаларды, файлдарды жана анын ресурстарын жөнгө салып туруучу программалар жыйындысын айтабыз.

Windows – бул ЖК (жеке компьютер) үчүн графикалык тутум болуп саналат. Компьютердин тетиктерин өндүрүүчүлөр аларды Windows иштөө тутумуна туура келгендей кылып чыгарууга умтулушат. Бул иштөө тутумун компьютердин катуу дискине орнотууда 100дөн 4000 Мбайтка чейинки эс мейкиндиги талап кылынат. Эгерде компьютерде CD-ROM окуу түзүлүшү болсо, анда компакт-дискти ага салып, иштөө тутумун ага орнотсо болот. Азыркы учурда Windows флэшкарталарга Интернеттен көчүрүп алышат. Эгерде компьютерде эски маалыматтар болсо, дискеттерге, флэшкарталарга көчүрүп алуу керек. Ал эми компьютерге Windows биринчи жолу орнотулуп жаткан болсо, эч кандай коопсуздук чаралары талап кылынбайт. Орнотуучу Setup программасы Windows иш тутумунун файлдарын жана түзүлүшүн жаңылайт. Иштөө тутумун орнотуу ийгиликтүү аяктаса, монитордо жумушчу столу пайда болуп бир нече белгилер чыгат. Алар иштөө тутуму менен программа ортосундагы байланыш каражатын аткарат.

**Суроолорго жооп бергиле:**

Компьютердин иштөө тутуму деп эмнени айтабыз?

Эмне үчүн компьютер өндүрүүчүлөр тетиктерин Windows иштөө тутумуна туура келгендей кылып чыгарууга умтулушат?

Windows тутумун орнотуу үчүн канча Мбайтка чейинки эс мейкиндиги талап кылынат?

Иш учурунда кандай кырдаалдар пайда болушу мүмкүн?

Монитордо жумушчу столу жана белгилер кайсы учурда пайда болот?

**6. Сүйлөмдөрдү тексттин мазмунуна карата толуктагыла:**

- Компьютердин иштөө тутуму деп компьютердин ................ жөнгө салып туруучу программалар жыйындысын айтабыз.
- Компьютердин тетиктерин өндүрүүчүлөр аларды Windows иштөө тутумуна ...................... чыгарууга умтулушат.
- Бул иштөө тутумун компьютердин катуу дискине орнотууда .............. чейинки эс мейкиндиги талап кылынат.
- Компьютерде эски маалыматтар болсо, ................ көчүрүп алуу керек.
- Орнотуучу Setup программасы Windows иш тутумунун ........... жаңылайт.
- Иштөө тутумун орнотуу ийгиликтүү аяктаса, монитордо жумушчу столу пайда болуп .................... чыгат.
- Алар иштөө тутуму менен программа ортосундагы ................. аткарат.

*7. Туура жоопторду тандап жазгыла:*

Кирүү-чыгуу порттору компьютердин кайсы тарабында жайгашат? (*ичинде, үстүндө, капталында*). Компьютер-

дин иштөө тутуму деген эмне? (*программалар жыйындысы, тетиктер топтому, жумушчу баскыч*). Windows иштөө тутумун орнотууда канча Мбайтка чейинки эс мейкиндиги талап кылынат? (*17, 200, 1000*). Иштөө тутуму кандай иш аткарат? (*кубат берет, сүрөт тартат, интерфейсти уюштурат*). Иштөө тутумун орнотуу ийгиликтүү аяктаса мониторддо эмнелер чыгат? (*карталар, видеофильмдер, белгилер*).

*8. Берилген сүйлөмдөр түшүндүргөн аныктамаларды таап койгула:*

Компьютердин иштөөсүн, колдонуучу программаларды, файлдарды жана анын ресурстарын жөнгө салып туруучу программалар жыйындысын ........... айтабыз. .............. ЖК үчүн графикалык тутум болуп саналат. .............. -компьютердин арткы тарабында же капталында жайгашат. Текстик жана графикалык маалыматтарды чагылдыруучу түзүлүш - ................................ . Компьютердин негизги иш тетиктери чогултулган кутуча - .................. . Компьютерге белгилерди киргизүүчү түзүлүш - ........................... . Компьютердеги иш жүргүзүү процессин жөнгө салуучу тетик - .................. .

***Тексттен кийинки тапшырмалар***

**9. Windows** тутумун орнотуу үчүн **канча тепкичтен турган иш-аракеттерди** жасоо керек? Аларды кадам катары ирети менен жазып чыккыла.

**10.** *Компьютерди орнотуудагы кырдаалдын бирин элестеткиле жана аларды чечүү үчүн өз сунушуңарды киргизгиле:*

Компьютердин иштөө тутумун орнотууда кандай татаалдыктар пайда болушу мүмкүн? Аларды кандай ыкмаларды пайдалануу менен чечсе болот?

**11. Макалдарды жазгыла, маанисин чечмелеп бергиле:**

Башты асыраган – эки кол. Башың жетсе да булутка, өз тилиңди унутпа.

Башыңды кылыч кессе да туура сүйлө. Бекер жүргүчө бекер иште. Бекерчиден безе кач, өнөрлүүгө өтө кач.

*Макалдарды окуп, маанисин салыштыргыла:*

Байкабай туруп баспа, билбей туруп айтпа. *Не посмотрев – не ступай, не узнав – не спеши.* Байлык – мурат эмес, жоктук уят эмес. *Богатство – не цель, бедность – не позор.* Бекердин чолосу жок, устанын тогосу жок. *У бездельника досуга нет, у кузнеца кольца нет.* Билек жирей албаганды билим жирейт. *То, чего не может разорвать рука, разрывает знание.*

*12. Терминди жазып алгыла:*

**Компьютердин иштөө тутуму *(операционная система)*** – компьютер тутумунун аппараттык ресурстарын башкарууну жана программалык процесстердин аппаратура, колдонуучулар менен болгон иш-аракеттерин камсыз кылган программалар тобу. Ал эсти, киргизүү-чыгарууну, файлдык тутумду, процесстердин өз ара аракеттерин башкарат. Компьютер тутуму менен колдонуучунун ортосунда интерфейсти уюштурат.

**13. Талаштуу кырдаал боюнча маектешкиле:**

*Компьютерди орнотуучу адис кесиптик билим алса жетиштүү.*

Жок, иш билги жана натыйжалуу адис болуу үчүн көбүрөөк иштөө керек жана билимин тынымсыз толуктап турушу зарыл.

## 6-тема: Компьютердин иштөө өндүрүмдүүлүгү

**Лексика.** *Техникалык терминдерди бышыктоо*:

*Print* – печатать – басып чыгаруу
*Copy* – копировать – көбөйтүү
*Click* – нажимать – басуу
*Move* – переместить, передвигать – жылдыруу
*Speed* – скорость – ылдамдык
*Power* – мощность – кубаттуулук
*Efficiency* – эффективность – натыйжалуулук
*Versatility* – многосторонность – ар тараптуулук
*Hacker* – хакер
*Wire* – провод – өткөргүч
*Circuits* – схемы – түзмөктөр
*Lineofcode* – строка кода – купуялуулук саптары
*Change* – изменять – өзгөртүү
*Perform* – выполнять – аткаруу
*Form* – формировать – калыптандыруу

Текстке чейинки тапшырмалар

*1. Жогоруда берилген сөздөрдүн ичинен компьютердин иштөө өндүрүмдүүлүгүнө кайсы сөздөр байланыштуу экендигин аныктагыла.*

**2. Натыйжалуулук** деген сөздү уңгу, мүчөгө жана сөз түркүмдөрү боюнча ажыраткыла. Алардын ар бирине 2ден сүйлөм түзгүлө. Бул синоним сөздүн антонимин тапкыла.

3. Төмөнкү сөздөрдүн, сөз айкаштарынын маанисин сөздүк боюнча түшүндүргүлө:

- процессордун иштөө ылдамдыгы (CPU)
- оперативдүү эстутумдун көлөмү (RAM)
- көрмө картанын эстутумунун көлөмү
- бир убакта иштеген кошумча барактардын саны
- компьютердин иштөө сапаты
- тактык жыштык
- катуу дискинин көлөмү
- мега жана гигабайттар
- көрмө картанын эси
- компьютерге аяр мамиле жасоо

***Текст менен иштөө***

*Тексттеги зат атоочтордон таандык мүчөлөрдү бөлүп көрсөткүлө:*

**Компьютердин иштөө өндүрүмдүүлүгү**

Компьютердин иштөө өндүрүмдүүлүгү төмөнкүдөй төрт шартка байланыштуу болот:

1. процессордун иштөө ылдамдыгы - CPU
2. оперативдүү эс тутумдун көлөмү RAM
3. көрмө картанын эс тутумунун көлөмү
4. бир убакта иштеген кошумча барактардын саны

Бул шарттардын бардыгы биригип келип компьютердин иштөө сапатын көрсөтөт. Процессордун иштөө ылдамдыгы – CPU же тактык жыштык менен өлчөнөт. **Тактык жыштык (***частота обновления)* – бул бир секундада микропроцессор канча операция аткара алат дегенди билдирет. Ал канчалык жогору болсо компьютер ошончолук тезирээк иштей алат. Тактык жыштык мегагерц менен берилет, ал канчалык жогору болсо, процессордун ылдамдыгы ошончолук жогорулайт. Алгачкы компьютер 4.77 мегагерц менен иштесе, азыркы компьютер 4000 мегагерц менен иштей алат.

Катуу дисктин көлөмү да ылдамдык бирдиктери менен өлчөнөт. Дисктин ишке киришүү убактысы канчалык тез болсо, анын кубаттуулугу ошончолук жогору деп бааланат. Бул убакыт мега жана гигабайттар менен эсептелинет.

Ал эми компьютердин эстутуму өз ара үчкө бөлүнө тургандыгын билебиз. Алар: дайыма сакталуучу эстутум, оперативдүү эс жана кэштик эс тутум болуп саналат. Аталган эстутумдардын ар биринин өзүнө мүнөздүү өзгөчөлүктөрү бар. Алардын ичинен айрыкча оперативдүү эстин көлөмү жогору болушу зарыл. Монитордо пайда болгон графикалык сүрөттөрдүн сапаты көрмө картанын эстутумун мүнөздөп турат.

Демек, компьютердин иштөө сапатына процессордун иштөө ылдамдыгы, оперативдүү эстутумдун жана көрмө картанын эс көлөмү зор таасир берет. Пайдалануучунун компьютерди ашыкча маалыматтардан, мителерден сактап, аяр мамиле жасоосу зарыл. Алар компьютердин узакка иштешинин негизги шарты болуп саналат.

*Төмөнкү суроолорго жооп бергиле:*

• Компьютердин иштөө өндүрүмдүүлүгү кайсы шарттарга байланыштуу болот?

• Тактык жыштык менен эмне өлчөнөт?

• Катуу дисктин кубаттуулугу кандайча бааланат?

• Компьютердин эстутуму канчага бөлүнөт жана алардын өзгөчөлүктөрү кандай?

• Компьютердин натыйжалуу иштешине дагы кайсы шарттар таасир берет?

5. Сүйлөмдөрдү толуктап жазгыла.

Бул шарттардын бардыгы биригип келип компьютердин ......... көрсөтөт. ........ – бул бир секундада микропроцессор канча операция аткара алат дегенди билдирет. Алгачкы компьютер ........ менен иштесе, азыркы компьютер ..... менен иштей алат. Бул убакыт ....... менен эсептелет.

Аталган эс тутумдардын ар биринин өзүнө мүнөздүү өзгөчөлүктөрү бар жана алардын ичинен айрыкча ...... көлөмү жогору болушу зарыл.

Монитордо пайда болгон графикалык сүрөттөрдүн формалары, түсү жана алардын берилиш ылдамдыгы менен сапаты ......... мүнөздөп турат.

Анткени компьютердин иштөө өндүрүмдүүлүгү, адамдарга узак убакыт кызмат көрсөтүүсү ...... байланыштуу болот.

*6. Берилген варианттардан туура жоопторду тандап жазгыла:*

Компьютердин иштөө өндүрүмдүүлүгү (*1,4 аталган шарттар биригип)* шарттарга байланыштуу болот. Тактык жыштык канчалык (*аз болсо, жогору болсо, төмөн болсо)* компьютер ошончолук тезирээк иштейт. Азыркы компьютер (*1000, 4000, 7000*) мегагерц менен иштей алат. Катуу дисктеги бош орундар канчалык (*көбүрөөк, жышыраак, азыраак*) болсо, компьютердин иштеши жайыраак боло баштайт. Көрмө картанын эс тутумунун (*көлөмү, түсү, формасы*) да компьютердин натыйжалуу иштешине зор таасирин тийгизет. Пайдалануучунун компьютерди ашыкча (*жарыктан, ызы-чуудан, мителерден*) сактап аяр мамиле жасоосу да компьютердин узак иштешинин негизги шарты болуп саналат.

*7. Сунушталган кырдаалдардын себептерин аныктап, сүйлөмдөрдү уланткыла:*

Компьтердин эстутумунда маалыматтар азыраак сакталып калат, себеби ......... . Тактык жыштык мегагерц менен берилет, ал канчалык жогору болсо, ........ . Дисктин ишке киришүү убактысы канчалык тез болсо, ............ .

Аталган эстутумдардын ичинен айрыкча оперативдүү эстин көлөмү жогору болушу зарыл, анткени .......... . Көрмө картанын эстутумунун көлөмү жогору болсо ........ .

*8. Берилген аныктамаларды далилдөөчү фактыларды тексттен тапкыла:*

- Бул шарттардын бардыгы биригип келип компьютердин иштөө сапатын көрсөтөт.
- Катуу дисктин көлөмү да ылдамдык бирдиктери менен өлчөнөт.
- Компьютердин эстутуму өз ара үчкө бөлүнө тургандыгын билебиз.
- Монитордо пайда болгон графикалык сүрөттөрдүн сапаты көрмө картанын эстутумун мүнөздөп турат.

• Анткени компьютердин иштөө өндүрүмдүүлүгү адамдарга байланыштуу болот.

*9. Маекти өз билимиңер менен толуктагыла:*

– Сен кайсы атактуу программисттерди билесиң?

– Атактуу жана бай программисттер көп, бирок алардын арасынан мен **Линус Торвальдсты** айрыкча сыйлаймын.

– Ал мындай сый-урматка кандайча жетишкен?

– Линус Торвальдс Linux иштөө тутумун иштеп чыккан жана Git репозиториясын түзгөн.

– Бул иш тутуму кандайча пайда болгон?

– Линус Торвальдс интернеттеги эркин тетиктерди пайдалануу аркылуу Linux иштөө тутумун түзүп чыккан, алардын арасынан QCC компилятору абдан маанилүү ачылыш болгон.

– Ал бул тутумдун тез таркалышына кантип жетишкен?

– Linux автору башка иштеп чыгуучуларды кызматташууга чакырган. Иш тутумунун акыркы коду ачык болгон. Ошондуктан акысыз жана эркин пайдалануучулар бул тутумга өз ойлорун, кошумчаларын киргизип турушкан.

– Демек, ал жамааттык иш болуп, бир нече адамдардын чыгармачылыгын бириктирген экен да.

– Бирок автордук Линус Торвальдска тиешелүү жана ал азыркы учурга чейин толукталып турган тутум болуп калды.

– Абдан кызыктуу маек болду. Сага чоң рахмат.

***Тексттен кийинки тапшырмалар:***

***10. Макалдарды жазгыла, маанисин түшүндүргүлө:***

Жакшыны көргөн, жаманды бөлгөн – бул акылмандык. Жакшы отко салса ойноп турат, күлгө салса күлүп турат. Жакшынын шарапаты, жамандын кесепети тиет.

***Макалдарды окугула, маанисин салыштыргыла:***

Жаман адам өз камы үчүн күйүнөт, жакшы адам эл камы үчүн жүгүрөт. *Дурной человек заботится о своих нуждах, хороший человек заботится о нуждах общественных.* Жаманга сый көрсөтпө, уйга суу көрсөтпө. *Плохому не оказывай почёта, корове не показывай воду.* Жашында жигит октолот, жашаганда токтолот. *В молодости парень прыгает, а поживёт остепенится.*

*11. Компьютердин натыйжалуу иштешине байланыштуу шарттарды маанисине жараша* ***ранг менен бөлүштүргүлө:***

• Дисктин ишке киришүү убактысы канчалык тез болсо, анын кубаттуулугу ошончолук жогору деп бааланат.

• Тактык жыштык мегагерц менен берилет, ал канчалык жогору болсо, процессордун ылдамдыгы ошончолук жогорулайт.

• Компьютердин эстутумдарынын ар биринин өзүнө мүнөздүү өзгөчөлүктөрү бар. Алардын ичинен айрыкча оперативдүү эстин көлөмү жогору болушу зарыл.

• Көрмө картанын эстутумунун көлөмү да компьютердин натыйжалуу иштешине зор таасирин тийгизет.

• Компьютердин иштөө өндүрүмдүүлүгү, узак убакыт кызмат көрсөтүүсү адамдарга байланыштуу болот.

***12. Талда, такта, колдон:***

• Азыркы учурда компьютердин иш өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу үчүн кайсы компаниялар, кандай технологияларды иштеп чыгышууда?

• Сен кандай сунуштарды берет элең?

• Сенин компьютериңдин өндүрүмдүүлүгү кандай деңгээлде деп баалайсың?

• Сапаттуу иштеген компьютерди кандайча тандап алуу керек?

*13. Терминди жазып алгыла:*

**Эсти башкаруу** (*управление памятью*) – иштетүү учурунда эстин айрым бөлүгү же иштетүү тутумунун резиденттик бөлүгү колдонмо программалардын көрсөтмөлөрүн жана иштетилүүчү берилиштерди сактоо үчүн пайдаланылат. Эстин башка бөлүгү эсептөө, топтоштуруу жана алардан алынган жыйынтыктарды убактылуу сактоо үчүн колдонулат.

***14. «Менин компьютеримдин иштөө өндүрүмдүүлүгү»*** деген темада эссе жазгыла

## 7-тема: Маалыматтарды пайдалануу режиминде сактоо

**Лексика:** *Берилген сөз айкаштарын аныктамалары менен эстеп калгыла:*

**Локалдык түйүн (*LAN*)** – пайдалануучулардын үйдүн же кеңсенин шартында маалымат технологияларын биргелешип пайдалануу максаты менен бир түйүнгө биригүүсү. Алар өз ара керектүү маалыматтар менен алмашып турушат. Мындай түйүндөр кесиптик багыттагы адамдарды байланыштырып, жабык формада болот.

**Чубалгысыз локалдык түйүн (*WLAN*)** – ал байланыштын чубалгысыз технологияларын пайдалануу менен орнотулат. Мындай түйүн компьютерди чубалгысыз туташтыруу үчүн пайдаланылат.

**Корпоративдик түйүн** – бир нече түйүндөрдүн биримдиги. Алардын ар бири ар түрдүү техникалык, программалык жана маалыматтык принциптер менен биригиши мүмкүн.

***Текстке чейинки тапшырмалар***

1. Төмөнкү сөздөрдүн жана сөз айкаштарынын маанисин түшүндүргүлө:

- Сырткы алып жүрүүчү
- орун үнөмдөлөт
- маалыматты сактоонун түзүлүштөрү
- тез ылдамдыктын мезгилинде
- провайдерлердин
- серверлер
- көчүрмөсүн жасап берет
- интернетке туташкан
- эң кичине мейкиндик
- түйүндүк дисктен

*2. Берилген сөздөрдүн синонимдери менен жазгыла жана алардан 5 сүйлөм түзгүлө:*

Алып жүрүүчү – сактоочу, жооп берүүчү; үнөмдөлөт – сарамжалданат, сакталат; байкалбастан – көмүскөдө, билинбей; жасап берет – аткарып берет, бүтүрүп берет; туташкан – байланышкан, уланган;

*3. Жогоруда берилген сөз айкаштарын колдонуп, сүйлөмдөрдү толуктагыла.*

1) Маалыматтарды компьтердин өзүндө гана эмес .... сактоо зарылдыгы келип чыгат.

2) Анткени катуу дисктеги ...

3) ... тез ылдамдыктын мезгилинде адамдар бир жерден экинчи жерге которулуп иштеши мүмкүн.

4) Ушундай учурларга эсептелген ..... пайдалануучуларга атайын кызматы сунушталат.

5) Жогорку деңгээлде өнүккөн ..... сиздин керектүү иш кагаздарыңызды интернеттин «Элестеги дискте» сактап берет.

6) Мындай программалар ......, сиздин катуу дисктеги өзгөртүүлөрдү интернет серверлерге киргизип, анын .....

7) Бул ыкма менен жасалган дискти пайдалануучу ...... жеке компьютердин кайсынысынан болсо да, ачып иштей алат.

**Текст менен иштөө:**

*Тексттеги зат атоочторду, сын атоочторду талдагыла:*

**Маалыматтарды пайдалануу режиминде сактоо**

Маалыматтарды компьютердин өзүндө гана эмес сырткы алып жүрүүчүдө сактоо зарылдыгы келип чыгат. Анткени катуу дисктеги орун үнөмдөлөт жана техника бузулуп же уурдалып кеткен учурларда ишенимдүү сакталып турат. Маалыматтарды сактоонун ар кандай түзүлүштөрү бар. Алар: компакт диск, көрмө диск, флешка, эстутум картасы, ички катуу диск, сырткы катуу диск, түйүндүк диск жана маалыматтарды түз пайдалануу *(онлайн*) режиминде сактоо болуп саналат.

Азыркы тез ылдамдыктын мезгилинде адамдар бир жерден экинчи жерге которулуп иштеши мүмкүн. Аларга маалыматтарды тез жана толук көлөмдө пайдалануу зарыл. Ушундай учурларга эсептелген провайдерлердин пайдалануучуларга атайын кызматы сунушталат. Жогорку деңгээлде өнүккөн серверлер сиздин керектүү иш кагаздарыңызды интернеттин «Элестеги дискте» сактап берет. Мындай программалар байкалбастан иштеп, сиздин катуу дисктеги өзгөртүүлөрдү интернет серверлерге киргизип, анын көчүрмөсүн жасап берет. Бул ыкма менен жасалган дискти пайдалануучу интернетке туташкан жеке компьютердин кайсынысынан болсо да, ачып иштей алат. Интерфейстен керектүү файлдарды таап, үйдө же офисте олтургандай эле маалыматтарды эркин пайдаланууга мүмкүн болот. Эгерде бул кызмат акысыз болсо, маалымат сактоо үчүн эң кичине мейкиндик бөлүнөт. Ал эми провайдерлердин кызматы үчүн алдын ала бир айга же бир жылга төлөп койсоңуз бул мейкиндик көбүрөөк болот.

Көп компаниялар өз компьютерлерин бир локалдык түйүнгө бириктиришет. Түйүндүк дисктен (*сетевой драйвер*)

пайдалануу менен жалпы файлдар сакталган маалыматтар топтомунан пайдалануучулардын бардыгы колдонушат.

4. *Текстти орус тилине которгула жана кыскача план түзгүлө*

5. *Текст боюнча суроолорго жооп бергиле:*

• Эмне үчүн маалыматтарды компьютердин өзүндө гана эмес, сырткы алып жүрүүчүдө сактоо зарылдыгы келип чыкты?

• Маалыматтарды сактоонун кандай түзүлүштөрү бар?

• Кандай учурларга провайдерлер атайын кызматты сунушташат?

• Интернеттин «Элестеги дискте» маалыматты кантип сактап берет?

• Маалымат мейкиндигинин көлөмү эмнеге байланыштуу болот?

• Эмне үчүн компаниялар өз компьютерлерин бир локалдык түйүнгө бириктиришет?

• Сенин жеке тажрыйбаңда маалыматтар техника бузулуп же уурдалып, сакталбай калган учурлар болду беле?

• Интернеттин «Элестеги дискте» маалыматты сактап бере турган программаларына муктаж адамдар кимдер? Алар кандай режимде иштешет деп ойлойсуң?

6. *Учур, келер чактагы сүйлөмдөрдү өткөн чакка айландырып кайра түзгүлө.*

Компьютер коомдук турмуштун түрдүү тармактарында кеңири *пайдаланылып жатат*. Бул алардын ири байланыш тутумдарына биригүүсүнө *алып келет*. Мекемедеги кичинекей байланыш түйүндөрү бир кыйла ири түйүндөргө *бириктирилет*. Өз кезегинде алар эл аралык түйүндөргө – интернетке *кошулушат*. Мындай тутумдарды уюштуруу үчүн **сервер**, туташтыруу чубалгылары, модем, телефон чубалгылары *болушу керек*. Эң негизгиси аларды тейлөөчү программалык жабдуу *талап кылынат*. **Модем** – бул

компьютер менен телефон түйүнүнүн ортосундагы процесстерди жөнгө салуучу аспап *болуп саналат*. Интернетке кошулуу үчүн азыр майда толкундуу каналдар, радио жана спутник каналдары да *пайдаланылып жатат*.

*7. Сүйлөмдөрдү туура жооптор менен толуктагыла:*

Адамдарга маалыматтарды (*тез, ыкчам, туура*) пайдалануу зарыл.

Жогорку деңгээлде өнүккөн серверлер сиздин керектүү иш кагаздарыңызды (*сандыкта, банкта, Интернеттин «Элестеги дискте» )* сактап берет.

Маалыматтарды компьютердин өзүндө гана эмес (*сырткы алып жүрүүчүдө, кол баштыкта, суу астында )* сактоо зарылдыгы келип чыгат. Керектүү файлдарды (*картадан, телефондон, Интерфейстен*) таап, үйдө же кеңседе олтургандай эле маалыматтарды эркин пайдаланууга мүмкүн болот. Көп компаниялар өз компьютерлерин бир (*партияга, локалдык түйүнгө, компьютерди сүйүүчүлөр коомуна*) бириктиришет.

*8. Сүйлөмдөрдүн кайсы аталыштарга аныктама бергендигин таап жазгыла:*

Ар түрдүү техникалык, программалык жана маалыматтык принциптер менен биригишкен түйүн – .........

Мындай түйүн компьютерге чубалгысыз туташтыруу үчүн пайдаланылат – .....

Пайдалануучулардын маалымат технологияларын биргелешип пайдалануу максаты менен бир түйүнгө биригүүсү – ..........

Компьютер менен телефон түйүнүнүн ортосундагы процесстерди жөнгө салуучу аспап – ......

Бул схемалык тактада аудио жана видеону киргизүүчү процессор жайгашат –...... .

*9. Маекти окугула жана өз билимиңер менен толуктагыла:*

– Азыркы учурда ЖКди өзү менен алып жүрүү зарылдыгынан куткарган дагы башка түзүмдөр барбы?

– Ооба азыркы учурда Smartpone аппараттары жаңы мейкиндикти ачып жатат десек болот.

– CDMA колдоосу аркылуу сиз телефон аркылуу сүйлөшүү менен бирге, интернет менен иштеп өз иштериңизди бүтүрөсүз.

– Демек телефон жана компьютердин кызматы бир тутумга бириктирилген экен да?

– Ооба бул маалыматтын ыкчам агымы менен кетүүгө шарт түзөт.

– Бул пайдалануучулар, айрыкча ишкерлер үчүн эң ыңгайлуу болот экен.

***Тексттен кийинки тапшырмалар***

10. Локалдык жана корпоративдик түйүндөргө байланышкан ишканалардын жеке адамдардын мисалдарын келтиргиле. Алардын артыкчылыктарын жана кемчиликтерин аныктап Т-схемасын түзгүлө.

11. GAN, MAN, WAN, PAN – кандай түйүндөр экендигин аныктап жазгыла, аларды LAN менен салыштыргыла.

12. Берилген маалыматтардын негизинде өзүңдүн жеке компьютериңди жана анын иштөө процессин сүрөттөп эссе жазып келгиле.

***13. Макалдарды жазгыла жана алардын маанисин түшүндүргүлө:*** Аргымактын жакшысы азыраак оттоп, көп жуушайт. Азаматтын жакшысы азыраак сүйлөп, көп тыңшайт. Жакшылыкты досуңа кыл, досуңдан артса өзүңө кыл. Жакшынын сөзү каймак, жамандын сөзү токмок. Жакынын сыйлабаганды жат сыйлабайт.

***Макалдарды окугула, алардын маанисин салыштыргыла:***

Илим албай – мактанба, өнөрлүү болбой баптанба. *Не получив знаний не хвались, не став умельцем, не щеголяй.* Каалооңду тапсаң кар күйөт. *Если найти способ разжигания, то и снег будеть гореть.*

### 8-тема: Компьютердик технология менен иш алып баруунун коопсуздугу

**Лексика:** *Техникалык терминдерди кайталоо жана бышыктоо.*

***Текстке чейинки тапшырмалар***

*1) Берилген сөз айкаштарын жазгыла жана түшүндүрүп бергиле*:

Ток булагынын туруктуулугу, жогорку жыштыктагы толкун, магниттик талаа, статистикалык заряддар, перифериялык түзүлүш, электрондук нур түтүкчөсү, дискеттер.

*2) Этиш сөздөрдү катыштырып сүйлөм түзгүлө*:

Жактырат, орнотулушу керек, туташтырылууга тийиш, эсептелген, болбойт, талап кылынат, аракет кылуу керек.

*3) Берилген синоним сөздөрдүн антонимдерин тапкыла:*

Туруктуулук, бекемдик – ..., жыштык, тыгыздык – ..., перифериялык, аралыктагы, алыстагы – ...., сабаттуулук, билимдүүлүк – ...., бүтүндүк, толук, кемтиксиз – ..., тыныгуу, дем алуу, үргүлөө – ..., жарык, нурлуу – ..., силкинүү, титирөө – ..., алыс, ыраак – ..., этият болуу, сак болуу – .... ;

*4) ЖК менен алектенген адистер кандай коопсуздук эрежелерин билиши зарыл? Билген эрежелерди жазып чыккыла жана жубуңар менен талкуулап, толуктагыла.*

**Текст менен иштөө:**

*Тексттеги сын атоочторду, тактоочторду таап талдагыла:*

**Компьютер менен иш алып баруунун коопсуздугу**

ЖК ар кандай жогорку татаал түзүлүштөгү электрондук тутум катары сабаттуулукту, тактыкты жана тазалыкты жактырат. Мындай тутум менен иштөө алдында туташтырылган электр чубалгыларынын, ток булактарынын бүтүндүгүн текшерип чыгуу зарыл. ЖК жана анын кошумча түзүмдөрү ток булагынын бир фазасына же бир розеткага туташтырылганы да маанилүү болуп саналат. Компьютерди ток булагынан тез-тез өчүрүп, кайра жандыра берүү зыяндуу. Тыныгуу учурларында «уктоо» режиминде турганы натыйжалуу деп эсептешет. Мониторду өтө жарык шартта иштетүү жана анын алдында көпкө чейин олтуруу, айрыкча, көзгө зыяндуу деп эскертишет. Анткени дисплейдин түзүлүшү телевизордун электрондук-нур түтүкчөсү сыяктуу болгондуктан, коопсуздук эрежесин сактоо маанилүү болуп эсептелет. Дисплей адамдын көзүнөн 40-50 см аралыкта болуусу талап кылынат. ЖК менен иштөө убактысын 4-5 сааттан ашырбоого аракет кылуу керек. Компьютер ар бир адамдын иштөө режимине ылайык бир орунда туруктуу абалда орнотулганы ылайыктуу. Ал ар кандай силкинүүлөрдөн, күн нурларынан жана чаң менен нымдан алыс сакталышы талап кылынат. ЖК жогорку жыштыктагы толкун чыгаруучу аппараттардан, магниттик талаалардан алыс орнотулушу керек. Ошондуктан адистер ЖК жер менен туташтырылууга тийиш деп эсептешет. Маалымат сактоочу башка каражаттар да атайын кутучаларда таза жана этияттык менен сакталышы керек.

*Суроолорго жооп бергиле:*

- ЖК менен иштөө алдында эң биринчи эмнени текшерип чыгуу зарыл?
- ЖК жана анын кошумча түзүмдөрү ток булагына кандайча туташтырылганы маанилүү?
- Эмне үчүн компьютер «уктоо» режиминде турганы натыйжалуу деп эсептешет?

• Дисплей адамдын көзүнөн канча аралыкта болуусу керек?

• ЖК менен иштөөдө кандай режимди сактоо маанилүү жана эмне үчүн деп ойлойсуңар? Сен ушул эрежени сактайсыңбы?

• ЖК кандай жагымсыз шарттардан алыс болушу керек?

• Маалымат сактоочу башка каражаттар кандай шарттарды талап кылат?

*5. Төмөндөгү ырастоолордун туура же туура эмес экендигин далилдеп бергиле*:

• ЖКди иштетүүнү бардык адамдар билишет.

• Ток булактары кандай абалда болгону эч кандай мааниге ээ болбойт.

• ЖКди тыныгуу учурунда өчүрүп коюш керек.

• Компьютер менен иштеген программисттер иш үстүндө 12-15 сааттан олтурса болот.

• Компьютер оюндары менен кызыккан геймерлер эң акылдуу адамдар деп табылган.

• ЖК ар кандай шарттарга чыдамдуу, ал күнү-түнү иштей берет.

• Маалымат сактоочу каражаттарды кутучада сактаган зыяндуу.

*6. Сунушталган кырдаалдардын себебин аныктап, сүйлөмдөрдү улантып жазгыла:*

• ЖК менен иштөө алдында туташтырылган электр чубалгыларынын, ток булактарынын бүтүндүгүн текшерип чыгуу зарыл, **анткени**.......

• Тыныгуу учурларында ЖК «уктоо» режиминде турганы натыйжалуу деп эсептешет, **себеби ........**

• Мониторду өтө жарык шартта иштетүүгө, анын алдында көпкө чейин олтурууга болбойт, **анткени ........**

• Компьютер ар бир адамдын иштөө режимине ылайык бир орунда туруктуу абалда орнотулганы ылайыктуу, **ошондуктан .....**

• ЖК жогорку жыштыктагы толкун чыгаруучу аппараттардан, магниттик талаалардан алыс орнотулушу керек. **Ошондуктан ........**

**Тексттен кийинки тапшырмалар**

***7. Ойлон, такта, колдон:***

• Керексиз маалыматтарды басып чыгарууну токтотуңуз, кагазды үнөмдөп интерактивдүү маалыматтарды көбүрөөк пайдаланыңыз;

• Маалыматтарды таштандыларга ыргытуудан мурда, алардын керексиз маалыматтар экендигин тактаңыз;

• Принтерлердин тонер-картриджерин кайра иштетүүчү компанияларга тапшырыңыз;

• Тонер-картридждерди атайын ороп саткан компаниялардан алууга аракет жасаңыз, анткени анын курамында зыяндуу элементтер бар;

• Компьютерди таштандыга ыргытуудан мурда, анын кайсы бөлүктөрү керекке жарай тургандыгын жана кайрымдуулукка берүүгө боло тургандыгын аныктаңыз;

• Компьютерде бир канча зыяндуу металлдар бар экендигин унутпаңыз, аны таштандыга ыргытуудан мурда аларды зыянсыз абалга келтирүү керек;

• Электр энергиясын үнөмдүү пайдаланууну эч качан эсиңизден чыгарбаңыз.

***8. Макалдарды көчүрүп жазгыла, алардын маанисин түшүндүргүлө:***

Жалкоолук адамды карытат, эмгек адамды байытат. Жакшы бала элпек, жаман бала тентек. Жаман да болсо атабыз, жакшыны кайдан табабыз. Жамандан жакшылык артпайт, кедейден кешик артпайт.

*Макалдарды окугула, алардын маанисин салыштыргыла:*

Калп ырыс кесет. *Ложь счастье отсекает; ложь к добру не приведёт.*

Кары билет кааданы, карчыга билет сонону. *Старик знает обычаи старины, а ястреб – утку.* Карысы бардын ырысы бар. *У кого есть старик, у того есть и счастье; у кого есть дед, у того и обед.*

**9. Терминди эстеп калгыла:**

***Криптограф*** – берилиштерди жана кабарларды коргоо технологиясы, илими. Ал берилиштер үчүн коопсуздукту, бүтүндүктү жана аныктуулукту текшерүүнү камсыз кылат.

***10. Эки бөлүктүү күндөлүк түзгүлө.*** *Бир бөлүгүнө эң маанилүү деген эрежени жазып, аны эмне үчүн тандаганыңды түшүндүрүп экинчи бөлүгүнө жазгыла.*

### 9-тема: Компьтердик мителер (вирустар)

**Лексика**: *Техникалык терминдерди кайталоо, бышыктоо*

Текстке чейинки тапшырмалар

*1. Берилген түшүнүктөргө сөздүк боюнча аныктама бергиле.*

- компьютердик вирустар
- файлдык вирустар
- иш процессиндеги вирустар
- макровирустар
- тутумдук вирустар
- антивирустук программалар

*2. Сөз айкаштары менен сүйлөм түзгүлө, кара менен басылган этиштердин синонимдерин тапкыла:*

Компьютерди коргоо тутумун **түз,** антивирустук программаны **колдон,** вирустарга каршы программаны **алмаш-**

**тыр,** компьютердин тетиктерин **оңдо,** ишенимдүү программаны **орнот,** натыйжалуу иш процессин **камсызда.**

*3. Берилген сөз айкаштарын орус тилине которгула жана аларды түшүндүргүлө:*

Маалыматтарды сактоо, натыйжалуу иштөө, убагында иштебейт, файлдар жоголот, интернет өчөт, брандмауэрди токтотот, программаларды жаңыртып туруу, толук эмес коюлган программалар, мителердин чабуулу, токтотпой жүргүзүү, жок кылуу жолдору, коргонуу ыкмалары;

**Текст менен иштөө:**

**Абайлаңыз компьютердик мителер (вирустар)!**

*Тексттеги этиштин терс формаларын бөлүп көрсөткүлө:*

Компьютерлер учурда адамдардын чыныгы жардамчысына айланды. Мамлекеттик уюм же коммерциялык ишкана болсун, алардын иштерин компьютерсиз элестетүү мүмкүн эмес. Бирок ушуга байланыштуу маалыматтарды сактоо маселеси да курчуду. Компьютердик техникаларга тараган мителер *(вирустар*) учурда аларды натыйжалуу иштетпей жатат. Мителер пайда болгондо иш столундагы керектүү программалар убагында иштебейт, же башкалар ачылып калат. Файлдар жоголуп же башка жерде туруп калышат. Кээде интернетке кошулууга мүмкүндүк болбойт, же браузер керексиз терезелерди ачып берет.

Кайсы бир «акылдуу» мителер эң алгач компьютердин коопсуздук тутумун жок кылат да, брандмауэрди токтотуп коёт. Ошондуктан адистер антивирустук программаларды убагында жаңыртып турууга кеңеш беришет. Бул көрүнүш айрым учурда программалардын туура эмес же толук эмес коюлгандыгынан да болушу мүмкүн. Бирок көп учурларда бул мителер же алардын чабуулу деп бааланат. Мындай кылмыштар менен күрөшүү тууралуу мыйзамдарга карабастан, компьютердик вирустар азайган жок. Алар

менен күрөшүүнү токтотпой жүргүзүү зарыл. Азыр миңдеген адистер бул мителерди компьютерге киргизбей жок кылуу жолдорун издеп жатышат. Ал эми компьютер пайдалануучулар бул мителердин табияты тууралуу көбүрөөк билип, алардан коргонуу ыкмаларын жакшы үйрөнүшү керек.

*Суроолор боюнча өз ара маектешкиле:*

• Азыркы иштиктүү чөйрөнү компьютерсиз элестетүү мүмкүнбү?

• Маалыматты сактоо коопсуздугун кандай түшүнөсүң?

• Компьютердик мителердин (*вирустар*) коркунучу эмнеде?

• Компьютерде мителер бар экендигин кантип билебиз?

• Интернеттеги мителерди убагында байкоого болобу?

• Компьютердик кылмыштар менен күрөшүү тууралуу мыйзамдар маалымат коопсуздугун калыбына келтире алдыбы?

• Компьютер пайдалануучулар мителерден кандайча сактануусу керек?

• Сен компьютердик мителерге каршы кандайча күрөшүү керек деп ойлойсуң?

*4. Көп чекиттердин ордуна этиштердин терс формаларынын мүчөсүн коюп көчүргүлө:*

Компьютердин коопсуздугун эртеңкиге **калтыр...** . Өз колуңдан келген ишти башка адистерге **тапшыр...** . Арзандыгына карап, компьютердин керексиз тетиктерин **ала бер..** . Баарынан маалымат кымбат турaарын **унут..** . Компьютердин ишине вирустар тоскоолдук болду деп **кейи...** . Антивирустук программа эскирип, компьютерге жардам бербей калганына **өкүн...** .

*5. Тексттен алынган сүйлөмдөрдү этиштин терс формалары менен толуктагыла:*

Мамлекеттик уюм же коммерциялык ишкана болсун, алардын иштерин компьютерсиз ............... . Компьютердик техникаларга тараган мителер (*вирустар)* учурда аларды ......... . Мителер пайда болгондо иш столундагы керектүү программалар убагында ........... . Кээде интернетке кошулууга мүмкүндүк ............... . Компьютердик кылмыштар менен күрөшүү тууралуу чыккан мыйзамдарга карабастан, ................................................ .

*6. Туура жоопторду тандап жазгыла:*

Компьютердик техникаларга тараган (*ушактар, сүрөттөр, мителер*) учурда аларды натыйжалуу иштетпей жатат. Мындай кылмыштар менен күрөшүү тууралуу (*мыйзамдарга, тоскоолдуктарга, акчалай сыйлыктарга*) карабастан, компьютердик вирустар азайган жок. Мителер пайда болгондо иш столундагы керектүү (*программалар, символдор, файлдар*) убагында иштебейт. Кээде интернетке кошулууга мүмкүндүк болбойт, же браузер (*кошуна, кошумча, керексиз*) терезелерди ачып берет. (*Тетиктер, файлдар, үнү)* жоголуп же башка жерде туруп калышат. Кайсы бир *(«алдыңкы, эпчил, акылдуу»)* мителер эң алгач компьютердин коопсуздук тутумун жок кылат да, брандмауэрди токтотуп коёт.

*7. Сунушталган кырдаалдардын себептерин аныктап, сүйлөмдөрдү улантып жазгыла:*

Азыркы учурда адамдардын ишмердүүлүгүн компьютерсиз элестетүү мүмкүн эмес, **анткени....** . Иш столундагы керектүү программалар убагында иштебейт, же башкалар ачылып калат, **себеби** ... . Кээде интернетке кошулууга мүмкүндүк болбойт, **анткени**........ . Мителерге каршы программалар алсыз болуп калат, **себеби** ...... . Компьютердик вирустар азайган жок, **ошондуктан** ....... . Ал эми

компьютер пайдалануучулар бул мителердин табияты тууралуу көбүрөөк билиш керек, **анткени.......... .**

**Тексттен кийинки тапшырмалар**

*8. Диалогду окугула. Вирустарды түзгөн башка атактуу хакерлерди атап бергиле.*

– Компьютердик техникаларга түйүн аркылуу тараган мителерди эң биринчи ким түзгөнүн билесиңби?

– Жок, билбейт экенмин. Кантсе да ал сабатсыз жана кара ниет адам болсо керек.

– Ал Массчусет технологиялык институтунун профессору **Роберт Тэппэн Моррис** болгон. 1988-жылдын 2-ноябрында ал түзгөн түйүндүк курту АКШдагы 6200 компьютердин ишин токтоткон.

– Бул бейбаштыгы үчүн ал жаза алганбы?

– Албетте, Роберт Тэппэн компьютер тарыхындагы 1-кылмышкер катары 3 жылга кесилген. Ал мыйзам боюнча профессор-кылмышкер 400 сааттык коомдук иштерди акысыз аткарып, 10050 доллар айып төлөөгө милдеттүү болгон.

– Бул митени ал кантип түзгөн?

– Роберт Тэппэн компьютерди пайдалануучунун атын жана эң көп колдонулган 400 сөздү пайдалануу аркылуу түйүнгө мителерди киргизген.

– Ал эмне максатта мындай ишке барган?

– Бул тууралуу ар кимдин ар кандай божомолдору бар. Мителерди түзүү анын илимий эксперименттеринин бири болушу да мүмкүн.

***9. Макалдарды жазгыла, алардын маанилерин түшүндүргүлө:***

Жан кейибей иш бүтпөйт. Жаманга жакын болсоң жалаасы жугат. Жаманга жалынба, жакшыга таарынба. Жаманга жардам кылсаң, жакшылыгыңды билбейт. Жарды

болсоң да ардуу бол. Жардылык жаман эмес, жалкоолук жаман.

***Макалдарды окугула, алардын маанисин салыштыргыла:***

Келбети келгенден кеңеш сура. *Совета спрашивай у того, кто выглядит симпатичным.* Кеп жакшысын кулак билет, кыз жакшысын ынак билет. *Хорошую речь ухо определяет, хорошую девушку наперсницы знают.* Керегем сага айтам, келиним, сен ук. *Тебе, кереге, говорю, а ты, сноха моя слушай; кошку бьют, а невестке наветки дают.*

***10. Ойлон, такта, колдон:***

• Маалыматтарды коопсуз сактоо маселеси ар дайым курч маселе болуп келген.

• Компьютердик техникаларга тараган мителер гана эмес, начар байланыш кызматы да аларды натыйжалуу иштетпей коёт.

• Антивирустук программалардын эң алдыңкы жана натыйжалуу иштегенин тандап алуу керек.

• Кабыл алынган мыйзамдарга карабастан, компьютердик вирустар азайган жок. Анткени антивирустук программаларды хакерлерге түздүрүү керек.

• Ар бирибиз компьютердик мителердин табияты тууралуу көбүрөөк билип, алардан коргонуу ыкмаларын билишибиз зарыл.

**11. Терминди эстеп калгыла:**

**Вакцина** – компъютерди вирустан коргоо үчүн иштелип чыккан антивирус программалары. Аларда баштапкы жүктөө, иштетүү тутумдарын өзгөртүүгө аракеттенген программаларды издөө иши камтылат. Антивирус программалары вирустун белгиси деп аталган белгилүү вирустун кодун аныктаган моделди издейт жана аны файлда сакталган вирус белгиси менен салыштырат. Вирус белги-

си файлы дайыма жаңыртылып турат, себеби жаңы табылган вирустар белгилери улам кошулуп турат.

**12. Талаштуу кырдаал боюнча маектешкиле:**

Компьютердик кылмышкерлерди аёосуз жазалоо керек. *Жок, алар таланттуу программистер, аларды кайра тарбиялоо менен коомго пайдалуу иштерге тартуу керек.* **Талкуунун жыйынтыгы бонча эссе жазып келгиле**

## 10-тема: Internet – бүткүл дүйнөлүк байланыш желеси

**Лексика:** *Техникалык терминдерди эстеп калгыла:*

*Аналогдук сигналдар* – телефон зымдарынан чыккан толкундар

*Бит* – электрондук маалыматтын эң кичине бөлүгү

*Браузер* – программалык камсыздоонун Интернетке тиешелүү бөлүгү

*жаңылыктар тобу* – кызыгуулары бирдей инсандар маалыматтарын алмашуучу топ

*жүктөө* – Web-беттеги маалыматтарды компьютерге же компьютерден тармакка кайра көчүрүү

*жеткирүү каналы* – тармакта иштеп жатканда сизге керектүү маалыматтарды жыйноочу канал *(Пуш-канал)*

*издөөчү машина* – көрсөтүлгөн сөздөрдү камтыган Web-бетти издөөчү программа

*интерактивдик бланк* – маалыматты Web аркылуу жиберүү үчүн толтурулуучу бет

*интернет-телефон* – тармак аркылуу байланышууга шарт түзүүчү программа

**Текстке чейинки тапшырмалар**

Төмөнкү терминдердин түшүндүрмөлөрүн окугула жана алар менен сүйлөм түзгүлө:

**интернет-провайдер** – (*Интернеттен пайдалануу мүмкүндүгүн сатуучу компаниялар);*

**USB Модем** – (*компьютердик маалыматтарды аналогдук телефон аркылуу жиберүүчү түзүлүш);*

**мультимедиа** – *(маалыматтарды графика, үн жана мультипликациянын айкалышы аркылуу берүү тутуму);*

**опция** – *компьютердик программа берген мүмкүнчүлүктөрдүн ыңгайлуусун тандоо шарты;*

**пиктограмма** – *колдонуунун чегин көрсөткөн эң кичине сүрөттөлүш;*

**постинг** – *жаңы маалыматтарды тармактын пайдалануучулары окуй ала тургандай кылып жаңылыктар тобунда көрсөтүү;*

**сервер** – *башка компьютерлерди Интернет менен байланыштырган компьютер.*

*2. Берилген сөз айкаштарын орус тилине которгула жана аларды түшүндүргүлө:*

Компьютердик тармак, магнит чекити, жөнөтүү каражаты, маалымат булагы, электрондук архивдер, тез жана арзан байланыш, өз ара биргелешкен иш-чаралар, маалымат алмашуу, чектелбеген убакытта баарлашуу, кеңири таркаган байланыш, электрондук почтасы, өсүп бара жатат.

Берилген аталыштарды англисче-орусча сөздүктөрдөн которуп, түшүндүргүлө. Аныктамаларды жубуңар менен талкуулап, топто жыйынтыктагыла.

- фрилансер
- аутсорсинг
- стартапер
- хостинг
- домен

**4. Маектешүү:**

– Сен интернетти көп колдоносуңбу?

– Албетте, азыр өз турмушумду интернетсиз элестете албайм.

– Сага интернетке байланышуу ылдамдыгы жагабы?

– Жок, айрыкча Бишкек шаарынан алысыраак жайгашкан аймактарда болуп калсаң кыйналасың.

– Же болбосо интернетке бир убакта бир нече байланыш каражаттарын уласаң, ылдамдыгы эң төмөнкү деңгээлге түшөт.

– Бул гаджет менен иштеген ишкерлерге же жолдо бара жатып байланышка чыккан адамдар үчүн абдан ыңгайсыз болот.

– Кыргызстанда жогорку ылдамдыктагы интернет кызматын алууга дагы эмнелер жолтоо болуп жатат?

– Башка өлкөлөр менен кызматташууда интернеттин ар бир мүнөтү кымбатка түшөт. Электр энергиясынын туруксуздугу да терс таасирин тийгизип жатат.

– Эгерде Кыргыз өкмөтү киргизген «Таза коом» долбоору ишке киришсе, кандай болот?

– Мындай зор долбоор үчүн интернетти тейлөө кызматын гана эмес, байланыш кызматынын материалдык-техникалык базасын жакшыртуу керек деп ойлоймун.

**Текст менен иштөө**

*Тексттеги этиштин грамматикалык формаларын бөлүп көрсөткүлө:*

**Интернет – бүткүл дүйнөлүк байланыш желеси**

Интернет же тармак – бүгүнкү күндө бүткүл дүйнөнү бирдиктүү байланыштырган компьютердик тармак болуп саналат. Азыркы учурда 150 мамлекеттин 15 миллион адамы анын абоненти катары эсептелет. Интернет – дүйнө жүзүндөгү ар түрдүү маалымат тармактарын бир түйүнгө бириктирген магнит чекити сыяктуу элестетсек болот. Бир аз

мурда эле ал электрондук каттарды, билдирүүлөрдү жана файлдарды жөнөтүү каражаты катары гана каралып келген. Азыр анын мүмкүнчүлүгү кеңейип, алда канча кеңири жана татаал иштердин түрлөрүн өзүнө камтууда.

Анткени интернет изилдөөчүлөрдүн гана эмес, ишкер чөйрөсүнүн талабын канааттандырган кубаттуу маалымат булагына айланды. Азыр ал электрондук архивдери, тез жана арзан байланышы, иш-чараларды өткөрүү мүмкүнчүлүгү менен өзүнө тартат. Ар бир абонент дүйнөнүн кайсы бөлүгү менен болсо да тез жана сапаттуу байланышып, башкалар менен жемиштүү иш-аракетин уланта алышат. Айрыкча бул дүйнөнүн ар кайсы бурчунда өз бөлүмдөрү иштеген эл аралык компаниялар үчүн пайдалуу жана ыңгайлуу болуп калды.

Интернет – бул чоң жана кичине суулардын агымы биригип бирдиктүү, кубаттуу агымга куюлган океандай көрүнүш болуп калды. Адамдардын бири-бири менен чектелбеген убакытта баарлашуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болгондугу кубандырат. Интернет менен байланышуу азыркы учурдагы спутник аркылуу же уюлдук телефон аркылуу байланышуудан да арзан экендиги белгилүү. Ошондуктан байланыштын бул түрү эң кеңири таркаган байланыш болуп калды. Айрыкча электрондук почта интернет кызматынын эң ыңгайлуу түрүнө айланды. Учурда 30 миллиондон ашуун адамдын өз электрондук почтасы бар. Интернет кызматы жана анын абоненттеринин саны жылдан-жылга сан жана сапат жагынан өсүп бара жатат.

*Суроолор боюнча өз ара маектешкиле:*

- Интернетти кандай сүрөттөп бере аласың?
- Анын абоненттеринин жылдан-жылга өсүп жаткандыгы эмне менен түшүндүрүлөт? Мурда ал кандай кызматтарды аткарган?

• Эмне үчүн азыр интернет кызматынан изилдөөчүлөр гана эмес, ишкерлер да пайдаланып жатат?

• Интернет аркылуу байланышуу эмне үчүн кеңири таркаган байланыштын түрүнө айланды?

• Электрондук почтанын артыкчылыгы эмнеде?

• Сен үчүн интернет байланышынын мааниси эмнеде?

*5. Сүйлөмдөрдү толуктагыла, тактоочторду таап, мааниси боюнча аныктагыла:*

Интернет – бүгүнкү күндө бүткүл дүйнөнү ............... . Азыркы учурда ............ анын абоненти катары эсептелет. Интернет – дүйнө жүзүндөгү ар кандай ишкана жана уюмдарга таандык ар түрдүү маалымат тармактарын .......... . Бир аз мурда эле ал ......... гана жөнөтүү каражаты катары каралып келген. Азыр анын мүмкүнчүлүгү ................ түрлөрүн өзүнө камтууда. Интернет изилдөөчүлөрдүн гана эмес, .............. кубаттуу маалымат булагына айланды. Азыр ............ ар бир ишкер адамды өзүнө тартат. .............. байланышуу азыркы учурдагы ............. аркылуу байланышуудан да арзан экендиги белгилүү. Айрыкча ............ интернет кызматынын эң ыңгайлуу түрүнө айланды.

*6. Сүйлөмдөрдү кыргыз тилине которгула:*

В настоящее время интернет испытывает период подъема, во многом благодаря активной поддержке со стороны правительств европейских стран и США. Ежегодно в США выделяется около 1-2 миллионов долларов на создание новой сетевой инфраструктуры. Исследования в области сетевых коммуникаций финансируются также правительствами Великобритании, Швеции, Финляндии, Германии. Однако, государственное финансирование - лишь небольшая

часть поступающих средств, т.к. 80-90% средств поступает из частного сектора.

*7. Берилген аныктамаларга тексттен далилдөөчү фактыларды келтиргиле:*

• Интернет же тармак – бүгүнкү күндө бүткүл дүйнөнү бирдиктүү байланыштырган компьютердик тармак болуп саналат.

• Интернет изилдөөчүлөрдүн гана эмес, ишкер чөйрөсүнүн талабын канааттандырган кубаттуу маалымат булагына айланды.

• Ар бир абонент дүйнөнүн кайсы бөлүгү менен болсо да тез жана сапаттуу байланышып, өз ара жемиштүү аракетин уланта алышат.

• Интернет менен байланышуу азыркы учурдагы спутник аркылуу же уюлдук телефон аркылуу байланышуудан да арзан экендиги белгилүү.

• Интернет кызматы жана анын абоненттеринин саны жылдан-жылга сан жана сапат жагынан өсүп бара жатат.

*8. «Кыргызстандагы интернет-провайдерлер» текстин окугула жана орус тилине которгула. Бул тексттин негизинде силер билген башка компаниялар тууралуу маек кебин түзгүлө.*

Кыргызстанда ондогон интернет-провайдерлер кызмат көрсөтүшөт. Алардын бири – **Акнет** интернет-провайдери болуп саналат. Компания 1998-жылы академиялык компьютердик түйүн катары негизделген. Компания бизнес чөйрөсүн жогорку ылдамдыктагы интернет кызматтары менен камсыз кылып келе жатат. Учурда ал өлкөбүздөгү маалымат-байланыш технологиялар тармагында алдыңкы орунду ээлеген компания болуп эсептелет. Жогорку окуу жайлардын 90% Акнет тармагы менен камтылган. 2014-жылдан баштап компания республикабыздын жеке секторун жогорку ылдамдыктагы интернетке кошуу долбоору менен иштей баштаган. Компания 2008-жылдан бери видео байкоо

кызматтарын да көрсөтүп келе жатат. Ал эми 2011-жылы башталган ITV-Акнет же бардык аймактарды санариптик телевидениеге өткөрүү ишин ийгиликтүү аяктады.

*9. Маек кебинин үлгүсүндө өз маегиңерди түзүп көргүлө:*

– Акнет-провайдеринен башка Кыргызстандагы кайсы МТ компанияларды билесиң?

– Мен 1С компаниясын жакшы билемин.

– Ал кандай кызматтарды көрсөтөт?

– Бул компания бизнес чөйрөсүнүн эсеп-кысап тармагын автоматташтыруу жана программалар менен камсыздаган тейлөө кызматтарын көрсөтөт.

– Компания качан түзүлгөн жана атактуу америкалык 1С компаниясы менен байланышы барбы?

– Ал 1994-жылы түзүлгөн, 2004-жылы эсеп-кысап тармагы үчүн өз программасын чыгарып, белгилүү фирманын Кыргызстандагы аймактык дистрибьютери болуп калган.

– Кыргызстандагы дагы кайсы МТ компаниялар иштейт?

– Мамлекеттик жана жеке секторлорду маалымат техникасы, программалары менен жабдып жаткан **IT Solitions жана Iet** компаниялары иштеп жатышат. Алар хостинг *(сайттар үчүн серверлер*) жана домен *(сайттардын аталыштары*) сыяктуу интернет кызматтарын көрсөтүшөт. Жергебизде азыр ондогон башка МТ компаниялары иштеп жатышат.

– Башка МТ багыттагы компаниялар да барбы?

– Мындан башка **инди - иштеп чыгуучулар (***компьютердик оюндарды иштеп чыгуучу)* компаниялары да пайда боло баштады.

– Рахмат маегиңе, мен да окуумду аяктап, келечекте программист катары МТ тармагына өз салымымды кошкум келет.

**Тексттен кийинки тапшырма**

***10. Ойлон, такта, колдон:***

• Интернет аркылуу алынган маалыматтар дайыма эле так жана туура боло бербейт;

• Компьютерге каалабаган маалыматтардын кирип кетишине жол бербей турган чыпкалоочу программаларын орнотуу зарыл;

• Тармак аркылуу таанышкан адамга өз дарегиңди айтууга болбойт.

***11. Макалдарды жазгыла жана алардын маанилерин түшүндүргүлө:***

Жарыш бар жерде, табыш бар. Жат жарытпайт, өз өлтүрбөйт. Жаткан арыстандан, жорткон түлкү көп билет. Жатып ичер жигиттен, сарамжалдуу чал жакшы. Жаш күчү менен, кары акылы менен. Жашаганды билбеген жашоонун баркын кетирет. Жашында берсин мээнетти, карыганда берсин дөөлөттү.

***Макалдарды окугула, алардын маанисин салыштыргыла:***

Киши жаманы кирип - чыкканча билинет, өз жаманы өлгөнчө билинбейт. *Чужая пакость сразу видна, а своя до смерти не видна*. Колдо бар алтындын баркы жок. *Золото, которое в руках, ценности не имеет; что имеем не храним, потерявши-плачем.*

***12. Талаштуу кырдаал боюнча маектешкиле:***

Интернет – байланышуунун гана эмес таанышуунун жана баарлашуунун да эң ыңгайлуу түрү.

*Жок, интернет менен таанышуу жана баарлашуу адамдарды жандуу маектешүүдөн калтырат. Адамдар бири-бирин көрбөй туруп жактыруусу же баалоосу мүмкүн эмес.*

**13. «Интернеттин пайдалуу жана зыяндуу жактары»** *деген темада схемасын түзгүлө*

***14. Терминдерди жазып алгыла:***

**Интернет провайдер** – интернет кызматын сунуш кылгандар белгилүү бир акыга Интернет менен убактылуу байланышты камсыз кылат. Тармактын керектүү жерлерин башкарууга жана тизмесин пайдаланууга жардам берет. Айрым уюштургучтарга керектүү орундарды издөө жана ал орунда өзгөргөндүгүн билдирип туруу кызматтары жүктөлөт.

**15. «Интернет менин турмушумда»** аттуу темада эссе жазып келгиле.

## 11-тема: Интернет технологияларын жаратуучулар: Марк Цукерберг

**Лексика:** *Техникалык терминдерди бышыктоо:*

***Текстке чейинки тапшырмалар***

*1. Суроолорго бонча маектешкиле:*

- Интернет технологиялары эмнелерди камтыйт?
- Интернет технологияларын жаратуучулардан кимдерди билесиң?
- Марк Цукербергдин МТга кошкон салымы кандай?

*2. Сөз айкаштарын окугула жана аларды орус тилине которгула:*

Тармагы боюнча, еврей улутундагы, оюндун бир түрүн, таштап кеткен, катышып турган, маалымат технологиялары курстарына, талдай алган хакер катары мүнөздөгөн, жаңыларын түзө билген, назарын бура алган, хиттердин тизмесин, социалдык түйүнүн, акчалай колдоо, алыстатуу аракеттери, соттук териштирүүгө, акцияларын сатып алган, жылдын мыкты адамы, филантроптук чакырыгы.

*3. Төмөнкү сөздөрдү жана сөз айкаштарын сөздүктүн жардамы менен түшүндүргүлө:*

- хакер
- музыкалык хиттер

- социалдык түйүн
- филантроп
- издөө машиналары
- кампус

**Текст менен иштөө**

**Марк Эллиот Цукерберг**

*1. Тексттеги этиштин чактарын аныктагыла, мүчөлөрүн бөлүп көрсөткүлө:*

Марк Эллиот Цукерберг – америкалык белгилүү программист, интернет технологиялары тармагы боюнча ишкер. Ал 1984-жылы 14-майда Нью-Йорк штатындагы Уайт-Плейнс шаарында еврей улутундагы үй-бүлөдө туулган. Марктын үч карындашы бар. Алар – Рэнди, Донна жана Ариэль. Мектепте окуп жүргөндө эле ал компьютердик программалаштыруу менен алектенген. Ошол учурда **«Риск»** аттуу компьютердик оюндун бир түрүн иштеп чыккан.

2002-жылы **Гарвард университетинин** психология факультетине кирип, эки жылдан кийин окуу жайын таштап кеткен. Анткени ал удаалаш маалымат технологиялары курстарына катышып турган. Ал өзүн дайыма хакер катары мүнөздөгөн. Себеби өзүнүн билими жана жөндөмү менен ар түрдүү программалык жабдыктарды талдай алган жана жаңыларын түзө билген. Марк колледжде окуп жүргөн учурунда **«Sunapse» программасын** түзүп, «Microsoft» компаниясынын кызматкерлеринин назарын бура алган. Бул программа боюнча компьютер музыкалык хиттердин тизмесин өз алдынча түзүүгө жөндөмдүү болгон.

2004-жылдардан баштап Марк Крис Хьюз жана Дастин Московиц менен биргеликте **«Facebook»** социалдык түйүнүн түзө баштаган. Аларга бразилиялык студент Эдуард Саверин акчалай колдоо көрсөткөн. Марк Эдуард Саверин-

ди компанияны кошо башкаруу ишинен алыстатуу аракеттеринен кийин соттук териштирүүлөргө туш болгон. 2009-жылдын 26-майында **«DST» компаниясы** 200 млн. долларга Facebook социалдык түйүнүн акцияларын сатып алган. 2010-жылы «Tim» журналы Марк Эллиот Цукербергди жылдын мыкты адамы деп жарыялаган. Ал эми 2018-жылы «Forbes» журналы аны дүйнөдөгү эң бай адамдардын тизмесинде 5-орунда деп аныктаган. Ошол учурда Марктын капиталы 71 млд.долларга жеткен.

Жеке турмушунда өзүн бактылуу адам катары эсептейт. 2012-жылы медицина илимдеринин доктору наамына ээ болгон Прицилле Чанга баш кошкон. Алардын Максима жана Августа аттуу эки кызы бар. Күнүмдүк турмушунда жөнөкөй жүрөт, ал Volkswagen Golf GTI маркасындагы машинасын айдайт.

2016-жылы 21-сентябрында Марк Цукерберг АКШдагы миллиардерлер Уоррен Баффет менен Билл Гейтстин **филантроптук** чакырыгына кошулгандыгын билдирген. Ал үй-бүлөсү менен ар түрдүү ооруларга каршы күрөшүүгө багытталган долбоор ачып, 10 жыл аралыгында бул максатка 3 млд. доллар бөлүнө тургандыгын билдирген.

*2. Суроолорго жооп бергиле:*

- Марк Эллиот Цукерберг качан жана кандай үй-бүлөдө туулган?
- Мектепте окуп жүргөндө эмнелерге кызыккан?
- Гарвард университетинин психология факультетин эмне үчүн таштап кеткен?
- Ал «Microsoft» компаниясынын кызматкерлеринин назарын бурган кайсы программаны түзгөн?
- «Facebook» социалдык түйүнүн качан жана кимдер менен түзө баштаган?
- Марк жеке турмушунда өзүн кандай адам деп эсептейт?

• Ал кайрымдуулук иштерине кандай каражаттарды бөлүп турат?

*3. Көп чекиттердин ордуна тиешелүү сөздөрдү жана сөз айкаштарын койгула:*

Мектепте окуп жүргөндө эле ал .................. менен алектенген. Ошол учурда ............... компьютердик оюндун бир түрүн иштеп чыккан. Анткени ал удаалаш ........ курстарына катышып турган. Себеби өзүнүн билими жана жөндөмү менен ар түрдүү программалык жабдыктарды .......... - түзө билген. Марк колледжде окуп жүргөн учурунда ......... түзүп, «Microsoft» компаниясынын кызматкерлеринин назарын бура алган. 2004-жылдардан баштап ............ менен биргеликте «Facebook» социалдык түйүнүн түзө баштаган. Ал эми 2018-жылы ........... аны дүйнөдөгү эң бай адамдардын тизмесинде 5-орунда деп аныкташкан.

4. Суроолордун туура варианттарын таап жазгыла:

*Мектепте окуп жүргөндө эле ал эмне менен алектенген?*

а. музыка жана бий

б. шахмат жана теннис

в. компьютердик программалаштыруу

*Ал эмне үчүн өзүн дайыма хакер катары мүнөздөгөн?*

а. программалардын тилин жакшы билген

б. башка программаларды бузуп кирген

в. программалык түзүмдөрдү талдай алган

*Ал эмне себептен Эдуард Саверindин соттук териштирүүлөрүнө туш болгон?*

а. башкаруу ишинен алыстатуу аракетинен кийин

б. экөө катуу урушуп кетишкен

в. машинелери кагышып кеткен

*2016-жылы 21-сентябрында Марк Цукерберг кимдердин чакырыгына эмне максат менен кошулган?*

а. чогуу шахмат ойноо үчүн

б. бизнес компаниясын түзүү үчүн

в. филантроптук чакырыгына кошулуу үчүн

*2018-жылы «Forbes» журналы аны дүйнөдөгү эң бай адамдардын тизмесинде канчанчы орунда деп аныктаган?*

а. 100-орунда

б. 5-орунда

в. 32-орунда

*5. Берилген сүйлөмдөрдү окуп чыккыла. Кыргыз тилине которгула:*

**Сергей Михайлович Брин** – американский предприниматель и учёный в области вычислительной техники, информационных технологий и экономики, миллиардер. Разработчик и основатель *(совместно с Ларри Пейджем*) поисковой системы **Google.**

1993-году поступил в Стэнфорский университет в Калифорнии, где получил диплом магистра. Во время учёбы он стал интересоваться интернет- технологиями и **поисковыми машинами**. Стал автором нескольких исследований на тему извлечения информации из больших научных текстов.

Вместе с другим аспирантом и другом Ларри Пейджем объединились для создания поисковой системы для своего **кампуса.** Они написали научную работу «Анатомия системы крупномасштабного гипертекстного интернет-поиска», в которой содержится прообраз их будущей сверхуспешной идеи.

В 2004-году имена основателей были названы журналом «Forbes» в списке миллиардеров.

**Тексттен кийинки тапшырмалар**

***6. Ойлон, такта, колдон:***

• Ири финансылык колдоо болбосо, мындай долбоорлорду ишке ашыруу кыйын.

• Долбоорлорду ишке ашырууга жакшы досторуңду тартуу керек.

• Акыл, жөндөмдөн башка адамдарды ийгилик коштоп туруусу зарыл.

• АКШдан башка мамлекетте мындай ири компаниялар пайда болбойт эле.

• КРде келечектүү жаштар көп, аларга да филантроптук колдоо керек.

***7. Макалдарды окугула маанилерин салыштыргыла:***

Жакшы жашынан эл башкарат, жаман карыган сайын жашарат. *Хороший смолоду ведёт народ, а дурной чем больше стареет, тем больше молодеет.* Жакшы кушка жаман куш бабы менен теңелет. *Плохая ловчая птица сравняется с хорошей благодаря тренировке.* Жакшы менен дос болсоң, өлгүчөктү коштошот. *Если подружишься с хорошим, то он до самой смерти будет желать тебе добра.*

*8. Терминди эстеп калгыла:*

**Файрвол** – жеке тармактар каалаган учурда мамлекеттик тармак менен байланышат. Ошондуктан мекемелер маалыматтарын коргоо жана санкциясыз жетүүдөн камсыздандыруу чараларын көрүшөт. Санкциясыз жетүүдөн камсыздандыруу үчүн алар бир же андан көп сандагы коргонуу деңгээлдерин аткарышат. Алар файрвол деп аталат. Ал аппаратты каражаттарга жана программалык жабдыктарга тийиштүү болгон жалпы термин. Файрвол тармак берилиштерине жетүүнү чектөөдө көп колдонулат.

**9. «МТ тармагында ийгиликтүү иштөө үчүн кандай билгичтиктерге ээ болуу керек?»** деген темада эссе жазып келгиле.

### 12-тема: Интернет технологиялары. Web-сайттар.

**Лексика**: *Техникалык терминдерди бышыктоо:*

***Графика*** – компьютерди пайдаланып жасалган сүрөттөлүштөр

***гипершилтеме*** – бир веб-бетти башкасы менен байланыштыруучу тексттин бөлүгү же графика

***URL-web*** – беттин өздүк дареги

***web-бет*** – HTML де жазылган жана башка беттер менен гипер шилтемелердин жардамы аркылуу байланышкан электрондук иш кагазы

***web-камера*** – сүрөттөлүштөрдү компьютер аркылуу Интернетке жайгаштыруучу камера

***web-редактор*** – HTML кодду билбей туруп, Web-бетти түзүүгө мүмкүндүк берген программа

***web-сайт*** – ишкана-уюмдар же жеке адам тарабынан орнотулган Web-беттердин жыйындысы

**Текстке чейинки тапшырмалар**

*1. Төмөнкү терминдин аныктамасын окугула,тактоочторду ажыраткыла:*

**Веб-дизайн** (англ.web design) – веб-иштелмелеринин жана дизайндардын көп түрдүү тармагы. Ал сайттар үчүн пайдалануучулардын веб-интерфейстерин жана веб-баракчаларын түзүү милдеттерин камтыйт. Веб-дизайнерлер веб-баракчаларынын логикалык түзүлүшүн иштеп чыгат. Маалыматты жеткиликтүү берүүгө умтулат, аны өзгөчө көркөмдүк менен жасалгалайт. Веб-дизайн – бул графикалык дизайндын бир түрү болуп саналат. Ал эми веб-ди-

зайнерлер пайдалануучуларга жогорку эстетикалык сапат менен камсыз болгон маалыматтарды тартуулайт.

*2. Берилген суроолор боюнча маектешкиле:*

- Сайт түзүүгө керектүү программалар кайсылар?
- Натыйжалуу сайт түзүү үчүн эмнелерди эске алуу керек?
- Сайтты кардардын каалоосу менен эле түзүп коюу жетиштүү болобу?
- Тынымсыз иштеген сайтты кандайча колдоп туруу керек?
- КРда түзүлгөн сайттардан кайсынысы жогорку талаптарга жооп берген сайт деп эсептейсиң?

*3. Берилген сөз айкаштарын түшүндүргүлө жана алар менен сүйлөм түзгүлө:*

Веб-иштелмелери, графикалык дизайн, сайтты пайдалануучулар, веб-интерфейстери, веб-баракчалары, логикалык түзүлүшү, маалыматтын жеткиликтүүлүгү, сайттын көркөм жасалгасы, эстетикалык сапат.

*4. Төмөнкү этиштерди орус тилине которгула жана алардын синонимдеринин маанилерин түшүндүргүлө:*

Талап кылынат (керектелет), тандай билүү зарыл (талдай билүү керек), түшүнүп калышты (баамдап калышты), умтулушат (аракеттенишет), токтолушат (тандашат), жогору бааланат (жогорку баага ээ болот), ала алышат (ээ болушат), эсептешет (ойлошот).

*5. Кара менен басылган терминдерди сөздүк менен которгула:*

- лендинг
- флэш-анимация
- слайдерлер
- тренд
- клик

**Текст менен иштөө:**

*Тексттеги ат атоочторду бөлүп көрсөткүлө, аларды талдагыла:*

**Сапаттуу сайт – ийгиликтин ачкычы**

Азыркы учурда «веб-дизайнер» кесиби кеңири таркалган кесип болуп бара жатат. Анткени маалымат технологиялары ар тараптуу өнүгүп, адам ишмердүүлүгү интернет менен тыгыз байланышта болууда. Интернет технологиялары боюнча адистер так ушул муктаждыктардан улам талап кылынат. Веб-иштелмелер – бул өтө тез ылдамдыкта өнүгүп жаткан тармак болуп саналат. Ошондуктан бул тармактын өз чебер-устаттары, үйрөнчүктөрү жана жөндөмсүздөрү кездешет. Аларды талдап жана тандай билүү зарыл.

Учурда ишкерлер интернет дүйнөсү бизнес жүргүзүүнүн эң күчтүү кыймылдаткычы экендигин жакшы түшүнүп калышты. Ошондуктан алар өз сайттарын кесипкөй адистерге тапшырып, кызыктуу жана кыймылдуу сайттарга ээ болууга умтулушат. Ишкерлер азыркы учурда **лендинг** баракчасына токтолушат. Бир аз мурда үч бөлүккө бөлүнгөн тиркемелер, андан кийин кооз **флеш-анимациялар** жана барактала турган **слайдерлер тренд** болуп келди. Учурда кесипкөйлөр тарабынан эң жөнөкөй түзүлгөн жана негизги маалыматты даана чагылдырган сайт жогору бааланат. Мындай сайттар эки **клик** менен керектөөчүгө жетип, бардык маалыматты ашыкча убакыт жана күч-аракет кетирбей ала алышат. Мыкты сайт түзүүнүн эстетикасы мына ушунда болуп эсептелет.

Ишкерлер өз бизнеси үчүн сайт түздүрүүдө бул тармакты жакшы талдаган адистин кеңешин угуусу зарыл. Анткени ал керектөөчүлөрдүн талабына жараша маанилүү маалыматтар менен жасалганы ылайыктуу. Бардыгы жөнөкөй, кыймылдуу жана кайталангыс өз алдынчалыкка ээ

болгону маанилүү деп эсептешет. Демек, мына ушундай сайттар гана азыркы бизнес талабына жооп берет. Эгерде сайтты ар дайым жаңы маалыматтар менен толуктап турса, ал дайыма керектелген жана пайда алып келген сайт болуп калат.

*Суроолорго жооп бергиле:*

• Интернет технологиялары боюнча адистер эмне үчүн көбүрөөк талап кылынууда?

• Веб-иштелмелер кандай тармакка айланууда жана ал тармакта кандай адистер кездешет?

• Эмне үчүн ишкерлер мыкты сайт түзүүгө умтулушат?

• Ишкерлер арасында кандай сайттар тренд болуп келген?

• Азыркы учурда сайттарга коюлган талаптар кандай?

• Сен КРда кайсы сайттарды мыкты жасалган деп эсептейсиң?

*6. Текст боюнча **Инсерт ыкмасы** менен таблица толтургула*

*(билчүмүн∨, билдим+, билгим келет-? )*

*7. Берилген сүйлөмдөр кайсы аныктамаларга туура келе тургандыгын таап жазгыла:*

Бир веб-бетти башкасы менен байланыштыруучу тексттин бөлүгү же графика ......... . Ишкана-уюмдар же жеке адам тарабынан орнотулган Web-беттердин жыйындысы ....... . Веб-иштелмелеринин жана дизайндардын көп түрдүү тармагы ........ деп аталат. Ал эми ......... пайдалануучуларга жогорку эстетикалык сапат менен камсыз болгон маалыматтарды тартуулайт. Учурда кесипкөйлөр тарабынан эң жөнөкөй түзүлгөн жана негизги маалыматты даана чагылдырган ....... жогору бааланат. Мыкты сайт түзүүнүн ......... жана ..... мына ушунда болуп эсептелет.

*8. Сунушталган кырдаалдын себептерин аныктап, сүйлөмдөрдү улантып жазгыла:*

Азыркы учурда «веб-дизайнер» кесиби кеңири таркалган кесип болуп бара жатат. **Анткени..........** . Веб-иштелмелер - бул өтө тез ылдамдыкта өнүгүп жаткан тармак болуп саналат. **Ошондуктан ..........**

Учурда ишкерлер интернет дүйнөсү бизнес жүргүзүүнүн эң күчтүү кыймылдаткычы экендигин жакшы түшүнүп калышты. **Ошондуктан ......**

Ишкерлер өз бизнеси үчүн сайт түздүрүүдө бул тармакты жакшы талдаган адистин кеңешин угуусу зарыл. **Анткени........** . Бардыгы жөнөкөй, кыймылдуу жана кайталангыс өз алдынчалыкка ээ болгону маанилүү деп эсептешет. **Демек .......** .

*9. Берилген жооптордун туура вариантын тандап жазгыла:*

Интернет технологиялары боюнча адистер так ушул муктаждыктардан улам ар бир (*чет элдик, чоң, олуттуу*) компанияларда талап кылынат.

Веб-иштелмелер – бул өтө тез ылдамдыкта өнүгүп жаткан (*базар, тармак, шоу-программа*) болуп саналат. Ошондуктан алар өз сайттарын (*кесипкөй, үйрөнчүк, жөндөмсүз*) адистерге тапшырып, кызыктуу жана кыймылдуу сайттарга ээ болууга умтулушат. Ишкерлер азыркы учурда (*флеш-анимациялар, слайдерлер, лендинг баракчасына*) токтолушат.

Ишкерлер өз бизнеси үчүн сайт түздүрүүдө бул тармакты жакшы талдаган (*адистин, жолоочунун, туугандардын*) кеңешин угуусу зарыл.

10. *Диалогду окуп чыккыла жана кошумча киргизгиле:*

– Атактуу программисттерден кимдерди билесиң?

– **Бьёрн Страуструп, Стив Возняктын** билемин.

– Алар жеке компьютерлердин түзүлүшүнө жана программалаштыруу иштерине кандай салымдарын кошкон?

– Стив Возняк 1970-жылдары Стив Жобс менен бирдикте Apple компаниясын негиздеген жана жеке компьютерлердин аппараттык бөлүктөрүн жана программаларын түзүүгө катышкан.

– Бьёрн Страуструп кандай ийгиликтерге жетишкен?

– Ал С+ программалоо тилин иштеп чыккан. Ири долбоорлор үчүн кыска убакыттын ичинде натыйжалуу программа иштеп чыгуу ыкмасын киргизген.

– Бьёрн Страуструп иштеп чыккан С+ программа тили азыр да колдонулабы?

– Ооба, ал иштеп чыккан С+ программа тилинин негизинде бир нече заманбап программалаштыруу ыкмалары табылып, азыркы учурда жемиштүү иштеп жатат.

– Кыргыз улутундагы белгилүү программисттер барбы?

– Албетте, дүйнөгө белгилүү Googl компаниясында иштеген Тимур Маанаев

жана жергебизде жемиштүү эмгектенген Медер Болгонбаев сыяктуу ондогон таланттуу программисттер бар.

– Рахмат, сен программисттер тууралуу көп нерселерди билет экенсиң. Мен да келечекте өз ишин мыкты билген программист болгум келет.

*11. Төмөнкү кырдаал боюнча түзүлгөн маек кебин уланткыла:* **Сизге келген кардар азыраак каражат менен мыкты сайт түзүүнү каалайт:**

– Саламатсызбы!

– Саламатчылык. Келиңиз.

– Мен сиздерге өз компаниямдын сайтын түздүргөнү келдим.

– Абдан жакшы болот. Кайсы типтеги сайт түздүрөсүз?

– Менин каражатым азыраак, бирок жакшы жана чакан сайт болсо дейм.

– Биз өз ишибизди ар дайым жакшы жасаганга умтулабыз.

– Азыр ишкерлер кандай сайттарды жасатышат?

– Бир аз мурда үч бөлүккө бөлүнгөн тиркемелер, андан кийин кооз **флеш-анимациялар** жана баракталa турган **слайдерлер тренд** болуп келди.

– Булар абдан эле татаал жана кымбат болсо керек.

– Ооба, булар веб-дизайнерлердин жана пайдалануучулардын да көп убактысын алган. Каражатты да көбүрөөк талап кылган.

– Кандай сайт бардык жагынан үнөмдүү болот?

– Ишкерлер азыркы учурда **лендинг** баракчасына токтолушат. Бардыгы жөнөкөй, кыймылдуу жана кайталангыс өз алдынчалыкка ээ болгону маанилүү деп эсептешет.

– Мага так ушундай лендинг баракчасын жасап бергиле. Калганын дагы тактайбыз.

– Болуптур, сиздин буйрутмаңыз кабыл алынды. Маалыматтарды бизге таштап кетиңиз. Жакшы барыңыз.

– Маалыматтарды электрондук дарегиңерге жөнөтөмүн. Жакшы калгыла.

*(Кардар менен 2-жолу жолугушуу учурундагы маекти түзгүлө)*

**Тексттен кийинки тапшырмалар**

***12. Ойлон, такта, колдон:***

• Товарың сапаттуу болсо, сайтсыз деле ийгиликтүү иштеп кетсе болот.

• Сайт түзүүчүлөр абдан көп, ошондуктан алардын арзанын тандаш керек.

• Сайт канчалык кооз, башкача болуп турса, ага ошончолук көп пайдалануучулар киришет.

• Жакшы түзүлгөн сайтты улам-улам өзгөртө берүүнүн кажети жок.

• Жакшы сайт эмне экендигин ар бир адам түшүнөт, ошондуктан бул маселе боюнча ишкерлер өз оюна гана таянуусу зарыл.

13. КРде **жасалган «эң мыкты» жана «эң начар»** деп эсептеген эки сайтты эксперт катары талдап чыккыла. Ойңарды жүйөлөр менен далилдегиле.

14. **«Мыкты сайт»** түшүнүгүнө кластер түзгүлө жана өзүңөр түзгөн өнүмгө **(визитка, календарь, интернет-дүкөнү, бизнес баракчасы)**

презентация түзүп көрсөткүлө.

**15. Макалдарды окугула жана маанилерин түшүндүргүлө:**

Жаштын кайраты бар, карынын айбаты бар. Жеңилбес кол – эл, кыйшайбас жол – эмгек. Желдин чаңдуусу жаман, сөздүн каңкуусу жаман. Жер түшүмдүн энеси, эмгеги анын атасы. Жетеси жокту жетелесе билбейт, акылы жокту алдаса билбейт. Жетесизге кеп айтсаң, беттен алып аркырайт. Жети баштуу ажыдаардан коркпо, эки жүздүү адамдан корк.

***Макалдарды окугула, алардын маанисин салыштыргыла:***

Көңүлдөгү сырды көз билдирет. *Тайну в сердце выявляют глаза.* Көп жашаган билбейт, көптү көргөн билет. *Знает не тот кто много жил, а тот кто много видел; не спрашивай старого, а спрашивай бывалого.*

*16. Терминди жазып алгыла:*

**Сайт, веб-сайт** – гипербайланыштагы документтерди камтып, интернетте орнотулган тармак оруну веб-сайт деп аталат. Бир эле компьютерде бир нече тармак оруну болушу мүмкүн. Мисалы, майда мекемелер же адамдар тармак орундарын бир компьютерде жайгаштырса болот.

**График** – текстти иштетүү пакеттерине көптөгөн сүрөттөрдү (*графиктерди*) кошууга туура келет. Ошондуктан сүрөт галереясы деп аталган, мурда түзүлгөн сүрөттөрдүн

жыйындысы колдонулат. Анда жыйналган сүрөттөлүштөр типтери боюнча топтолгон жана ар бирине бир нече жүздөгөн, миңдеген сүрөттөлүштөр киргизилет. Эгерде графиктик обьект документке орнотулса, анда аны документтин ичинде бир орундан экинчи орунга которууга, өлчөмүн өзгөртүүгө жана түстөрүн алмаштырууга мүмкүндүк түзүлөт.

## 13-тема: Кыргызстандагы белгилүү сайттар

**Лексика**: *Техникалык терминдерди бышыктоо:*

**Текстке чейинки тапшырмалар**

*1. Суроолор боюнча өз ара маектешкиле:*

• Веб-сайттардын сапаты кайсы белгилер аркылуу аныкталат?

• КРде эң керектелген сайттар кайсылар деп эсептейсиң?

• Жаштардын билим жана кесип алышына зор түрткү берген сайт кайсы?

• Күнүмдүк керектүү товарларды жана кызматтарды сунуштаган сайттардын кызматтарын кандай баалайсың?

• Дүйнөлүк атактуулукка жетишкен сайттардын ийгилик сыры эмнеде деп ойлойсуң?

• Сенин жашоондо жана окууңда зор көмөк берген сайт тууралуу айтып бере аласыңбы?

*2. Берилген сөз айкаштарын түшүндүргүлө жана аларды орус тилине которгула:*

Интернет мейкиндиги, көп талап кылынган, талдоочулардын пикири, дүйнөлүк аброй, издөө тутуму, социалдык түйүндөр, алдыңкы орундар, жаңылыктарды жеткирүү, кеңири таралган, жергиликтүү сайттар, алдыңкы саптарында, маалымат берүүчү, өнүгүп келе жаткан, саясатташкан кызыгуулар, кийинки орунда, ишенимине ээ боло элек.

*3. Төмөнкү сөздөрдүн синонимдерин окугула, сөз түркүмдөрү боюнча талдагыла жана алар менен сүйлөм түзгүлө:*

Эң көп талапка (*эң көп керектөөгө*), талдоочулар (*эксперттер, аналитиктер),* ири таймашында (*чоң сыноосунда*), кубандырбай койбойт *(сүйүнтөт*), жумуш орундары (*иш орундары, вакансиялары*), жакшы баалар (*жогорку баалар*), объективдүү (*реалдуу),* соода–сатык (*алып сатуу*), аныктап турат (*тастыктап турат*).

*4. КРдеги сайттардын төмөндө берилген кыскача мүнөздөмөлөрүн жазгыла, алар республикабыздагы белгилүү башка сайттар менен толуктагыла:*

«Супер-Инфо» (http:\\www.Super.kg\), «Вечерний Бишкек» (http:\\www. Vb.kg\, Akipress (http:\\www. Akipress.kg\) маалымат агенттиги, «Кабар» (http:\\www. kabar.kg,\) агенттиги, Президенттин расмий сайты (http:\\www.president.kg \), (www.Referat tal.kg), (http:\\sos. for. kg), (http:\\extra.kg), (lalafo.kg), (http:\\www.Svetofor.kg)

**Текст менен иштөө:**

**Кыргызстандагы белгилүү сайттар**

*Тексттеги энчилүү зат атоочтордун жазылыш эрежелерин түшүндүргүлө:*

Азыркы учурда коомдук турмушту маалымат технологияларсыз элестетүү мүмкүн эмес. КРда ар бир жаш адам да өз турмушун алдыңкы технологиялар менен тыгыз байланышта карайт. Республикабыздын интернет мейкиндигиндеги эң көп талапка ээ болгон сайттар талдоочулардын пикири боюнча төмөнкүлөр болуп эсептелет. Албетте, дүйнөлүк абройго жетишкен издөө тутуму Google.GOM (2), google.RU (8) жана социалдык түйүндөрдөн *одноклассники* (1) жана facbook (5), diesel, elgat (10), instagramm (17) алдыңкы орундарды бербей келишет. Ал эми маанилүү жа-

ңылыктарды жеткирүү боюнча yandexRu (9) жана MAIL (14) компаниясынын долбоору алдыңкы орундарда турат. Эң кеңири таралган интернет дүкөн Alibaba (12) болуп саналат.

Маалымат технологияларынын ири таймашында жергиликтүү сайттардын орду жана мааниси кандай? Бул суроого биздин маалымат агенттиги Akipress КРсы белгилүү сайттардын алдыңкы саптарында экендиги (19) кубандырбай койбойт. Дүйнөлүк атактуу сайттардан сырткары жергиликтүү пайдалануучулар арасындагы көп талапка ээ болгон сайттардын сап башында «Супер-Инфо» (http:\\ www. Super.kg\), «Вечерний Бишкек» (http:\\ www.Vb.Kg\, Akipress (http:\\ www. Akipress.Kg\) маалымат агенттиги, «Кабар» (http:\\ www.kabar.kg,\) агенттиги, Президенттин расмий сайты (http:\\www.president.kg\) турат. Андан кийинки орундарды билим берүүчү же студенттер көп колдонгон «Реферат» сайты ээлейт. (www. Referat.tal. kg), КРгы өзгөчө кырдаалдар тууралуу маалымат берүүчү (http:\\sos.for.kg) сайты жана республикабыздагы сайт жасоо, аны жылдыруу ыкмаларын үйрөткөн (http:\\extra. kg) сайттары ээлешкен. Азыркы учурда жаңы өнүгүп келе жаткан интернет соода дүкөндөрү жана жумуш орундары тууралуу маалымат берген сайттар да (lalafo.kg), (http:\\ www.Svetofor.kg) жакшы бааларга ээ болушкан.

Берилген талдоолор республикабыздагы интернет пайдалануучулары тарабынан объективдүү, коомдук саясий жаңылыктар эң керектелген тармак экендиги ачык көрүнөт. Бул багыттагы сайттардын көптүгү кыргыз коомчулугунун дагы эле саясатташкан кызыгууларын билдирет. Билим берүү, маалымат алуу сайттары кийинки орунда калгандыгы ушуну менен түшүндүрүлөт. Интернет аркылуу соода-сатык иштери азырынча кыргыз коомчулугунун ишенимине көп ээ боло элек. Ал багытты замандын тала-

бын жакшы түшүнгөн жаштар өздөштүрүп жаткандыгын сайттардын саны жана ээлеген орду аныктап турат.

*5. Суроолорго жооп бергиле:*

• Азыркы учурда жашоо-турмушубуз алдыңкы технологиялар менен кандайча тыгыз байланышкан деп ойлойсуң?

• Республикабыздын интернет мейкиндигиндеги эң көп талапка ээ болгон сайттар эмне үчүн чет элдик белгилүү сайттар болуп эсептелет?

• Жергиликтүү пайдалануучулар арасындагы көп талапка ээ болгон сайттар кайсылар экен? Аларга берген сенин мүнөздөмөң туура келдиби?

• Эмне үчүн КРде коомдук саясий жаңылыктар эң керектелген тармак болуп саналат?

• Интернет аркылуу соода-сатык иштери эмне үчүн кыргыз коомчулугунун ишенимине ээ болбой жатат?

• Эгерде сен келечекте өз сайтыңды түзө турган болсоң, кайсы мазмундагы сайтты тандайт элең?

*6. Сүйлөмдөрдү текст боюнча толуктап жазгыла:*

Албетте, дүйнөлүк абройго жетишкен издөө тутуму ........ жана социалдык түйүндөрдөн ........ алдыңкы орундарды бербей келишет. Ал эми маанилүү жаңылыктарды жеткирүү боюнча .......... жана ........ компаниясынын долбоору алдыңкы орундарда турат. Эң кеңири таралган интернет дүкөн .... болуп саналат.

Жергиликтүү пайдалануучулар арасындагы көп талапка ээ болгон сайттардын сап башында .......... турат. Андан кийинки орундарды билим берүүчү же студенттер көп колдонгон .............., КРда өзгөчө кырдаалдар тууралуу маалымат берүүчү ............. сайты жана сайт жасоо, аны жылдыруу ыкмаларын үйрөткөн .......... сайттары ээлешкен. Жаңы өнүгүп келе жаткан интернет соода дүкөндөрү жана жумуш орундары тууралуу маалымат берген сайттар да ........... жакшы бааларга ээ болушкан.

*7. Диалогду окуп чыккыла жана өз билимиңер менен кошумча киргизгиле:*

– КРда жаштар арасында кеңири белгилүү болгон дагы кайсы сайттарды билесиң?

– Мен өз ишмердигин жаштарга багыттап иштеген Клооп сайтын (Kloop.kg) абдан жогору баалаймын.

– Абдан кызыктырып койдуң? Ал башкалардан эмне артыкчылыктары менен айырмаланат?

– Ал эки тармактан турат. Биринчиси КРда болуп жаткан окуялар тууралуу макалалар, экинчиси - блог платформасы. Сайттын маалымат бөлүмү орто мектептин жогорку класстарында же университеттерде окуп жаткан жөндөмдүү жаштар тарабынан даярдалат. Бул сайтка кирип, өз интернет баракчаңды ачып алсаң да болот.

– Клооп сайтын (Kloop.kg) уюштуруучулар кимдер?

– Клооп сайтынын (Kloop.kg) долбоору 2006-жылдын июль айында Бектур Искендер жана Ринат Тухватшиндин идеялары боюнча Нидерландиянын Hivos гуманитардык фондунун колдоосу менен иштей баштаган.

– Жаңылыктарды жасаган сайттар КРде абдан эле көп, Клооп сайты (Kloop.kg) кайсы өзгөчөлүктөрү менен айырмаланат?

– Ал өзүнүн баракчаларында сапаттуу, эл аралык журналистиканын талаптарына туура келген макалаларды чыгарууга аракет жасайт. Клооп сайты (Kloop.kg) республикабыздагы сапаттуу, көз карандысыз жана чындыкка таянган маалымат ресурсу катары жогору бааланат.

– Билим берүү тармагы боюнча да иш алып барабы?

– Ооба, ал Бишкектеги балдар медиа борбору менен бирге жаштарды журналистика менен тааныштырууга, кесиптин сырларын өздөштүрүүгө жана иштөөгө да жардам берип келе жатат.

– Абдан жакшы иштерди жүргүзүп жатышкан экен. Клооп сайтынын (Kloop.kg) ишине ийгиликтерди гана каалаймын.

**Тексттен кийинки тапшырмалар**

***8. Ойлон, такта, колдон:***

• КРда сайтты пайдалануучуларды жаңылыктар жана көңүл ачуулар гана кызыктырат.

• Адамдарды бири-бирине жакындатып, маек уюштурган сайттар көп болгону жакшы.

• Дүйнөдө эң көп керектелген билим берүүчү, кесипке үйрөтүүчү сайттар болуп саналат.

• Келечекте соода-сатык интернет аркылуу гана болуп калат, ошондуктан интернет дүкөндөр сайттарын ачуу керек.

• Таланттуу жаш программисттер акча табуу үчүн чет өлкөгө кетип жатышат.

• Маалымат технологиялары тармагына учурда мамлекет тарабынан финансылык зор колдоолор зарыл.

*9. Текст боюнча **Инсерт ыкмасы** менен таблица толтургула (билчүмүн ∨, билдим+, билгим келет?)*

| **билчүмүн ∨** | **билдим +** | **билгим келет?** |
|---|---|---|
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |

10. **«Менин кыялымдагы сайт»** деген темада эссе жазгыла

*11. Терминдерди жазып алгыла:*

**Смарт-кард** – ичине микропроцессор орнотулган пластик кард. Электрондук капчык катары пайдаланылат.

Смарт-карттарда тастыктамаларды, ачык жана жабык ачкычтарды, купуя сөздү жана башка өздүк маалыматтарды сактоого болот. Аны окуу үчүн компьютер менен туташтырылган атайын түзүлүш пайдаланылат.

***12. Макалдарды жазгыла, алардын маанисин түшүндүргүлө:***

Кезеги келсе кетмен чап, орою келсе орок ор. Кежирди базар оңдойт, сараңды мазар оңдойт. Кең пейилдүү кемибейт, тар пейилдүү жарыбайт. Кекчил болбой эпчил бол. Кемчиликти айтпасак, кесепети уланат. Кеп билген адам - көп билген адам. Кеп көтөрбөй жакшы болбойт, тер көтөрбөй күлүк болбойт.

***Макалдарды окугула, алардын маанисин салыштыргыла:***

Куйма кулакка айтсаң, куюп алат, акма кулакка айтсаң, агып кетет. *Скажи понятливому - он усвоит, скажи беспамятному - он забудет.* Кумурска кичинекей болсо да, кайраты тоо аңтарат. *Мал муравей, но сила его горы сворачивают; мал золотник, да дорог.*

## 14-тема: Кыргызстандагы IT компаниялар

**Лексика**: *Техникалык терминдерди бышыктоо:*

**Текстке чейинки тапшырмалар**

*1. Суроолор боюнча өз ара маектешкиле:*

• Сен маалымат технологиялары менен алектенген КР-деги кайсы компанияларды билесиң?

• Алардын натыйжалуу жана ийгиликтүү иштеп жаткандары кайсылар?

• Мамлекеттик маанидеги ири долбоорлорго жергиликтүү МТ компаниялар кандай деңгээлде катышып жатышат?

• МТ компаниялардын ишин өнүктүрүү үчүн эмнелерди жасоо керек деп ойлойсуң?

• Эгерде сага өндүрүштүк практикадан өтүү үчүн МТ компаниялардын бирин тандоо керек болсо, кайсы компанияны тандайт элең?

*2. Берилген сөз айкаштарын түшүндүргүлө, аларды орус тилине которгула:*

Тез өнүгүп жаткан, ал багытта алектенген, бир кыйла өстү, тажрыйбалуу ишканалар, иштеп чыгуу, эсеп-кысап тармагы, аймактык дистрибьютери, жеткиликтүү болушуна, сатуу жана орнотуу, МТ кызматтарынын, кеңсе техникаларын сатуу, Wi-Fi тартуу, видео байкоолорду орнотуу, МТ тутумун талдоо, жабдып жаткан, интернет кызматтарын, билим берүүчү, кызматкерлерине, кесипкөйлөрдү, кыска мөөнөттө, окутуп даярдоо.

*3. Төмөнкү сөз жана сөз айкаштарынын синонимдери менен сүйлөм түзгүлө:*

Пайда болгон (*уюштурулган, негизделген);* тутумун иштеп чыгуу (*жасаган, сунуштаган*); жылдырган (*бекемдеген, өнүктүргөн*); аймактык (*региондук*); макамын (*статусун)*; жеткиликтүү (*түшүнүктүү, жеңил*); тутумун талдоо (*баалоо, аныктоо*); консультанты (*кеңешчиси)*; жабдып жаткан (*камсыздап жаткан, жеткирип жаткан*); МТ кесиптери (*IT адистиктери)*; жигердүү (*тез, ыкчам).*

**Текст менен иштөө:**

**Кыргызстандагы IT компаниялар**

*Тексттеги энчилүү зат атоочтордун жазылыш эрежелерин түшүндүргүлө:*

КРдин экономикасындагы эң жаш жана абдан тез өнүгүп жаткан тармактардын бири - бул маалымат технологиялары тармагы. Ал багытта алектенген компаниялардын саны акыркы жылдары бир кыйла өстү. Бул компаниялардын арасында республикабыз көз карандысыздык ал-

ган алгачкы жылдарда пайда болгон тажрыйбалуу ишканалар да бар. Алардын эң ирилеринин бири **«1С-Като Экономикс»** компаниясы болуп саналат. «1С-Като Экономикс» компаниясы 1994-жылы август айында негизделген. Ал бухгалтердик эсептин автоматташтырылган тутумун иштеп чыгуу жана жылдыруу иштери менен алектенет. 2004-жылы эсеп-кысап тармагы үчүн өз программасын чыгарып, белгилүү 1С фирмасынын Кыргызстандагы аймактык дистрибьютери болуп калган. Ал эми 2005-жылдан тартып «1С фирмасынын КРдагы региондук дистрибьютери» деген макамды алган. Бул ийгиликтүү компания маалымат технологиялары калктын көпчүлүк бөлүгүнө жеткиликтүү болушуна умтулат.

Кыргыз-орусиялык **«Инфо Порт»** ишканасы 1С-Битрикс компаниясынан алынган даяр программаларды сатуу жана орнотуу иштерин жүргүзүп келе жатат. Ал эми **«AnyWay»** компаниясы МТ кызматтарынын бардык түрлөрүн чакан, орто бизнестегилер жана жеке ишкерлер үчүн сунуштап келет. Алардын ишмердүүлүгү ЖК жана кеңсе техникаларын сатуу, орнотуудан баштап локалдык тармактарды,Wi-Fi тартуу, видео байкоолорду орнотуу, МТ тутумун талдоо сыяктуу кызматтарды камтыйт. **»CRM Technologies»** компаниясы Европанын кайра куруу жана өнүктүрүү банкынын бизнести автоматташтыруу проектилерин КРда ишке ашыруу боюнча жергиликтүү консультанты болуп эсептелет. Бул багытта компания бир топ иштерди ийгиликтүү аткарып келе жатат. Мамлекеттик жана жеке секторлорду маалымат техникасы, программалары менен жабдып жаткан **«IT Solitions»** жана **»Iet«** компаниялары да натыйжалуу иштеп жатышат. Алар хостинг (*сайттар үчүн серверлер*) жана домен (*сайттардын аталыштары*) сыяктуу интернет кызматтарын көрсөтүшөт.

Акыркы жылдары МТ тармагында билим берүүчү компаниялар көбүрөөк ачыла баштады. Алар **«Attraktor School», »Redmouse»** сыяктуу МТ кесиптери боюнча сапаттуу билим берүүнү, башка компаниялардын кызматкерлерине трениниг-семинарларды өткөрүүнү максат кылат.

**«МТ Академия»** окуу борбору КРдеги программалык камсыздоо жана кызмат көрсөтүү ассоциациясы тарабынан негизделген. Алардын негизги максаты да жигердүү өнүгүп жаткан МТ тармакка азыркы талапка жооп берген кесипкөйлөрдү кыска мөөнөттө окутуп даярдоо болуп саналат. Жергебизде азыр ондогон башка МТ компаниялары ийгиликтүү иштеп жатышат.

*4. Суроолорго жооп бергиле:*

• Эмне үчүн маалымат технологиялары тармагын ыкчам жана тез өнүгүп жаткан тармак деп айтабыз?

• Кыргызстандагы МТ компаниялардын эң тажрыйбалуусу деп кайсы ишкананы аташат?

• МТ кызматтарынын бардык түрлөрүн чакан, орто бизнестегилер жана жеке ишкерлер үчүн сунуштаган кайсы компания?

• Европанын кайра куруу жана өнүктүрүү банкынын бизнести автоматташтыруу долбooруна кайсы компания тандалган?

• Мамлекеттик жана жеке секторлорду маалымат техникасы, программалары менен кайсы компания жабдып жатат?

• Акыркы жылдары МТ тармагында билим берүүчү компаниялар эмне максатта көбүрөөк ачыла баштады?

*5. Сүйлөмдөрдү текст боюнча толуктап жазгыла:*

Ал багытта алектенген компаниялардын саны акыркы жылдары ...... . Алардын эң ирилеринин бири .......... компаниясы болуп саналат. Ал эми 2005-жылдан тартып ........ деген макамды алган. Кыргыз-орусиялык ............ 1С-Битрикс компаниясынан алынган даяр программалар-

ды сатуу жана орнотуу ишмердүүлүгүн жүргүзүп келе жатат.

Алардын ишмердүүлүгү ЖК жана кеңсе техникаларын сатуу, орнотуудан баштап ......... сыяктуу кызматтарды камтыйт. ............ банкынын бизнести автоматташтыруу долбоорун КРда ишке ашыруу боюнча жергиликтүү консультанты болуп эсептелет. Алар хостинг ........ жана .......... сыяктуу интернет кызматтарын көрсөтүшөт. Акыркы жылдары МТ тармагында ...... компаниялар көбүрөөк ачыла баштады.

*6. Текстте берилген МТ компаниялардын кыскача мүнөздөмөлөрүн жазгыла, аларды республикабыздагы белгилүү башка МТ компаниялар менен толуктагыла:*

«1С-Като Экономикс» компаниясы, «Инфо Порт» компаниясы, «AnyWay» компаниясы, «CRM Technologies» компаниясы, «IT Solitions» жана «Iet» компаниялары, «Attraktor School», «Redmouse», «IT Академия» .................. компаниялары

**Тексттен кийинки тапшырмалар**

***7. Ойлон, такта, колдон:***

• Республикабыздагы белгилүү МТ компаниялар «1С-Като Экономикс» ишканасынан башкасы даяр программаларды сатуу менен гана иштешет.

• Маалымат технологиялары мамлекеттик колдоо жана каржылоо болбосо жакшы өнүкпөйт.

• Кыска мөөнөттөгү курстарды ачуу менен сапаттуу адистерди даярдоо маселесин чечүү мүмкүн эмес.

• Маалымат технологияларын өнүктүрүү үчүн кубаттуу техникалык колдоосу бар өнүккөн өлкөлөр менен өнөктөш катары иштеш керек.

• Жаңы программалардын ийгиликтүү иштеп, экономикага пайда алып келиши үчүн, таланттуу жаштарды өстүрүү зарыл.

*8. Терминдерди жазып алгыла:*

**Маалыматтык билимдүүлүк** – маалыматтарды табууну, талдоону жана колдоно билүү көндүмдөрдүн биримдигин айтышат. Башка булактардан маалымат жыйнап, анын арасынан керектүүсүн тандап, андан кийин аларды иреттеп чыгуу зарыл. Ушундай иштерден кийин гана чечим чыгаруу же белгилүү бир иш-аракеттерди аткаруу маалыматтык билимдүүлүк болуп саналат.

**Жеке маалымат башкаргыч** – күн сайын пайдалануучу жеке маалыматтарды көзөмөлдөөгө жардам берет. Мындай маалыматтардын көп түрлөрү бар: жолугушуулар, аткарылуучу иштердин тизмелери, телефон сүйлөшүүлөрү, болжолдуу багыт же келечектеги долбоорлор. Жеке маалымат башкаргыч төмөнкү элементтерди сунуш кылат: жолугушуунун календарын, электрондук жазуу китепчесин, менеджерлерге тапшырмаларды жана берилиштерди, керектүү текстти издөөнү камтыйт. Айрым аракеттерди чектеп коюуга же эки иш-чара дал келип калса, ал тууралуу эскертип турат. Электрондук жазуу китепчелери түшүндүрмөлөрдү жазып турууга мүмкүндүк берет. Жеке маалымат башкаргыч пакеттерине Microsoft Quitlook, Ecco Pro, Lotus Organizer кирет.

***9. Макалдарды жазгыла жана маанилерин түшүндүргүлө:***

Иштесең көл болот, иштебесең чөл болот. Ишти сүйсөң, ишмер болосуң. Ишти ыгына карай иште, баланы шыгына карай тарбияла. Иштин көзүн уста билет. Иштүүгө убакыт жетпейт, ишсизге убакыт өтпөйт. Кайраты жоктун сабыры жок, сабыры жоктун кадыры жок. Кайраты бар кишинин берекеси бар ишинин. Кайратың болсо, жылдыздын да эсебин чыгарасың. Калак кайраттуу болсо, кайык баарына чыдайт.

***Макалдарды окугула жана маанилерин салыштыргыла:***

Макал атасы – сөз, мата атасы – бөз. *Начало пословицы – слово,начало ткани – бязь.* Миң кишинин атын билгенче, бир кишинин сырын бил. *Чем знать имена тысяч, лучше знай тайну одного человека.* Мээнетиң катуу болсо – татканың таттуу болот. *Если труд твой тяжел, то пища твоя будет сладкой.*

**10. «Эгерде мен IT компаниянын директору болсом ...»** деген темада эссе жазып келгиле

## 15-тема: Интернет технологиялары. Презентациялар

**Лексика:** *Техникалык терминдерди бышыктоо:*

**Текстке чейинки тапшырмалар**

*1. Суроолор боюнча өз ара маектешкиле:*

- Компьютер графикасы тууралуу эмнелерди билесиң?
- Сен презентация түзгөндө кайсы программаларды колдоносуң?
- Ийгиликтүү презентация жасоо үчүн кандай шарттар керек?
- Графиканы көргөзүүнүн программалык жабдыгы кайсы милдеттерди аткарат?

*2. Берилген сөз айкаштарын түшүндүргүлө, аларды орус тилине которгула:*

Иллюстративдик маалымат, сандык берилиштерди, диаграммаларды түзүү, сүрөт тартуу, түс салуу, презентацияларды көрсөтүү, иштелип чыгып, ишкана жамааты, эксперттер тобу, аналитикалык көрсөтүү, үч өлчөмдүү, атайын каражаттар, жарнамалык баракчалары, слайддар жадыбалын, атайын эффектерди, жогорку сапаттагы.

**Текст менен иштөө:**

**Презентацияларды көрсөтүүчү программа жабдыгы**

*3. Тексттеги жалпы зат атоочтордун жөндөмө мүчөлөрүн ажыраткыла:*

Компьютер графиги тексттик эмес иллюстративдик маалымат болуп саналат. Алгач компьютер графиги сандык берилиштерди график түрүндө көрсөтүүдө жана талдоодо колдонулган. Кийин ал диаграммаларды түзүүдөн чыгып, учурда сүрөт тартуу, түс салууда жана презентацияларды көрсөтүүдө натыйжалуу пайдаланылат.

Презентация – слайд деп аталган документтердин тобунан турат. Графикти көрсөтүү алдын ала иштелип чыгып, ишкана жамаатына же эксперттер тобуна көрсөтүүгө арналат. Слайддар чоң мониторго же экранга чыгарылып көрсөтүлөт. Мындай аналитикалык көрсөтүүлөрдөн башка графиктик көрсөтүү программасы башка элементтерди да сунуштайт:

- Графиктин көп сандаган типтери;
- График, текст жана сүрөттөрдүн үч өлчөмдүү көрсөтүлүшү;
- Штрихтөө, көлөкө жана текстура сыяктуу; атайын каражаттар;
- Үн жана анимация;
- Түстүн өзгөрмөлүүлүгү;
- Графиктик сүрөттөлүштөрдүн жыйындысы;

Слайддардан сырткары мындай программа көрсөтүүлөр үчүн документтердин башка түрлөрүн түзүүгө да мүмкүндүк берет. Аудитория үчүн экиден көп слайддарды камтыган жарнамалык баракчалары түзүлөт. Ал эми атайын бир маселеге арналган слайддарды жазуулар же колдонуучунун үнү коштоп турат. Презентацияны көрсөтүүнү жеңилдетүү үчүн слайддарды ирettөөчү каражаттарды колдонууга болот. Слайддарды иреттөөчү каражат экранга 35 мм түстүү слайддар жадыбалын көрсөтөт. Слайддар керектүү тартип-

те жайгашкандыктан бирден көрсөтүлүп турат. Ар слайдды көрсөтүү убактысы орнотулган болсо, аларды автоматтык түрдө көрсөткөн режим пайдаланылат. Слайддарды көрсөтүү арасында атайын эффектерди киргизүүгө болот. Мисалы, бир слайд акырындап өчкөндөн кийин экинчи слайд чыгарылат. Графикти көрсөтүүчү программаны колдонуу менен жогорку сапаттагы презентацияларды түзүүгө болот. Мындай программалардын тобуна Microsoft Pover Point, Aldus Persuasion жана Compel кирет.

4. *Суроолорго жооп бергиле:*

· Алгач компьютер графиги эмнелерде колдонулган?

· Презентация – кайсы документтердин тобунан турат?

· Графиктик көрсөтүү программасы дагы кайсы элементтерди сунуштайт?

· Презентацияны көрсөтүүнү жеңилдетүү үчүн кайсы каражаттарды колдонууга болот?

· Жогорку сапаттагы презентацияларды түзүү үчүн кайсы программалар пайдаланылат?

*5. Көп чекиттердин ордуна мааниси боюнча туура келген сөздөрдү жана сөз айкаштарын койгула, көчүрүп жазгыла.*

Алгач компьютер графиги ........... график түрүндө көрсөтүүдө жана анализдөөдө колдонулган. Презентация - слайд деп аталган ....... тобунан турат. Слайддар ............ чыгарылып көрсөтүлөт. Аудитория үчүн экиден көп слайддарды камтыган ......... түзүлөт. Ал эми атайын бир маселеге арналган слайддарды ......... коштоп турат. Презентацияны көрсөтүүнү жеңилдетүү үчүн слайддарды .......... колдонууга болот. Слайддарды көрсөтүү арасында ............. киргизүүгө болот.

*6. Суроолордун туура жоопторун тапкыла:*

Компьютер графиги кандай маалымат болуп саналат?

*А. тексттик эмес иллюстрациялык*

*Б. графикалык*

*В. маалыматтык*

Презентация – эмне деп аталган документтердин тобунан турат?

*А. датаграмм*

*Б. реферат*

*В. слайд*

Атайын бир маселеге арналган слайддарды эмнелер коштоп турат?

А. сүрөттөр

Б. музыка жана анимация

В. жазуулар же колдонуучунун үнү

Слайддарды ирреттөөчү каражат экранга 35 мм түстүү эмнени көрсөтөт?

А. ар кандай диаграмманы

Б. татаал таблицаны

В. слайддар жадыбалын

**Тексттен кийинки тапшырмалар**

***7. Ойлон, такта, колдон:***

Учурда сүрөт тартуу, түс салууда жана презентацияларды көрсөтүүдө компьютер графиги натыйжалуу пайдаланылууда.

Аны пайдалануу менен сүрөтчүлөр мыкты искусство чыгармаларын жаратууда.

Жарнамаларды жана маркетинг материалдарын иштеп чыгууда көп колдонулат, ал бизнес үчүн көп керектелет.

Компьютер графиги аркылуу фотосүрөттөрдүн жаңы мууну түзүлүүдө.

***8. Терминдерди жазып алгыла:***

**График планшети** – планшет тарабынан өзгөчө белгилер жана буйруктар түзүлүп турат. График планшети долбоорлоонун автоматтык тутумдарында архитектор жана долбоорчулар тарабынан колдонулат.

**График символдору –** түз сызык, тик бурчтук сыяктуу геометриялык фигураларды түзүүгө мүмкүн боло турган көптөгөн символдордун топтому. Компьютердин тексттик режимде иштөөсүнө багытталган программаларында колдонулат.

**График тездеткичи –** өндүрүмдүүлүктү жогорулатуу үчүн өздүк процессорду камтыган видеоадаптердин бир түрү. Мындай процессорлор графиктик эсептөөлөрдү максималдуу тездетүү үчүн чыгарылат. Ошондуктан компьютерлердин демейки процессоруна караганда графиктик маалыматты жакшы иштетет. Ал компьютер процессорун башка буйруктарды аткаруу үчүн бошотот. Айрыкча мультмедиа колдонмолорун иштетүүдө график тездеткичи зарыл экендиги аныкталды.

***9. Макалдарды окугула, маанилерин салыштыргыла:***

Эл ыйык, элден чыккан суюк. *Народ – священ, кто от народа оторвался –беспутен.* Элдүү түлкү ачка өлбөйт. *Где есть люди, там и лиса с голоду не издохнет*. Эр ачкадан өлбөйт, арынан өлөт. *Молодец с голоду не умирает, со стыда умирает*. Энеге баланын алалыгы жок. *Для матери все дети равны*. Эки киши күнөөкөр болсо, бир киши – данакер. *Два человека виновны, один человек – примиритель*

10. **«Ийгиликтүү бетачардын шарттары кайсылар?»** аттуу эссе жазып келгиле.

## 16-тема: Маалымат технологияларынын жаратмандары: Стивен Пол Жобс

**Лексика**: *Техникалык терминдерди бышыктоо:*

**Текстке чейинки тапшырмалар**

1. Суроолор боюнча өз ара маектешкиле:

- Жаратмандар деп кимдерди айтабыз?

• Маалымат технологияларынын өнүгүшүнө зор салым кошкон кайсы инсандарды билесиң?

• Стив Жобстун негизги жетишкендиктери кайсылар?

• Стив Жобс тууралуу дагы кандай маалыматтарың бар?

*2. Берилген сөз айкаштарын түшүндүргүлө, аларды орус тилине которгула:*

Эң таасирдүү инсандардын, таркап кетишине, зор уюштуруучулук, жетекчилик талантын, асыранды ата-энеси, өз каалоосу менен, кызыгып жүргөн, анын устаканасында, сатыкка чыгарышкан, өсүп жеткен, анимациялык фильмдерди, үлүшүн сатып, программалык жабдыгын, кайтып келген, жаңы муунун сунуштаган, революция жасагандыгы, ден соолугунун начарлаганына, каза болгон.

*3. Сөздүк аркылуу берилген сөздөрдү, аталыштарды түшүндүргүлө:*

Каллиграфия
компьютердик графика
**NeXT** долбоору
**NeXTSTEP** программалык жабдыгы
жаңы тиркемелер
эстетикалык дизайны
мыкты интерфейси
колдонуучуга ыңгайлуулугу
телефон индустриясына
**iPod II** планшеттери

**Текст менен иштөө:**

**Стивен Пол Жобс**

*4. Тексттеги сан атоочтордун түрлөрүн ажыраткыла жана жазылышын түшүндүргүлө:*

20-кылымдын тарыхындагы эң таасирдүү инсандардын бири Стивен Пол Жобс деп эсептешет. Анткени ал маалымат технологияларынын коомдо кеңири таркап кетишине

зор эмгек сиңирген. Маалымат технологияларынын өндүрүшүндө зор уюштуруучулук жана жетекчилик талантын көрсөтө алган.

Стивен Пол Жобс 1955-жылы 24-февралда Калифорния штатынын Маунтин Вью шаарчасында туулган. Анын бала чагы асыранды ата-энеси Пол жана Клара Жобстун үй-бүлөсүндө өткөн. Орто мектепти аяктагандан кийин, Орегон штатынын Портленд шаарындагы Рид колледжине тапшырган. Алгачкы алты айлык окуудан кийин Стив өз каалоосу менен окуу жайынан чыгарылган, бирок курсташтары менен чогуу жашай берген. Бул учурда ал техника менен бирге Чыгыш дини менен философиясына, каллиграфиясына кызыгып жүргөн. Индияга чейин саякаттап барып келген. Бирок анын эң негизги кызыгуусун туудурган компьютерлер болуп кала берген.

1977-жылы ал досу Стив Возняк менен бирге анын устаканасында **Apple** II компьютерин чогултушкан. Ошол эле жылы **Apple Komputer** компаниясын түзүшөт. Алар сатыкка чыгарышкан компьютерлер алдыңкы технологиялар менен жабдылган, түстүү графикага жана жеткиликтүү программаларга ээ болгон. 1980-жылдары анын компаниясы улуттук ири ишканалардын деңгээлине чейин өсүп жеткен.

1986-жылдан баштап Стив Джобс өз компаниясын формалдуу түрдө гана жетектеп калган. Ал компьютердик графика менен анимациялык фильмдерди түзгөн Джордж Лукастын **Pixar** компаниясын 10 млн.долларга сатып алган. Ал Apple компаниясындагы үлүшүн сатып, эң мыкты компьютерлерди түзүүчү **NeXT** долбоорун баштаган. 1995-жылы компьютердик графика менен түзүлгөн «Оюнчуктар баяны» мультфильми ийгиликтүү көрсөтүлгөн.

Стив Джобс 1,5 млрд. долларды түзгөн капиталга ээ болгон. Ал Apple компаниясына 400 млн.долларга бааланган эң алдыңкы **NeXTSTEP** программалык жабдыгын сат-

кан. Башкаруу кеңешинин чакыруусу боюнча ал өзү түзгөн компанияга он жылдан кийин аткаруучу директор катары кайтып келген.

Apple компаниясы 1998–2001-жылдары мыкты дизайны, күчтүү тетиктери менен алдыга чыккан компьютерлердин жаңы муунун сунуштаган. 2001-жылы жаңы тиркемелери менен жабдылган **iPAD плеери** сатылышы боюнча Apple компанисынын компьютерлери менен бирге дүйнөдө алдыңкы орундарга чыккан. iPAD плеери-эстетикалык дизайны, мыкты интерфейси жана колдонуучуга ыңгайлуулугу менен музыка сүйүүчүлөрдү өзүнө тарткан.

Стив Жобстун дагы бир жетишкендиги катары **iPohne** түзүп, телефон индустриясына революция жасагандыгы болуп эсептелет. 2010–2011-жылдары ал өзүнүн ден соолугунун начарлаганына карабастан ал **iPod** жана

**iPod II** планшеттерин презентация жасаган.

Стив Жобс 2011-жылы 5-октябрда рак оорусунан каза болгон.

*5. Суроолорго жооп бергиле:*

• Стив Жобс кандай үй-бүлөдө тарбияланган?

• Колледждеги окуусун эмне үчүн таштап кеткен деп ойлойсуң?

• **Apple Komputer** компаниясы кандайча түзүлгөн?

• **NeXT** долбоору эмнеге багытталган?

• Стив Жобсту эмне үчүн кайра **Apple Komputer** компаниясына чакырышкан?

• Эмне үчүн **iPAD плеери** сатылышы боюнча алдыңкы орунга чыккан?

• 2010-2011-жылдары Стив Жобс кайсы жаңы өндүрүмүн чыгарган?

*6. Көп чекиттердин ордуна мааниси боюнча туура келген сөздөрдү жана сөз айкаштарын койгула, көчүрүп жазгыла.*

Маалымат технологияларынын өндүрүшүндө ........ жана ........... талантын көрсөтө алган. Анын бала чагы ........ . Пол жана Клара Жобстун үй-бүлөсүндө өткөн. 1977-жылы ал досу Стив Возняк менен бирге анын устаканасында ........ чогултушкан. Ал Apple компаниясындагы үлүшүн сатып, эң мыкты компьютерлерди түзүүчү ........... баштаган. Ал Apple компаниясына 400 млн.долларга бааланган эң алдыңкы ............ саткан.

iPAD плеери-эстетикалык дизайны, мыкты интерфейси жана колдонуучуга ыңгайлуулугу менен ............ өзүнө тарткан. Стив Жобстун дагы бир жетишкендиги катары **iPohne** түзүп, телефон индустриясына ........ болуп эсептелет.

*7. Суроолордун туура жоопторун тапкыла:*

*Стивен Пол Жобс коомдо кандай эмгек сиңирген?*

А. маалымат технологияларынын кеңири таркап кетишине

Б. маалымат технологияларын окутууда

В. ноутбук, планшет жана компьютер чыгаргандыгы

Ал эмне үчүн Рид колледжиндеги окуусун таштап кеткен?

А. программаны начар өздөштүргөн

Б. окуу акысын төлөй албай калган

В. өз каалоосу менен таштап кеткен

*Алар чыгарган **Apple Komputer** компаниясынын өндүрүмү эмнеси менен айырмаланган?*

А. кымбат баасы менен

Б. көп функционалдуулугу менен

В. түстүү графикасы жана жеткиликтүү программалары менен

*Стив **Pixar** компаниясын кайсы максатта сатып алган?*

А. кайра кымбат сатуу үчүн

Б. программалык жабдыктарды өндүрүү үчүн

В. анимациялык фильмдерди тартуу үчүн

*Стивен Пол Жобс дагы кандай техникалык жетишкендиктерди сунуштаган?*

А. ал **iPod** жана **iPod II** планшеттерин презентация жасаган

Б. жаңы фильмдерди тарткан

В. санариптик телевизорлорду чыгарган

**Тексттен кийинки тапшырмалар**

***8. Ойлон, такта, колдон:***

- Стивен Пол Жобс сыяктуу улуу новаторлор илимий-техникалык жактан өнүккөн мамлекеттерден гана чыгышы мүмкүн.
- Ал коомдун жыргалчылыгы үчүн эмес, жеке капиталын көбөйтүү үчүн эмгектенген.
- Стивен Пол Жобс сыяктуу кирешелүү бизнесте иштегендер гана кайрымдуулук иштерин жасашат.
- Ал билгенин бербеген кежир жана башкалардын оюменен эсептешпеген текебер адам болгон дешет.
- Стивен Пол Жобс чыгарган техникалык жетишкендиктер адамзаттын жашоо экологиясына жаңы коркунучтарды алып келди.

***9. Т-схемасы боюнча иштегиле:*** *«Стив Жобсту улуу инсан деп эсептесе болобу?»* деген суроого жооп бергиле. Ал үчүн дептериңерди экиге бөлүп сызгыла, »Ооба» же «жок» деген графаларга өз оюңарды жазгыла. Бул темада дискуссия уюштургула.

| Ооба | Жок |
|---|---|
| | |
| | |

***10. Макалдарды окугула, маанилерин салыштыргыла:***

Жакшы эли менен, жер кени менен. *Хороший человек славен своим народом, а земля – ископаемыми.* Жакшыны жатым дебе, жаманды досум дебе. *Не называй хорошего чужим, а дурного – другом своим.* Жакшынын өзү өлсө да, сөзү менен иши өлбөйт. *Хороший умирает, но слова и дела его не умирает.*

***11. «Стив Жобсту улуу инсан деп эсептесе болобу?»*** деген темада эссе жазып келгиле

## 17-тема: Маалымат жана байланыш технологиялары биздин жашоодо. Интернет кызматтары.

**Лексика***: Техникалык терминдерди кайталоо, бышыктоо*

**Текстке чейинки тапшырмалар**

*1. Төмөнкү терминдин аныктамасын окугула жана эң негизгилерин эстеп калгыла:*

**Маалымат жана байланыш технологиялары** – маалыматтарды берүү жана башкаруудагы бардык алдыңкы технологияларды камтыган термин болуп саналат. Ал түшүнүк маалыматтарды берүү, иштеп чыгуу жана башкаруудагы жабдыктарды, түйүндөрдү жана программалык камсыздоону орнотуу, пайдалануу иштерине таркалат.

*2. Бул сөздөрдүн маанисин түшүндүргүлө жана алар жалпысынан кайсы кызматтарга кире турганын аныктагыла.*

электрондук коммерция
электрондук банкинг
электрондук өкмөт
электрондук окутуу
электрондук китепкана

*3. Силерге тиешелүү болгон интернет кызматын тандап алып, ал тууралуу билген маалыматыңарды жазгыла жана жубуңар менен ой бөлүшкүлө, маалыматыңарды толуктагыла.*

*4. Берилген синоним сөздөрдү эстеп калгыла:*

Күнүмдүк жашоодо (*кадимки турмушта*), интернет кызматтары *(тармак кызматтары*), электрондук сатып алуу-сатуу *(электрондук коммерция),* тандашат *(жактырышат*), төлөшөт (*төлөм жүргүзүшөт*), бөлүшөт (*алмашат )*, эскертип турат *(эсиңизге салып турат*), кеңири таралып жатат (*көп колдонулуп жатат*), сунуштайт (*сунуш кылат*), аныктап турушат *(тактап беришет*), пайдаланып жатышат *(колдонуп жатышат*), мүмкүндүк (*шарт )*, жарандар *(атуулдар*), көйгөйлөр (*маселелер )*.

*5. Төмөндө берилген тексттеги кара менен басылган терминдерди сөздүк менен которгула жана түшүндүргүлө.*

*6. Берилген сөз айкаштарын түшүндүргүлө жана алар менен сүйлөм түзгүлө:*

Мамлекеттик кызматтар, түздөн-түз мамиле түзүү, жаңы электрондук кызматтар, жарандардын көйгөйлөрүн, көп кездешүүчү көрүнүш.

**Текст менен иштөө:**

**Маалымат жана байланыш технологиялары биздин жашоодо**

*7. Тексттеги интернет кызматтарынын түрлөрүн билдирген сөз айкаштарын маанилерин жана жазылыш эрежелерин түшүндүргүлө:*

Азыркы учурда маалымат жана байланыш технологиялары биздин күнүмдүк жашоодо кеңири колдонулууда. Алар: электрондук коммерция, электрондук банкинг, электрондук өкмөт жана электрондук окутуу сыяктуу интернет кызматтары болуп саналат.

Ар кандай товарларды сатып алуу жана сатуу процессин интернет аркылуу жүргүзүү – электрондук коммерция деп аталат. Кардарлар интернеттин **атайын сайттары** аркылуу товарларды же кызматтарды тандашат. Бул товарларды жана кызматтарды алар **кредиттик карталары** же банктар аркылуу төлөшөт. Электрондук коммерцияда ишенимдүүлүк алдыңкы орунда турат. Анткени эки тарап бири-биринин **банктык реквизиттери** менен бөлүшүшөт. **Интернет-браузер** мындай сайттарга киргениңизди жана чыкканыңызды атайын белгилер менен эскертип турат. Ал эми **финансылык операцияларды** Интернет аркылуу же **онлайн-банкинг** аркылуу жүргүзүү да кеңири таралып жатат. Анткени сиз банк кызматынын сайтына жазылып, өз эсебиңизди текшерип жана акча которууну, акча төлөмдөрүн жүргүзө аласыз. Заманбап банктар өз кардарынын финансылык коопсуздугу үчүн **картридер** сунушташат. Атайын **чиптин жана ПИН-коддун** жардамы менен сиздин өздүк номериңизди жана картаңызды пайдаланган учуруңузду аныктап турат.

Маалымат технологиялары жарандарга, **бизнес-түзүмдөрүнө** мамлекеттик кызматтарды көрсөтүүдө да пайдаланылып жатат. Мындай кызматтар аркылуу жарандар менен чиновниктердин түздөн-түз мамиле түзүүсүн азайтат, убактысын үнөмдөйт. Мамлекеттик кызматтарды көрсөтүүдөгү жаңы кызматтар менен ар дайым тааныш болуу мүмкүндүгү түзүлөт. Алардын сапатын жакшыртуу менен жарандардын көйгөйлөрүн тезирээк чечүүгө да мүмкүндүк пайда болот.

Ал эми электрондук окутуу жана **түйүндөрдө иштөө** кызматтары учурда коомдук турмушубузда көп кездешүүчү көрүнүш болуп калды. Бул кызматтардан жаштар натыйжалуу пайдаланып жатышат.

*Суроолорго боюнча маектешкиле:*

• Интернет кызматтары деген эмне жана кайсылары биздин шартта жеткиликтүү болуп саналат?

• Электрондук коммерцияда эмне үчүн ишенимдүүлүк алдыңкы орунда турат деп ойлойсуң?

• Кардарлар онлайн-банкинг аркылуу кандай операцияларды жүргүзө алышат?

• Финансылык коопсуздук дегенди кандай түшүнөсүң жана аны сактоо үчүн банктар кардарларына эмнени сунушташат?

• Мамлекеттик кызматтарды көрсөтүүдө жарандарга кандай мүмкүндүктөр түзүлөт?

• Электрондук окутуу жана түйүндөрдө иштөө кызматтарын сен кандай пайдаланасың?

*8. Көп чекиттердин ордуна мааниси боюнча туура келген сөздөрдү жана сөз айкаштарын койгула, көчүрүп жазгыла.*

Азыркы учурда маалымат жана коммуникациялык технологиялары биздин күнүмдүк жашоодо ..... . Ар кандай товарларды сатып алуу жана сатуу процессин интернет аркылуу жүргүзүү - ..... деп аталат. Электрондук коммерцияда ...... алдыңкы орунда турат. Ал эми ...... интернет аркылуу же ....... аркылуу жүргүзүү да кеңири таралып жатат. Атайын ....... жардамы менен сиздин өздүк номериңизди жана картаңызды пайдаланган учуруңузду аныктап турат. Маалымат технологиялары жарандарга, бизнес-түзүмдөрүнө ....... көрсөтүүдө да пайдаланылып жатат. Электрондук ....... жана ........ кызматтары учурда коомдук турмушубузда көп кездешүүчү көрүнүш болуп калды.

*9. Берилген жооптордун туура вариантын тандап жазгыла:*

Ар кандай товарларды сатып алуу жана сатуу процессин интернет аркылуу жүргүзүү - электрондук (*китепкана, окутуу, коммерция*) деп аталат.

Бул товарларды жана кызматтарды алар (*накталай акча, кредиттик карталары, тааныштары*) аркылуу төлөшөт. Ал эми финансылык операцияларды (*онлайн-банкинг, касса, банк*) аркылуу жүргүзүү да кеңири таралып жатат. Мамлекеттик кызматтарды көрсөтүүдөгү *(айлык акысы жогору, жаңы, жылуу-жумшак)* кызматтар менен ар дайым тааныш болуу мүмкүндүгү түзүлөт. Бул кызматтардан жаштар (*натыйжалуу, жигердүү, көп учурда)* пайдаланып жатышат.

*10. Сунушталган кырдаалдын себептерин аныктап, сүйлөмдөрдү улантып жазгыла:*

Электрондук коммерцияда ишенимдүүлүк алдыңкы орунда турат. **Анткени ...** Ал эми финансылык операцияларды интернет аркылуу же онлайн-банкинг аркылуу жүргүзүү да кеңири таралып жатат. **Анткени ......**

Заманбап банктар өз кардарларынын финансылык коопсуздугу үчүн картридерди сунушташат. **Ошондуктан атайын ........** маалымат технологиялары жарандарга, бизнес-түзүмдөрүнө мамлекеттик кызматтарды көрсөтүүдө да пайдаланылып жатат. **Себеби ........** мамлекеттик кызматтарды көрсөтүүдөгү жаңы кызматтар менен ар дайым тааныш болуу мүмкүндүгү түзүлөт. **Анткени ...**

**Тексттен кийинки тапшырмалар:**

*11. 3 топко бөлүнүп, электрондук окутуунун, электрондук коммерциянын жана түйүндөрдө иштөөнүн артыкчылыктарын белгилеп, кардар менен* ***маек кебин*** *түзгүлө.* Ошондой эле электрондук окутуунун, электрондук коммерциянын жакшы жана жетишпеген жактарын бөлүп, ***Т-схемасын*** жазгыла.

**12. Ойлон, такта, колдон:**

• Интернет дүкөнүнөн сатып алуу мезгилинде сервердин коопсуздугун текшериңиз;

• Сатылуучу нерсенин кайсы аймактарга жеткириле тургандыгын тактаңыз;

• Товардын накта сапатын алдын ала текшерип көрүңүз;

• Кайсы бир товарлар бардык эле адамдарга сатыла бербейт;

• Компаниялар жиберген жарнама маалыматтарды алууну каалабаганын атайын терезече аркылуу билдирип койгон жетиштүү болот;

**13.** *Бул кызматтардын бирин пайдалануу программасы жана аны ишке киргизүү ыкмаларын баяндап, сүрөттөп бергиле. Бир нече кадамдардан турган* ***перфокарта*** *түзгүлө.*

**14. Талаштуу кырдаал боюнча маек кебин түзгүлө:**

Интернет – кызматтары заманбап, тез жүргүзүлүүчү кызматтардын түрү.

*Жок, интернет кызматтарынан пайдалануу кооптуу жана адамдарды жандуу маектешүүдөн, мамиле түзүүдөн алыстатат.*

**15. Макалдарды жазгыла жана маанилерин түшүндүргүлө:**

Жетпести кууба, келбести күтпө. Жигитке бир сыр, жети кыр керек. Жигит тереңи көк ирим көлдөй, күчтүүсү каптаган селдей. Жип кессең - узун кес, кеп салсаң - кыска сал. Жүз жолу уккандан бир жолу көргөн артык. Жүйөөлүү сөз жүлүнгө жетет. Жолборс изинен кайтпайт, эр жигит сөзүнөн кайтпайт. Жупуну жугумдуу, сыпайы сүйкүмдүү. Журт мазар, журттан чыккан азар.

**Макалдарды окугула жана маанилерин салыштыргыла:**

Ойноп сүйлөсөң да, ойлоп сүйлө. *Даже когда говоришь шутя, говори обдуманно*. Окуу - билим азыгы, билим -

ырыс азыгы. *Ученье - источник знания, знания - источник счастья.*

**16. «Маалымат жана коммуникациялык технологиялары биздин жашоодо»** деген темада эссе жазып келгиле.

## 18-тема: Маалымат жана коммуникациялык технологиялары биздин жашоодо. Электрондук байланыш кызматы.

**Лексика:** *Техникалык терминдерди кайталоо, бышыктоо.*

**Текстке чейинки тапшырмалар**

*1. Бул сөздөрдүн маанисин түшүндүргүлө, жазгыла жана жубуңар менен ой бөлүшүп толуктагыла. Аларды мааниси боюнча бир темага бириктиргиле:*

- электрондук почта
- көз ирмемде кабарлоо
- IP - телефония
- Интернет - басылма
- түйүндүк журнал
- подкаст
- онлайн - биримдик

*2. Бир темага бириктирилген терминдердин түшүндүрмөлөрүн өзүңөр жазган жана толуктаган аныктамалар менен салыштыргыла, тактагыла жана толуктагыла:*

**E-mail-электрондук почта** – электрондук кабарларды жиберүү жана кабылдоо боюнча компьютердик түйүндө бөлүштүрүлгөн кызматтардын технологиясы.

**IM-көз ирмемде кабарлоо** – пайдалануучуларга бул кызматтын жардамы менен реалдуу убакыт режиминде тексттик маалыматтар менен алмашып турууга мүмкүндүк берет.

**IP-телефония –** IP түйүнү аркылуу үн байланышын жеткирүү технологиясы.

**Интернет-басылма** – стандарттуу форматта көрмө жана укма маалыматтарды, алардын аталыштарын өзгөртүп, жаңыртып басып турууга шарт түзөт.

**Web log-блог-түйүндүк журнал –** веб-сайттардын атайын түрү болуп эсептелет. Ал жаңылыктарды, окуяларды талдоо менен көрмө жана укма маалыматтардын коштоосунда бергендиги менен айырмаланат. Жеке инсандардын ойлорун, жазууларын же байкоолорун да онлайн режиминде бере алат.

**Podcast-подкаст –** интернеттен радио же теле программаларды кийин компьютерден же уюлдук телефондон көрүү максатында санариптик түрдө жазып алуу.

**Онлайн-биримдик –** интернет аркылуу бир кесиптик багыт же кызыгуулары боюнча баарлашуу үчүн бириккен адамдардын тобу.

Ыңгайлуу жерде жана каалаган убакытта адамдар пикирлештери менен аты-жөнүн айтпай туруп, тигил же бул маселелер тууралуу өз пикирлерин эркин билдире алышат. Мындай биримдиктерге: **социалдык түйүндүн сайттары, интернет форумдар, чаттар жана компьютердик оюндар** кирет.

*3. Берилген сөздөрдү жана сөз айкаштарын окугула, алардын синонимдери менен сүйлөм түзгүлө:*

Байланыш (*катыш*), кат (*кабар*), аралыгында (*чегинде),* тиркеп жөнөтүшөт (*кошуп жиберишет),* ачканга чейин (*көргөнгө чейин*), жеңил (*оңой),* көз карандысыз (*өз алдынча*), көз ирмемде (*бир заматта).*

*4. Сөз айкаштарын түшүндүргүлө жана орус тилине которгула:*

Кеңири таркалган, каалаган чекитине, сакталып тура берет, башкалардын дарегин, пайдаланууга жөнөкөй, реалдуу убакыт режиминде, уюштурууда пайдаланышат,

өз оюн билдирип, эл аралык деңгээлде, арзан тарифте, эң акыркы өзгөрүүлөрү, ылдам жана сапаттуу.

**Текст менен иштөө:**

**Электрондук байланыш кызматы.**

*Тексттеги тактоочторду жана этиш сөздөрдү талдагыла, алардын грамматикалык формаларын түшүндүргүлө:*

Маалымат жана коммуникациялык технологиялары өнүккөн азыркы учурда электрондук байланыш кызматынан адамдар көбүрөөк пайдаланууда. Айрыкча «электрондук кат» деп аталган электрондук почта менен байланышуу кеңири таркалган. Бир нече секунданын аралыгында интернет аркылуу ар кандай маалыматтарды жер шарынын каалаган чекитине жеткирүүгө болот. Мындай маалыматка көп учурда сүрөт, таблица, отчёт жана аудио материалдарды камтыган файлдарды тиркеп жөнөтүшөт. Материалды алуучу адам файлдарды ачканга чейин электрондук кат сакталып тура берет. Электрондук почтанын артыкчылыктарынын бири- бул адамдар башкалардын дарегин жеңил сактап калышат.

Көз карандысыз серверлер менен иштеген программалар да пайдаланууга жөнөкөй жана ыңгайлуу келет. Көз ирмемде кабарлоо кызматы -пайдалануучуларга реалдуу убакыт режиминде маалыматтар менен алмашып турууга мүмкүндүк берет. Бул программаларды топтук сүрөт тартуу, оюн ойноо жана тексттик чаттарды, видеоконференцияларды уюштурууда пайдаланышат. Мындай электрондук иш-чаралардын катышуучуларынын ар бири веб-камеранын жардамы менен өз оюн билдирип катыша алышат.

Эл аралык деңгээлде иштеген компаниялар жана жеке адамдар үчүн IP-телефония кызматы да абдан ыңгайлуу болуп эсептелет. Керектелүүчү жабдыктардын жардамы аркылуу бул кызматтан бекер пайдаланып, шаардык жана

уюлдук телефондорго арзан тарифте сүйлөшүүгө мүмкүн болот. Ал эми интернет-басылмалар жана блог же түйүндүк журналдар маалыматтардын, акция жана валюталардын эң акыркы өзгөрүүлөрү менен таанышып турууга шарт түзөт.

Аталган электрондук байланыш кызматтары коомдук уюмдардын, жеке адамдардын маалымат алмашуусу ылдам жана сапаттуу болушун камсыздайт.

*5. Суроолорго жооп бергиле:*

• Электрондук байланыш кызматынын кайсы түрүн адамдар көбүрөөк пайдаланышууда?

• Бул кызмат аркылуу кандай иштерди аткарууга болот?

• Көз ирмемде кабарлоо кызматы - пайдалануучуларга кандай артыкчылыктарды берет?

• IP-телефония кызматы кайсы жактары менен, кимдерге ыңгайлуу болуп эсептелет?

• Маалыматтардын, акция жана валюталардын эң акыркы өзгөрүүлөрү менен интернеттин кайсы кызматтары таанышып турат?

**6.** *Көп чекиттердин ордуна мааниси боюнча туура келген сөздөрдү жана сөз айкаштарын койгула, көчүрүп жазгыла.*

Айрыкча ..... деп аталган электрондук почта менен байланышуу кеңири таркалган. Мындай маалыматка көп учурда сүрөт, таблица, отчёт жана аудио материалдарды камтыган ..... тиркеп жөнөтүшөт. Электрондук почтанын артыкчылыктарынын бири - бул адамдар башкалардын дарегин ..... сактап калышат. Бул программалардын көпчүлүгүн топтук сүрөт тартуу, оюн ойноо жана тексттик чаттарды, видеоконференцияларды ...... пайдаланууга болот. Эл аралык деңгээлде иштеген компаниялар жана

жеке адамдар үчүн ....... кызматы да абдан ыңгайлуу болуп эсептелет. Ал эми интернет-басылмалар жана блог же түйүндүк журналдар .......... эң акыркы өзгөрүүлөрү менен таанышып турууга шарт түзөт.

**7.** *Берилген жооптордун туура вариантын тандап жазгыла:*

Бир нече секунданын аралыгында (*почта, транспорт, интернет аркылуу*) ар кандай маалыматтарды жер шарынын каалаган чекитине жеткирүүгө болот. Материалды алуучу адам (*эшиктерди, файлдарды, кулпун*) ачканга чейин электрондук кат сакталып тура берет. Электрондук почтанын артыкчылыктарынын бири-бул адамдар башкалардын (*фамилиясын, туулган күнүн, дарегин)* жеңил сактап калышат. Мындай (*тойдун, электрондук иш-чаралардын, семинардын)* катышуучуларынын ар бири веб-камеранын жардамы менен өз оюн билдирип катыша алышат. Эл аралык деңгээлде иштеген компаниялар жана жеке адамдар үчүн IP-телефония кызматы да абдан (*жеңил, пайдалуу, ыңгайлуу*) болуп эсептелет.

*8. Берилген аныктамаларга тексттен далилдөөчү фактыларды тапкыла:*

• Маалымат жана коммуникациялык технологиялары өнүккөн азыркы учурда электрондук байланыш кызматынан адамдар көбүрөөк пайдаланууда.

• Электрондук почтанын артыкчылыктарынын бирибул адамдар башкалардын дарегин жеңил эстеп калышат.

• Көз ирмемде кабарлоо кызматы - пайдалануучуларга реалдуу убакыт режиминде маалыматтар менен алмашып турууга мүмкүндүк берет.

Эл аралык деңгээлде иштеген компаниялар жана жеке адамдар үчүн IP-телефония кызматы да абдан ыңгайлуу болуп эсептелет.

**Тексттен кийинки тапшырмалар**

**9.** Ар бириңер өз электрондук почтаңар менен бир ай аралыгында кандай иштерди аткарганыңарды сүрөттөп, ирети менен жазгыла.

**10.** *Төмөнкү суроолор боюнча жубуңар менен маектешкиле*:

• Интернет-басылмалар жана түйүндүк журналдардын кызматынан кантип пайдаланууга болот?

• Сен өзүң пайдаланып жүргөн кайсы интернет басылмаларды пайдалануучуларга сунуштай аласың жана эмне үчүн?

• Алардын кадимки гезит-журналдардан кандай артыкчылыктары бар? Интернет басылмалардан алган эң маанилүү жаңылыктар менен бөлүшө аласыңбы?

**11.** 3 топко бөлүнүп (*электрондук почта, көз ирмемде кабарлоо, интернет басылмалары*) интернет байланыш кызматы менен кадимки байланыш кызматынын окшош жана айырмачылыктарын таап, **Венндин диаграммасын** түзгүлө.

**12. Интернет биримдиктеринде коопсуз баарлашуу үчүн жеке адам жана анын компьютери үчүн кайсы эрежелерди сактоо зарыл?**

Бул маселени чечүү үчүн *«Кар томологу»* ыкмасын топтордо колдонуп эрежелер топтомун иштеп чыккыла.

**13. Макалдарды окугула жана маанилерин салыштыргыла:**

Оң колуңдун ачуусу келсе, сол колуң менен бас. *Умей сдерживать свой гнев*. Оозунан кулаган турбайт, бутунан кулаган турат. *Кто в слове побеждён, тот не встанет, а кто с ног свалится, тот встанет*. Сабырдуу болсоң озорсуң, сабырсыз болсоң осолсуң. *Будешь терпелив - опередишь, будешь нетерпелив - осрамишься.* Санаасы жок - уйкучу, акылы жок -күлкүчү. *Беззаботный сонлив, глупый - смешлив.*

## 19-тема: Маалымат жана байланыш технологиялары биздин жашоодо. Компьютердик оюндар.

**Лексика:** *Техникалык терминдерди кайталоо, бышыктоо*

**Текстке чейинки тапшырмалар**

Берилген аныктамаларды жазып алгыла жана которгула.

**Социалдык түйүндүн сайттары** – маалыматтар, жаңылыктар жана ушак-айыңдар менен алмашып, өз көз караштарын билдирип жана талкуулап туруу үчүн түзүлгөн сайттар болуп саналат. Азыркы учурда интернет мейкиндигинде бул максатта ондогон сайттар иштеп жатат. Алардын ичинен эң белгилүүлөрү: Facbook, Friends Reunted жана Odnoklasniki болуп саналат.

**Facbook** – башка пайдалануучулар менен достошуп, өзү тууралуу досторуна айтып берип жана ар түрдүү кабарлар менен бөлүшүп турууга шарт түзөт.

**Friends Reunted** – чогуу бир аймакта жашаган, бир мектепте окуган же жогорку окуу жайын чогуу аяктаган же бирге иштешип, машыгышып жүрүп табыша албай калган адамдардын тобун бириктирүү максатында түзүлгөн.

**Odnoklassniki** – бир кезде бирге болушуп, кийин ар кандай шарттардан улам табыша албай калган адамдардын тобун бириктирген жана алардын баарлашуусун камсыздаган сайт болуп саналат.

**Компьютердеги онлайн-оюндары** – мындай оюндар эң жөнөкөй тексттик оюндан баштап, татаал графикалык сүрөттүү элестеги дүйнөлөрдү камтыган олуттуу оюндар болушу мүмкүн. Мындай оюндарга бир нече адам катышкан топтор да ойной алышат.

**2.** Сен кызыккан жана ойноп жүргөн компьютердик оюндарың тууралуу жубуң менен ой бөлүш. Сен эмне үчүн

ушул онлайн оюндарды ойногонуңдун себептерин негиздеп айтып бер.

*3. Берилген сөз айкаштарын түшүндүргүлө жана алар менен сүйлөм түзгүлө:*

Көңүл ачуу чөйрөсү, эң негизгилери, көптөгөн түрлөрү, үч ченемдеги мейкиндик, элестеги майдан, оюн автоматтары, бонус тутуму, күч сынашат, таякчалардан секирүү, татаал техниканы башкаруу, спорттук мелдеш, согуштук стратегиялар, баш катырма механизми, логикалык ой жүгүртүү;

**Текст менен иштөө:**

**Компьютердик оюндар.**

*Тексттеги компьютердик оюндардын түрлөрүн билдирген сөздөрдүн маанилерин түшүндүргүлө:*

Маалымат жана коммуникациялык технологияларынын жетишкендиктери адамдардын көңүл ачуу чөйрөсүнө да таркап жатат. Компьютердик оюндар – алардын эң негизгиси болуп саналат. Мындай оюндардын учурда көптөгөн түрлөрү бар, бирок аларды мазмуну боюнча бөлүштүрүүгө болот. Алар:

**1) 3D Shooter (**Мисалы: Doom Quake Gounter-strike Half-leife) **– мергенчилик оюну (3Д шутер)** абдан кызыктуу деп эсептелинет. Бул оюндун аталышы «үч ченем» жана «мергенчи» сөздөрүнөн келип чыккан. Оюнчунун көз карашы менен алынган жандуу жана жансыз нерселерге үч ченемдеги мейкиндикте мергенчилик башталат. Элестеги майданда оюнчу компьютерге каршы жалгыз же бир нече адамдардын тобу менен ойношу мүмкүн.

**2) Arcade - адамдын реакциясын тездеткен (аркада)** оюндардын аталышы соода борборлорунда коюлган оюн автоматтарынын аталышын билдирет. Ал акырындап компьютердеги оюнчудан тез кыймыл-аракетти талап кылган оюн катары кеңири таркаган. Оюн бонус тутуму менен

көпчүлүктү өзүнө тартат. Канчалык көп ойногон сайын ошончолук упайлар жана оюндун жаңы элементтери ачыла берет.

**3) Fighting** (Mortal Kombat, Stree Fihter, Tekken) – **күч сынашуу (драки)** оюндарында эки каарман күрөштүн ар кандай түрлөрүн колдонуу менен аренада күч сынашат. Көптөгөн каармандардын мүнөзү жана соккулардын ар түрдүү ыкмалары аркылуу оюнчуларды өзүнө тартат. Бул оюндар боюнча дүйнөлүк чемпионаттар да уюштурулуп турат.

**4) Platformer** (Mario, Aladdin) – **тоскоолдуктардан өтүү (платформер)** оюнунда абада абстрактуу түрдө илинген таякчалардан секирүү талап кылынат. Бул оюндун аталышы да «платформа-таякча» сөздөрүнөн келип чыккан. Бирок оюнчу таякчадан башка да чуңкурлардан, учтуу тоскоолдуктардан жана душмандардын каршылыгынан өтүүгө туура келет.

**5) Simulation** (Need for Speed, Deskend-3, Aviator) – **техниканы башкарууну** элестеткен оюндар **(симуляторы).** Ал оюнда компьютердин жардамы аркылуу кандайдыр бир татаал техниканы башкаруу процессин толугу менен окшоштурулат. Айрыкча автомобиль, самолёт же сууда сүзүүчү транспорттордун түрлөрү болушу мүмкүн. Мындай оюндардын спорттук мелдештерди имитациялаган түрлөрү да кызыктуу болуп эсептелет.

**6) Strategy**(Wargraft, Stargraft, Dune) – **стратегиялык (стратегия)** оюндары согуштук жүрүштөрдө ар кандай стратегияларды иштеп чыгууну талап кылат. Оюнчу бир нече аскерлер же армия менен жүрүшкө чыгат.Бул оюнга да бир нече оюнчу реалдуу убакытта катыша алат.

**7) Puzzle** (Minesweeper, Sokoban) – **логикалык оюндар, баш катырмалар (головоломки, логические игры)** компьютердин пайда болушу менен логикалык, механикалык оюндар электрондук түргө өттү. Анткени кол менен баш

катырма механизмдерди жасагандан,оюн программаларын компьютерге киргизүү жеңил болуп эсептелет. Мындай оюндар пайдалануучудан логикалык ой жүгүртүүсүн машыктырууга түрткү берет.

Аталган оюндар катышкандардын саны боюнча да бир кишилик, көпчүлүк жана массалык болуп да бөлүнөт. Көпчүлүк адам ойногондо алардын упайлары атайын файлга жазылып, жыйынтыктары электрондук почта аркылуу жөнөтүлүп турат. Мындай оюндардын жыйынтыгында **киберспорт** деп аталган массалык кыймыл пайда болду. Компьютердик оюндардын таймашын колдоочу жана уюштуруучу **Интел компаниясы** болуп саналат. Таймаштардын бул түрү жөнөкөй көңүл ачуунун чегинен чыгып, катышуучулардан бекем тартипти, көңүл топтомун талап кылат. Күчтүү интеллектин жана эрктин айкашуусу гана жаңы технологияларга негизделген оюндардын жеңүүчүсү болууга мүмкүндүк берет.

*Суроолорго жооп бергиле:*

- Компьютердик оюндарды түзүүчүлөр эмне максат менен чыгарышат?
- Бул оюндардын эң жөнөкөй түрү кандай деп аталат жана ал эмнеси менен кызыктуу?
- Бонус тутуму менен көпчүлүктү өзүнө тарткан компьютердик оюндар кандай деп аталат?
- Эмне үчүн күч сынашуу оюндары боюнча дүйнөлүк чемпионаттар уюштурулуп турат?
- Абада абстрактуу түрдө илинген таякчалардан секирүүдөн башка платформер оюнунда дагы кандай тоскоолдуктар бар?
- Компьютердин жардамы аркылуу кандайдыр бир татаал техниканы башкаруу оюну сага жагабы?
- Стратегиялык оюндар пайдалануучудан эмнелерди талап кылат?

• Логикалык оюндар пайдалануучунун логикалык ой жүгүртүүсүн машыктырат деген ишеним менен макулсуңбу?

• Киберспорт деп аталган массалык кыймылдын мазмуну эмнеде?

*4. Компьютердик оюндардын аталышы, түрлөрү, мазмуну жана катышуучулардын саны деген графаларга бөлүп, таблица түзгүлө. Жубуңар менен ой бөлүшкүлө жана толуктагыла.*

*5. Көп чекиттердин ордуна мааниси боюнча туура келген сөздөрдү жана сөз айкаштарын койгула, көчүрүп жазгыла.*

Маалымат жана коммуникациялык технологияларынын жетишкендиктери адамдардын ..... да таркап жатат. Оюнчунун көз карашы менен алынган ..... үч ченемдеги мейкиндикте мергенчилик башталат. Ал акырындап компьтердеги оюнчудан ...... талап кылган оюн катары кеңири таркаган. Көптөгөн ...... ар түрдүү мүнөзү аркылуу оюнчуларды өзүнө тартат. Мындай оюндардын спорттук мелдештерди ...... да кызыктуу болуп эсептелет. Оюнчу бир нече аскерлер же армия менен ........ Компьютердин пайда болушу менен логикалык механикалык оюндар ...... өттү. Мындай оюндардын жыйынтыгында ...... деп аталган массалык кыймыл пайда болду.

*6. Сенин эң сүйүктүү оюнуңдун кыскача мазмунун тезис түрүндө жазып андан кийин оозеки айтып бер.*

**Тексттен кийинки тапшырмалар**

**7.** Компьютердик оюндардын таймашын колдоочу жана уюштуруучу Интел компаниясынын директору болуп калсаң геймерлердин оюнун кайсы критерийлер менен баалайт элең? Критерийлерди упайлар менен коштоп сыноочунун баалоо баракчасын түзүп чык.

**8. Адамга компьютердик оюндардын оң жана терс таасирин көрсөткөн Т-схемасын улантып жазгыла.**

| № | Жакшы таасирлери + | Терс таасирлери - |
|---|---|---|
| **1.** | Реакциянын тездиги | Реалдуу дүйнөнү кеч кабылдоо |
| **2.** | Манжалардын кыймылдуулугу | Бир түрдүү кыймылдан манжалардын тез чарчоосу |
| **3.** | Элестүү жана логикалык ой жүгүртүүнүн өнүгүшү | Даяр шаблондорго ыктоо, чыгармачылыктын аздыгы |
| **4.** | Эске тутуунун жана көңүл буруунун күчтүү болушу | Реалдуу дүйнөдөн четтөө,элестеги дүйнөгө берилүү |
| **5.** | Бейтааныш жерлерде тез жол таап кетүү | Кыймылдын аздыгы, көрүү органдарынын начарлашы |
| **6.** | | |

*9. Диалогду окугула. Бул геймдизайнерлер түзгөн оюндарды силер билесиңерби? Диалогду өзгөртүп текст түрүндө кайра түзгүлө:*

– **Геймдизайнер** деген эмнени билдирет?

– Алар компьютердик оюндардын сюжетин жана жасалгасын ойлоп табышат, техникалык процессти программисттер түзүшөт.

– Мындай кесипти аркалаган адамдар аз эле болсо керек?

– Техникалык прогресс ылдам өнүгүп жаткан АКШ же Япония сыяктуу мамлекеттерде бул кесип менен иштеген адамдарды көп деп айтсак болот.

– Геймдизайнерден кимдерди билесиң?

– 90-жылдары абдан кеңири тараган FPS жанрындагы - Wolfenstein 3D, Doom, Quake оюндарындагы кайталангыс дизайндарды Жон Ромерсо түзгөн. Ал эми программалаштыруунун алдыңкы ыкмасын ЖонД.Кармак түзүп чыккан. Алар АКШнын Канзас штатынан болушкан. ЖонД.Кармак информатика тармагындагы жана аэрокосмостук техникалар боюнча белгилүү инженер катары эмгектенген.

– Демек, бул кесип менен АКШ мамлекетинин жарандары гана алектенген экен да.

– Жок, атактуу Хидео Кодзима-жапондук геймдизайнер болуп саналат. Ал компьютердик оюндар боюнча өз студиясын Kojima Production ачып, Metal Gear сериясындагы оюндары менен атагы чыккан.

– Россиядан да мындай оюндарды түзүүчүлөр чыккан-бы?

– Ооба, бүткүл дүйнө жүзүнө «Тетрис» деген ат менен белгилүү оюнду советтик программист Алексей Пажитнов ойлоп чыгарган. Бул оюнду ал 2007-2009-жылдары Microsoft компаниясында иштеп жатып Pandora\s Bos сериясындагы баш катырмалардын бири катары иштеп чыккан.

– Чындап эле абдан кызыктуу маалыматтар экен. Сага рахмат, көп нерселерди билип алдым.

*Диалогдогу суроолорго башка вариантта жооп берип толуктагыла:*

**– Геймдизайнер** деген эмнени билдирет?

___________________________________________

– Мындай кесипте иштеген адамдар аз эле болсо керек?

___________________________________________

– Геймдизайнерлерден кимдерди билесиң?

___________________________________________

– Демек бул кесип менен АКШ мамлекетинин жарандары гана алектенеби?

– Россиядан да мындай оюндарды түзүүчүлөр чыккан-бы?

____________________________________________________

– Кыргызстанда бул кесип менен алектенген адамдарды билесиңби?

____________________________________________________

– Сен киберспортко кызыгасыңбы?

____________________________________________________

**10.** *Макалдарды жазгыла жана маанилерин түшүндүргүлө:*

Оюндан оймок чыгат, казандан боорсок чыгат. Оюндан от чыгат, обу жоктун омурткасы сынат. Оюндун түбү – от, ойдун түбү – алтын. Оюнуңду кайда ойносоң, ыйыңды ошол жерде ыйла. Эмгекчил таң атаарын күтөт, жалкоо күн батаарын күтөт.Эмгекчинин эмгеги байлык, билимдүүнүн пикири байлык.

Эмгек эрдикке жеткирет, эрдик элдикке жеткирет. Эмгек эр таанытат, эр жер таанытат. Эмгек эр көгөрөт, жамгыр менен жер көгөрөт. Ишке чабал тагдырына таарынат. Ишмердин иши бүтөт, жалкоонун күнү өтөт.

Иштегиси келген жолун издейт, иштегиси келбеген шылтоо издейт.

Иштесең досуң көбөйөт, ушактасаң касың көбөйөт.

*Макалдарды окугула жана маанилерин салыштыргыла:*

Талаптанбай муратка жетпейт. *Не добиваясь, цели не достигают.* Таранчыдан корккон таруу экпейт. *Кто воробьёв боится, тот проса не сеет.* Теректей бойдон темеҥедей акыл артык. *Ум с иглицы лучше,чем рост с тополь.* Терең дарыя тынч агат, акылдуу адам акырын айтат. *Глубокая река тихо течёт, умный – тихо говорит.*

**11. Кырдаал боюнча ой бөлүшкүлө:**

*Эгерде сен компьютердик оюндардын иштеп чыгуучу болсоң, алардын кайсы жакшы жактарын өнүктүрүп,кандай терс таасирлерин азайтат элең?*

12. **«Киберспорт –** бул оюнбу же спортпу?» деген темада эссе жазып келгиле

## 20-тема: Маалымат жана байланыш технологиялары биздин жашоодо. Электрондук китепкана

**Лексика:** *Техникалык терминдерди кайталоо,бышыктоо*

**Текстке чейинки тапшырмалар**

1. Суроолор боюнча өз ара маектешкиле:

• Сен электрондук китепканадан көп пайдаланасыңбы же салттуу китепканага көбүрөөк барасыңбы?

• Электрондук китепкананын артыкчылыгы эмнеде деп ойлойсуң?

• Сен билим алган окуу жайыңда электрондук китепкана барбы жана ал кандай кызматтарды сунуштайт?

• Электрондук китеп окуйсуңбу? Кийинки окуган китебиңдин мазмуну жана каармандары тууралуу айтып бере аласыңбы?

*2. Берилген сөздөрдүн синонимдерин окугула жана алар менен сүйлөм түзгүлө:*

Бир калыптагы *(бир нуктагы)*, топтом *(жыйнак)*, акырындап *(бара-бара)*, пайдалануучу *(керектөөчү)*, издөө *(караштыруу)*, универсалдуу *(көп тармактуу)*, интернеттеги эркин басылмалар *(электрондук газета-журналдар)*, координатору *(башкаруучусу)*, *(пикир алмашуучу топтор)*, көйгөйлөрү *(маселелери)*, китепкана фонду *(китептер топтому)*.

*3. Төмөнкү сөздөрдү жана сөз айкаштарын сөздүк аркылуу түшүндүргүлө жана орус тилине которгула:*

- санариптик китепкана
- маалымат ресурстары
- виртуалдык китепкана

**Текст менен иштөө:**

**Электрондук китепкана**

*Тексттеги сын атоочторду жана ат атоочторду билдирген сөздөрдү ажыраткыла жана грамматикалык формалары бонча талдагыла:*

Электрондук китепкана – бул ар түрдүү электрондук иш кагаздарынын издөө жана навигациялоо каражаттары менен жабдылып, бир калыпка келтирилген топтому болуп саналат. Ал ар кандай стилдеги тексттер акырындап топтолгон веб-сайт болушу да мүмкүн. Же болбосо ар бир файлы калыптанып бүткөн жана пайдалануучулар керектей турган медиафайл түрүндө да болот. ЭК маалыматтардын кеңири тармагын камтыган универсалдуу же белгилүү бир тармакты чагылдырган кесиптик китепкана катары да түзүлөт.

Электрондук китепкананы интернеттеги эркин басылмалардан айырмалай билишибиз керек. ЭК долбоорунун координатору тарабынан көзөмөлгө алынат. Мындай китепкананын айланасында өз пикирлерин билдирген медиа мейкиндик топтолбойт.

ЭК маалыматтардын тездик менен көбөйүшү, аларды сактоонун көйгөйлөрүн чечүүнүн ыкмасы катары пайда болду. Китепканалардын электрондук түргө өтүшү менен тарыхый, илимий жактан баалуу сейрек кол жазмаларды да электрондук түрдө сактап сунуштоого шарт түзүлдү. Ар бир жаран китепкана фондунун иш кагаздарын элект-

рондук түрдө өзүнө ыңгайлуу жерде жана каалаган убакта пайдалана алышат.

Алгачкы ЭК 1971-жылы АКШнын Сан-Франциско шаарында «Гутенберг» долбоору аркылуу түзүлгөн. Ал эми 1990-жылы АКШнын конгрессинин китепканасы тарабынан мамлекеттин тарыхына арналган маалыматтардан турган «Американын эс-тутуму» долбоору ишке ашырылган. 2002-жылы Google санариптештирүү боюнча өз долбоорун баштаган. 2004-жылдын декабрынан тартып Google Print китепкана долбоору тууралуу жарыяланган, ал кийин «Google китептерди издөө» деп өзгөртүлгөн.

Европада жалпы европалык санариптик китепкана 2008-жылы түзүлсө, Россия мамлекетинде 2005-жылы уюштурула баштаган.

Биздин республикабызда электрондук маалыматтарды топтоо 90-жылдардан башталган. Азыркы учурда КРда «Ачык архивдер» кыймылы түзүлгөн. Ал аркылуу пайдалануучулар үчүн электрондук тексттердин топтому менен таанышуу, пайдалануу жана көчүрүп алуу мүмкүндүгү берилген. Кыргызстанда авторлордун макулдугу менен дайыма толукталып турган бир нече электрондук маалымат ресурстары иштейт. Алар: »Новая литература Кыргызстана», »Биздин KG», «Kyrlibnet-университетские библиотеки Кыргызстана», »Полнотекстовые ресурсы АУЦА», »Книжные памятники КР».

КРАД – «Кыргызский репозиторий авторефератов диссертаций», «VSL-виртуальная библиотека КР», «book/ lib/ kg – создание публикации электронной книги». Учурда алар ар кандай багытта жана ар түрдүү мазмунда иштешет. Алар пайдалануучулардын маалыматка болгон заманбап талабын аткарып жатышат.

*Суроолорго жооп бергиле:*

• Электрондук китепканалар кандай формаларда болушу мүмкүн?

• ЭКны интернеттеги эркин басылмалардан кантип айырмалай алабыз?

• ЭКнын пайда болушуна кайсы шарттар себеп болгон?

• Электрондук ресурстардан пайдалануунун кандай артыкчылыктары бар?

• ЭК кайсы мамлекеттерде биринчи түзүлгөн?

• КРде электрондук китепканалардын пайда болушуна кайсы бирикме себепкер болгон?

• Азыркы учурда КРде кандай электрондук маалымат ресурстары бар?

*4. Көп чекиттердин ордуна туура келген сөз жана сөз айкаштарын коюп, көчүргүлө:*

ЭК маалыматтардын кеңири тармагын камтыган ....... же белгилүү бир тармакты чагылдырган ....... китепкана катары да түзүлөт. ЭК долбоорун .... тарабынан көзөмөлгө алынат. Мындай китепкананын мааалыматтарынын айланасында өз пикирлерин билдирген ........топтолбойт.

ЭК маалыматтардын тездик менен ......, аларды ....... көйгөйүн чечүүнүн ыкмасы катары пайда болду. Китепканалардын электрондук түргө өтүшү менен тарыхый, илимий жактан баалуу сейрек кол жазмаларды да электрондук түрдө .... шарт түзүлдү. Ар бир жаран китепкана фондунун иш кагаздарын электрондук түрдө өзүнө ыңгайлуу .... жана каалаган .... пайдалана алышат.

*5. Сунушталган кырдаалдардын себептерин аныктап, сүйлөмдөрдү улантып жазгыла:*

Электрондук китепкананы интернеттеги эркин басылмалардан айырмалай билишибиз керек. **Себеби .....** ЭК маалыматтардын тездик менен көбөйүшү, аларды сактоонун көйгөйлөрүн чечүүнүн ыкмасы катары пайда болду. **Анткени .......** Азыркы учурда КР «Ачык архивдер» кыймылы

түзүлгөн. **Ал аркылуу ......** Учурда алар ар кандай багытта жана ар түрдүү мазмунда иштешет . **Ошондуктан** алар ..........

*6. Аныктамалардын кайсы аталыштарга берилгендигин таап жазгыла:*

Ар түрдүү электрондук иш кагаздарынын издөө жана навигациялоо каражаттары менен жабдылып, бир калыпка келтирилген топтому ------- болуп саналат. Ал ар кандай стилдеги тексттер акырындап топтолгон ---------. Ар бир файлы калыптанган, пайдалануучулар керектей турган -----------.

Ал аркылуу пайдалануучулар үчүн электрондук тексттердин топтому менен таанышуу, пайдалануу жана көчүрүп алуу мүмкүндүгү берилген ------------

**Тексттен кийинки тапшырмалар**

***7. Ойлон, талда, такта:***

• Электрондук китепкана керек, бирок салттуу китепкана окурманды дайыма өзүнө тартып турат.

• Салттуу китепкана болбосо, китеп басуу тармактары өнүкпөй калмак.

• ЭК бир нече адамдын эмгеги болгондуктан, ага акы төлөп киргизүү керек.

• Жакшы ЭК ар бир ишкана же мекемеде болушу зарыл.

• Жекече ЭК түзүүнүн зарылдыгы жок, анткени ар бир адамдын рухий дүйнөсү купуя сакталыш керек.

8. Силердин окуу жайыңарда **түзүлгөн ЭКны** эксперт катары талдап чыккыла. Электрондук китепкананын ишиндеги оң жана терс жактарын талдап Т-схемасын түзгүлө. Оюңарды жүйөлөр менен далилдегиле.

9. **«Менин электрондук китепканам»** сүрөттөп жазгыла. Аны түзүү үчүн иш-аракеттердин канча кадамы керек

жана алар кандайча ишке ашырыла тургандыгын көрсөткүлө. Топтордо талкуулагыла, жыйынтыгын презентация аркылуу көрсөткүлө

**10. Макалдарды жазгыла жана маанисин түшүндүргүлө:**

Китепсиз дүйнө – жапайылардын дүйнөсү. Билим – арыбас, өнөр – карыбас. Билим албаган жаш, там түбүндөгү таш. Билим издеген өсөөр, бүлүк издеген өчөөр. Билим көптүк кылбайт, өнөр аздык кылбайт. Билимден өткөн досуң жок, оорудан өткөн касың жок. Билимди сатып албайт, аны казып алат. Билимдүүгө дүйнө жарык, билимсиздин көөнү карып.

**Макалдарды окугула жана маанисин салыштыргыла:**

Тоону, ташты суу бузат, адамзатты сөз бузат. *Горы и камни вода разрушает, а людей-ложь, клевета.* Туура бийде тууган жок, туугандуу бийде ыйман жок. *У честного судьи нет родни, у судьи, имеющего родню, нет совести.*

**11. «Биздин үй-бүлөлүк китепканабыз»** деген темада эссе жазып келгиле

***12. Терминди жазып алгыла:***

**Электрондук окуу китеби** – мултимедиалуулугу, виртуалдык аныктыгы, жогорку даражадагы интерактивдүүлүгү жана окуучунун өздүк мүнөздөмөлөрүнө карата окутууну уюштурган билим берүүнүн натыйжасы.

**Интерактивдүү кызмат** – акыркы кабарлар, аба ырайы жана саякат сыяктуу интерактивдүү маалыматтарга кайрылуу үчүн байланыш кызматтарынын интерактивдүү программалык жабдык орнотулат. Интерактивдүү мекемелер тиешелүү акыга чоң диапозондогу маалыматтар менен интерактивдүү тейлөөнү камсыздоого жөндөмдүү.

## 21-тема: Интернет - дүкөндөр

**Лексика**: *Техникалык терминдерди кайталоо,бышыктоо*

**Текстке чейинки тапшырмалар:**

*1. Суроолор боюнча өз ара маектешкиле:*

а. Интернет-дүкөндө соода кылуу сага жагабы?

б. Бул дүкөндө соода кылуу үчүн кайсы өзгөчө билимдер керек?

в. Мындай сооданын кандай артыкчылыктары бар?

г. Кадимки соода борборунан ал кандайча айырмаланат?

д. Интернет-дүкөндө соода кылуунун тобокелчилиги барбы?

ж. Сен кайсы белгилүү интернет-дүкөндөрдү билесиң?

*2. Берилген сөздөрдүн синонимдерин окугула жана алар менен сүйлөм түзгүлө:*

Мейкиндик (*талаа*), натыйжалуу (*ийгиликтүү*), ишкердик (*бизнес)*, виртуалдык (*онлайн),* тутум (*система*), соода түйүнү (*соода борбору*), каражаттар (*акчалар*), эң жогорку (*эң мыкты),* чабуулу (*атакасы*), жардам (*көмөк)*, катачылык (*жаңылыштык*), баарлашууга *(маектешүүгө*), жакшыртып турат (*өнүктүрүп турат*);

*3. Сен кардары болгон интернет-дүкөн тууралуу жубуң менен ой бөлүш. Ал дүкөндүн артыкчылыктарын жүйөлөр менен далилдеп берүүгө аракеттен.*

*4. Берилген сөз айкаштарын орус тилине которгула:*

Интернет талаасы, зор мейкиндиктерди, сатуу жана сатып алуу, программалык тутум, электрондук ишкердикке, соода түйүндөрү, товар өндүрүүчү, тез жана убагында, дүкөндүн дизайнын, каалаган чекитинде, айрым шарттарын, маалыматтарды уурдаган, баш аламандык, жардамга келиши керек, ката кеткен учурда, көп чыгаша, кайра кай-

тaруу, өнүктүрүү үчүн, сатып алуучулар, иштетип туруу, көргөзмө-жарнамаларды уюштуруу.

**Текст менен иштөө:**

**Интернет - дүкөндө**

*Тексттеги этиш сөздөрдү ажыраткыла жана талдагыла:*

Интернет талаасы ишкердикти өнүктүрүү үчүн зор мейкиндиктерди ачып жатат. Бирок интернетти натыйжалуу иштетүү үчүн электрондук бизнестин сырын билүү зарыл.

Интернет-дүкөн – бул веб-сайттан ыңгайлуу сатуу жана сатып алуу үчүн атайын түзүлгөн программалык тутум. Ал атайын электрондук ишкердикке багытталган сайт. Мындай соода түйүндөрү кадимки дүкөндөрдөн бир топ артыкчылыктары менен айырмаланат.

Электрондук дүкөндө өз товарларың болбосо да, башка товар өндүрүүчү менен так келишимиң болгону жетиштүү. Алар кардар буйрутма жасаган товарды тез жана убагында «дүкөнгө» жеткирип турушу керек. Дүкөн үчүн сен имарат жана текчелерди издеп убара болбойсуң. Бардык каражаттарды виртуалдык дүкөндүн дизайнын эң жогорку сапатка жеткирүү үчүн жумшайсың. Мындай дүкөндүн сатуучусу чексиз эркиндикке ээ болуп, соодасын жер шарынын каалаган чекитинде жүргүзө алат. Убактысын да каалагандай бөлүштүрсө болот. Анткени, сатуучунун иш орду компьютердин монитору болуп эсептелет. Сатуучудан башка башкаруучу, эсепчи же кампачыны да жалдоонун зарылчылыгы жок.

Бирок, мындай артыкчылыктары менен бирге интернет-дүкөндү иштетүүнүн айрым шарттарын да эске алуу керек. Кардарлардын кредиттик карталарынын номерлери сакталган маалыматтарды уурдаган хакерлердин чабуулу болуп турат. Алар буйрутмаларды кабыл алууда, товарды

жөнөтүү же эсептешүү учурунда да баш аламандык уюштурушу мүмкүн. Ошондуктан, виртуалдык дүкөндүн коопсуздугун камсыздаган мыкты программалар болушу зарыл. Бул дүкөндүн сайтын иштеп чыгуучулар техникалык жактан ар дайым сизге жардамга келиши керек. Анткени программадан ката кеткен учурда кардарлар күтүп турбайт, сиз убакыттан уттурасыз жана көп чыгаша тартышыңыз мүмкүн. Сиз алып жаткан товарларды ченеп же карап көрүүгө мүмкүн эмес. Ошондуктан, сапатсыз товарды берип, акчаны кайра кайтаруу шарты сакталганы жакшы болот. Сиздин дүкөнгө келген кардарларыңыз менен баарлашууга убакыт берилбейт. Алар дүкөнгө кандай жеңил жана тез кирсе, ошондой эле тездик менен чыгып кетишет.

Интернет-дүкөндүн бардык арыкчылыктарын пайдалануу менен, анын кемчиликтерин азайтууга умтулуу зарыл. Андыктан, сиздин дүкөндүн иштеп чыгуучу компания тажрыйбалуу жана кесипкөй болушу зарыл. Электрондук ишкерликти өнүктүрүү үчүн сиз ар дайым сайтыңызды жакшыртып турушуңуз керек. Сатып алуучулар менен соцтармактагы баракчаларда баарлашып, дүкөндүн блогун жигердүү иштетип туруу да натыйжалуу болот. Офлайн түрүндөгү иш-чараларга катышуу, ар түрдүү көргөзмө-жарнамаларды уюштуруу да сиздин соодаңыздын ийгиликтүү жүрүшүнүн шарты болуп саналат.

*5. Суроолорго жооп бергиле:*

• Интернет-дүкөн дегенде эмнени түшүнөбүз?

• Ал кайсы артыкчылыктары менен айырмаланат?

• Интернет дүкөндү иштетүүнүн кайсы шарттарын да эске алуу керек?

• Электрондук коммерцияны кандайча өнүктүрүү керек?

• Эгерде сен интернет-дүкөн ачсаң кайсы шарттарга көнүл бурасың?

*6. Сүйлөмдү тексттин мазмунуна ылайык толуктагыла:*

Интернет-дүкөн – бул веб-сайттан ыңгайлуу сатуу жана сатып алуу үчүн атайын түзүлгөн ........ . Ал атайын ......... багытталган сайт.

Дүкөн үчүн сен ......... издеп убара болбойсуң. Мындай дүкөндүн сатуучусу чексиз эркиндикке ээ болуп, соодасын ........ жүргүзө алат

Сатуучудан башка ............. да жалдоонун зарылчылыгы жок. Кардарлардын ......... сакталган маалыматтарды уурдаган хакерлердин чабуулу болуп турат. Алар буйрутмаларды кабыл алуудагы, товарды жөнөтүү же эсептешүү учурунда ......... уюштурушу мүмкүн. Сиздин дүкөнгө келген кардарыңыз менен .......... убакыт берилбейт.

*7. Сунушталган кырдаалдардын себептерин аныктап,сүйлөмдөрдү улантып жазгыла:*

Мындай дүкөндүн сатуучусу чексиз эркиндикке ээ болуп, соодасын жер шарынын каалаган чекитинде жүргүзө алат. Убактысын да каалагандай бөлүштүрсө болот. **Анткени ..........** .

Алар буйрутмаларды кабыл алууда, товарды жөнөтүү же эептешүү учурунда да баш аламандык уюштурушу мүмкүн. **Ошондуктан ........**

Бул дүкөндүн иштеп чыгуучулары техникалык жактан ар дайым сизге жардамга келиши керек. **Анткени ......**

Сиз алып жаткан товарларды ченеп же карап көрүүгө мүмкүн эмес. **Ошондуктан ......**

Интернет-дүкөндүн бардык артыкчылыктарын пайдалануу менен, анын кемчиликтерин азайтууга умтулуу зарыл. **Андыктан .......**

*8. Интернет-дүкөн ишкердигин уюштуруу үчүн зарыл болгон кадамдарды ирети менен жазып чыккыла*

• Офлайн түрүндөгү иш-чараларга катышуу, ар түрдүү көргөзмө-жарнамаларды уюштуруу.

• Сатып алуучулар менен соцтармактагы баракчаларда баарлашып, дүкөндүн блогун жигердүү иштетип туруу да натыйжалуу болот.

• Электрондук ишкерликти өнүктүрүү үчүн сиз ар дайым сайтыңызды жакшыртып турушуңуз керек.

• Сапатсыз товарды берип, акчаны кайра кайтаруу шарты сакталганы жакшы болот.

• Дүкөндүн сайтын иштеп чыгуучулар техникалык жактан ар дайым сизге жардамга келиши керек.

• Виртуалдык дүкөндүн коопсуздугун камсыздаган мыкты программалар болушу зарыл.

• Башка товар өндүрүүчү менен так келишимиң болгону жетиштүү.

• Бардык каражаттарды виртуалдык дүкөндүн дизайнын эң жогорку сапатка жеткирүү үчүн жумшайсың.

• Дүкөндү иштеп чыгуучу компания тажрыйбалуу жана кесипкөй болушу зарыл.

*9. Диалогду ролдошуп окугула жана баяндама түрүндө кайра түзүп чыккыла.:*

– Сен интернет-дүкөндөр менен байыган ишкерлерди билесиңби?

– Албетте билемин. Алардын эң таланттуусу **Жефф Безос** деп ойлоймун. Ал 2018-жылы «Forbs» журналынын иликтөөсү боюнча 135,6 млрд.доллары менен дүйнөдөгү эң бай адам катары таанылган.

– Ал мындай ийгиликке кандайча жеткен?

– Жефф Безос 1994-жылы **Amazon. Com** интернет-дүкөнүн негиздеген. Сайтка 300 миң доллар сарптап, ишке киргизген. Компания китеп сатылуучу онлайн-дүкөн катары башталып, эң көп ассортименттеги товарларды, кызматтарды көрсөткөн ири ишканага чейин өскөн.

– Жефф Безос да америкалык экендигин билебиз, башка өлкөлөрдөн да мындай ийгиликтерди багындырган ишкерлер барбы?

– Кытайлык **Alibaba Group** компаниясы да интернет-коммерция менен иштеп 2012-жылдагы эки порталдагы соодасынын көлөмү 1,1 трлн.юанга (*170 млрд.долларга барабар*) жеткен. 2014-жылы Alibaba Group компаниясынын акцияларынын наркы 231 млрд.долларды түзгөн.

– Мындай натыйжалуу компанияны ким негиздеген?

– Alibaba Group компаниясын 1999-жылы Ханчжоу шаарындагы Жек Ма деген каймана ат алып жүргөн **Ма Юн 17** өнөктөштөрү менен бирге түзгөн.

*10. Билген маалыматыңар менен диалогду андан ары толуктагыла:*

– Сен интернет-дүкөндөр менен байыган ишкерлерди билесиңби?

______________________________________________

– Ал мындай бийиктикке кандайча жеткен?

______________________________________________

– Башка өлкөлөрдөн да мындай ийгиликтерди багындырган ишкерлер барбы?

______________________________________________

– Мындай натыйжалуу компанияны ким негиздеген?

______________________________________________

– Кыргызстанда интернет соодасы менен алектенген компаниялардан кайсыларын билесиң?

______________________________________________

– Интернет тармагында электрондук соода жүргүзүү менен байыган жеке жарандарды атай аласыңбы?

______________________________________________

**Тексттен кийинки тапшырмалар**

***11. Ойлон, талда, такта:***

Интернет-дүкөнүн ачуу үчүн компьютердик программаларды жакшы билүү керек;

Мындай дүкөндөр маалымат технологиялары өнүккөн алдыңкы өлкөлөрдө же ири шаарларда гана болушу мүмкүн;

Виртуалдык соода абдан кооптуу, анткени хакерлердин чабуулунан кийин каражатсыз отуруп каласың;

Сапатын көрбөгөн товарларды кантип алып сатууга болот?

Интернет-сооданы өнүктүрүү үчүн көп каражат керектелет.

*12. Силердин курдашыңар же жакшы тааныган адамыңар тарабынан түзүлгөн интернет-дүкөндүн ишин эксперт катары талдап чыккыла.* Ишиндеги оң жана терс жактарын талдап Т-схемасын түзгүлө. Оюңарды жүйөлөр менен далилдегиле.

**13. «Мен жактырган интернет-дүкөн»** деген темада эссе жазгыла

*14. Макалдарды жазгыла жана маанилерин түшүндүргүлө:*

Кумурска бириксе, арстанды да алат. Кыйналып табылган ырыскы –баалуу. Иш кылдырба чоркокко, жүк артпагын торпокко. Иши жок журттан, жыгачта жашаган курт жакшы. Ишеничиң болбогон ишти кылба. Ишке чабал тагдырына таарынат. Ишмердин пулу түгөнбөйт, жалкоонун карызы түгөнбөйт. Иштеги темир чирибейт. Иштесең досуң көбөйөт, ушактан касың көбөйөт.

***Макалдарды окуп чыккыла жана маанилерин салыштыргыла:***

Убадасыз кишиден жүрүп кеткен жел артык. *Лучше проходящий ветер, чем непостоянный человек.* Угар жерде

сөз айт, сиңер жерге суу куй. *Говори там, где слушают, воду лей там, где впитывается.* Укпайт деп ушак айтпа, билбейт деп ууру кылба. *Не сплетничай, полагая, что не услышат, не воруй, полагая, что не узнают.*

*15. Терминди жазып алгыла:*

**Интернет-дүкөн** – атайын программа менен түзүлгөн веб-сайт. Анын жардамы менен интернет аркылуу сатууну уюштурат жана сатылуучу буюмдарды көрсөтүү үчүн электрондук каталогдорду колдонот. Кардарлар товарларга формаларды толтуруу аркылуу суроо-талап жиберет. Төлөмдөр интерактивдүү төлөм тутумдары, банк же почта аркылуу жүргүзүлөт.

## 22-тема: Электрондук дүйнө жана ден соолук

**Лексика:** *Техникалык терминдерди кайталоо, бышыктоо*

**Текстке чейинки тапшырмалар**

*1. Маектешүү:*

- Сенин эргономика тууралуу түшүнүгүң барбы?
- Компьютер менен иштеген адам психологиялык чыңалуу абалында болот деген туурабы?
- Эмне үчүн ички органдарда жана кан тамырларда кан айлануу акырындайт?
- Чубалгысыз интернет жана монитор аркылуу бөлүнүп чыккан жарыктын, электромагниттик нурдануулардын зыяндуу жактары кайсылар?
- Сен эмгекти коргоонун негиздерин тыкан өздөштүрүп, аны колдонуп жатасыңбы?

*2. Берилген сөздөрдүн маанилерин сөздүк боюнча аныктап жазгыла:*

- эргономика
- люминесценттик

- кабелдик тутум
- оптикалык айнек чыпкасы

*3. Төмөнкү сөздөрдү жана сөз айкаштарын түшүндүр жана 5 сөз айкашы менен сүйлөм түз:*

Зыяндуу көрүнүштөр, бир калыптагы абал, бир түрдүү кыймыл, психологиялык чыңалуу, кан айлануу, чубалгысыз интернет, электромагниттик нурдануулар, эмгекти коргоо, табигый жарык, люминесценттик шамдар, күңүрт жарык берүү, көздүн булчуңдары, атайын көнүгүүлөр, кабелдик тутум, кыймылдуу болуп, атайын бут койгуч, оптикалык айнек чыпкасы, алысыраак, ыңгайлуу болуусу, компьютер менен иштеген адам.

*4. Төмөнкү синоним сөздөрдү көчүрүп жазгыла, алардын антонимдерин тапкыла:*

Зыяндуу (*терс таасирдүү*), бир калыпта (*бир түрдүү*), кыймылсыз (*былк этпеген*), бузат (*начарлатат*), тыкан (*кылдаттык менен*), жайгаштыруу (*орноштуруу*), күңүрт (*элес-булас*), тыныгуу (*танапис*).

**Текст менен иштөө:**

**Электрондук дүйнө жана ден соолук**

*Тексттеги этиш сөздөрдү ажыраткыла жана талдагыла:*

Компьютерди пайдаланууда ар бир адам өз ден соолугу үчүн зыяндуу көрүнүштөрдүн алдын алууга милдеттүү. Азыркы учурда кеңири таралган жүрөк жана кан тамыр оорулары ЖК менен иштөөнүн эң жөнөкөй эрежелерин сактабагандыктан көбөйүп жатат. Анткени компьютер менен иштеген адам узак убакытка бир калыптагы абалда олтурат жана анын колунун манжалары гана бир түрдүү кыймылда болот. Бул колдун кайталанган кыймылдан улам чарчоосуна алып келет. Жалпы психологиялык чыңалууга түрткү берет. Адамдын башка дене мүчөлөрү кый-

мылсыз абалда болот, ошондуктан ички органдарда жана кан тамырларда кан айлануу акырындайт. Жабык имаратта көпкө чейин олтура берүү да зыяндуу, себеби мындай шарт ден соолукту бузат. Чубалгысыз интернет жана монитор аркылуу бөлүнүп чыккан зыяндуу нурлануулар бөлмөгө таркап турат.

Демек, маалымат технологиялары менен иштөөдө ар бир өндүрүштүк тармак сыяктуу эле эмгекти коргоонун эрежелерин колдонуу зарыл. **ЖК** менен иштөөдө табигый жарыкты гана пайдаланып, аны кыйгачынан сол жактан тийип тургандай жайгаштыруу маанилүү. Кайсы бир иш-каналар пайдаланган люминесценттик шамдар, күңүрт жарык берүү да көрүү органдарына зыяндуу болуп эсептелет. **ЖК** менен иштөөдө негизги чыңалуу көз органына туура келгендиктен тез-тез тыныгуу жасап, көзүңүздү ирмеп- ирмеп туруңуз. Көзүңүздү экрандан алып, алыскы аралыкта турган буюмдарга көңүлүңүздү буруңуз. Мындай кыймылдар аркылуу көздүн булчуңдарын жакшы эс алдырууга болот. Ошондой эле колдун манжаларын да тез-тез тыныктырып, атайын көнүгүүлөрдү жасап туруу да пайдалуу. Жумуш орунун жана жумушчу жабдыктарын бардык талаптарга ылайык жайгаштыруу илимин азыркы учурда **эргономика** деп аташат. Бул талаптарга ылайык жумушчу ордунда бардыгы кабелдик тутум менен башкарылат, бардык чубалгылар бекем бекитилет. Отургучтун жогорку бөлүгү кыймылдуу болуп, сизге ылайык жана ыңгайлуу болуусу керек. Сиздин бутуңуз жерге же атайын бут койгучка жайлуу турат. Монитор көздүн деңгээлинен 5-8 см жогору келип, атайын коргоочу оптикалык айнек чыпкасы менен капталган болушу шартка ылайык. Сиз монитордон дайыма мүмкүн болушунча алысыраак олтуруңуз керек. Ошондуктан клавиатура жана чычкан атайын тактада жайгашып, сиздин ишиңиздин натыйжалуу болушуна шарт түзүп турат. Колуңуз менен чыканагыңыз бекем так-

танын үстүнө жайгашып, денеңизге жакын туруусу керек. Жумуш орду таза, жарык жана ыңгайлуу болуусу талапка ылайык келет. Компьютер менен иштеген адам денесинин абалын улам өзгөртүп, кыска тыныгууларды жасап, таза абага чыгып туруусу керек.

*Суроолорго жооп бергиле:*

• Эмне үчүн жүрөк жана кан тамыр оорулары көбөйүп жатат?

• ЖК менен иштөөнүн зыяндуу жактары кайсы шарттарда жогору болот?

• ЖК менен иштөөдө табигый жарыкты кандай пайдалануу зарыл?

• Көздүн булчуңдарын, колдун манжаларын кандай ыкмалар менен эс алдырууга болот?

• **Эргономика** деген терминди кандай түшүндүрөсүң жана анын талаптарын ар бир пайдалануучу сактайбы?

• Компьютер менен иштеген адам дагы кандай эрежелерди сакташ керек?

*5. Берилген жооптордун туура вариантын тандап жазгыла:*

Компьютерди пайдаланууда ар бир адам өз ден соолугу үчүн зыяндуу көрүнүштөрдөн (*коргонууга, алдын алууга милдеттүү, качууга*) милдеттүү. Бул (*көздүн, колдун, бүтүн*) кайталанган кыймылдан улам чарчоосуна алып келет. Чубалгысыз интернет жана монитор аркылуу бөлүнүп чыккан (*жарыктар, ызы-чуулар, нурлануулар*) ЖК менен иштөөнүн зыяндуу жактары болуп эсептелет. Демек, маалымат технологиялары менен иштөөдө ар бир өндүрүштүк тармак сыяктуу эле эмгекти коргоонун (*эрежелерин, жабдыктарын, кийим-кечелерин*) колдонуу зарыл. Жумуш орунун жана жумушчу жабдыктарын бардык талаптарга ылайык *(сатып алуу, жазып чыгуу, жайгаштыруу)* илимин азыркы учурда эргономика деп аташат.

*6. Сунушталган кырдаалдардын себептерин аныктап, сүйлөмдөрдү улантып жазгыла:*

Азыркы учурда кеңири таралган жүрөк жана кан тамыр оорулары ЖК менен иштөөнүн эң жөнөкөй эрежелерин сактабагандыктан көбөйүп жатат. **Анткени .....** . ЖК менен иштөөдө негизги чыңалуу көз органына туура **келгендиктен .....** Сиз монитордон дайыма мүмкүн болушунча алысыраак олтурууңуз керек. **Ошондуктан .....** . Адамдын башка дене мүчөлөрү кыймылсыз абалда болот, **ошондуктан .......** . Жабык имаратта көпкө чейин олтура берүү да болбойт, **себеби.....**

*7. Берилген аныктамаларга тексттен далилдөөчү фактыларды тапкыла:*

• жүрөк жана кан тамыр оорулары ЖК менен иштөөнүн эң жөнөкөй эрежелерин сактабагандыктан көбөйүп жатат.

• маалымат технологиялары менен иштөөдө ар бир өндүрүштүк тармак сыяктуу эле эмгекти коргоонун эрежелерин колдонуу зарыл.

**Тексттен кийинки тапшырмалар**

**8.** Тексттин мазмуну боюнча кыскача эрежелер жыйнагын түзгүлө жана бул эрежелер менен жубуңарды тааныштыргыла, чогуу кошумчалагыла.

**9. Макалдарды жазгыла жана маанилерин түшүндүргүлө:**

Жыртык үйдү жел табат, калпычыны эл табат. Жээриңди майда чайна, айтарыңды мыкты ойлон. Зээндүү бала сүйүнтөт, кежир бала күйүнтөт. Илим албай мактанба, өнөр албай баптанба. Ишке чабал тагдырына таарынат. Иштеген киши карыбайт, карыса да арыбайт. Иштегиси келген жолун издейт, иштегиси келбеген шылтоо издейт. Иштүүгө убакыт жетпейт, ишсизге убакыт өтпөйт. Мээнет болбой, дөөлөт болбойт. Билим – адамдын канаты

Билими толук минди жыгат, билеги жоон бирди жыгат. Илим – элге, суу – жерге. Билимдүүнүн сөзү кыска, айта келсе нуска.

**Макалдарды жазгыла жана маанилерин салыштыргыла:**

Устанын тогоосу жок, бекерчинин чолосу жок. *У кузнеца кольца нет, у бездельника досуга нет.* Уста кандай болсо – шакирти ошондой болот. *Каков мастер, таков будет и ученик; каков поп, таков и приход.* Уул жаманы – уйгак, кыз жаманы – камгак. *Дурной сын – репей, дурная дочь – перекати поле.* Уядан эмне көрсө, учканда ошону алат. *Что видел в гнезде, то и будет ловить, когда вылетает.*

*10. Терминдерди жазып алгыла:*

**Тармакты көзөмөлдөө кызматы** – компьютерлердин учурдагы тизмесин колдогон кызмат, колдонмонун талабы боюнча бул тизмени сунуш кылат.

Компьютерлердин көзөмөлдөгүчү «Менин тармактык чөйрөм», »Компьютерди тандоо» жана «Доменди тандоо» диалог терезелерине, сервер диспетчеринин терезесине компьютерлер тизмесин чыгарып берет.

**Эфернет** – ага негизделген жергиликтүү тармактардын коопсуз иштөөсү камсыз кылынат. Эфернет протоколу жолчо технологиясына негизделген. Ал берилиштерди 10 Мбит/сек ылдамдыкта жиберет. Тез эфернет деп аталган жогорку ылдамдыктагы берилиштерди жиберүүдө 100 Мбит/сек ылдамдыгын камсыз кылат. Эфернетке негизделген жергиликтүү тармактарда «көп станцияга жетүү» деп аталган метод колдонулат.

11. **«Ар бир адам өз ден соолугу үчүн күрөшүү керек»** деген темада эссе жазып келгиле

## 23-тема: Менин кесибим - программист

**Лексика:** Техникалык терминдерди которуу, бышыктоо

**Текстке чейинки тапшырмалар**

*1. Берилген аныктаманы эстеп калгыла:*

**Программист** – атайын математикалык моделдердин негизинде компьютердик программаларды жана алгоритмдерди иштеп чыккан адис.

Алар ич ара адистигине жараша ажыратылат: колдонмо программисттер, тутумдук программисттер жана веб-программисттер.

*2. Төмөнкү сөздөрдү жана сөз айкаштарын сөздүк менен которгула:*

- программалаштыруу тили
- логикалык ойлонуу
- колдонмо программисттер
- веб-программисттер
- тутумдук программисттер

*3. Суроолор боюнча маектешкиле:*

- Программист кесиби качан негизделген деп ойлойсун?
- Бул кесиптин башка кесиптерден кандай айырмачылыктары бар?
- Сен эмне үчүн бул кесипти тандадың?
- Программист кайсы тармактарды жакшы билиши керек?
- Сен бул кесиптин келечегин кандай элестетесиң?

*4. Берилген сөздөрдү жана сөз айкаштарын түшүндүргүлө, алардан бешөөнү тандап сүйлөм түзгүлө:*

Ар кандай шартта, программалаштыруу тарыхы, электрондук эсеп машинасы, машинанын тили, математикалык эсептер, маалыматтардын саны жана сапаты, натыйжалуу

иш, мыкты математик, чыгармачыл дарамет, чет тили, ич ара адистик, техникалык терминдер, социалдык топтор.

**Текст менен иштөө:**

**Менин кесибим - программист**

*Тексттеги кызматчы сөздөрдү ажыраткыла жана талдагыла:*

Маалымат технологиялары ар бир мамлекетте ар кандай шартта пайда болгон. Бирок программалаштыруу тарыхы АКШда алгачкы электрондук эсептөөчү машине пайда болгондон башталат деп эсептешет. Мындай машине 1944-жылы «Марк-1» деген ат менен чыгарылган. 20-кылымдын 70-жылдарынан баштап программист кесиби таркалып, жакшы айлык акы бериле баштаган.

Бул кесипке ээ болгон адам программалаштыруунун тилин жакшы билиши зарыл. Ал керектүү маалыматтарды машинанын тилине математикалык атайын эсептер аркылуу которо алат дегенди билдирет. Мындай эсептер машинанын тилине которулган маалыматтардын санын жана сапатын аныктайт. Жыйынтыгында берилген эсептердин суммасына жана иш кагаздарынын тактыгына жооп берет. Ошондой эле ал даяр программалардын натыйжалуу иштешине байкоо салат. Негизинен бардык атактуу программисттер мыкты математиктер болушкан. Ошондуктан программистке математикалык билим менен бирге мыкты логикалык ойлонуу сапаты талап кылынат. Мындай практикалык багыт менен бирге ал чыгармачыл дарамети жогору инсан болушу керек.

Программисттер ич ара адистигине жараша ажыратылат: колдонмо программисттер, тутумдук программисттер жана веб-программисттер. Колдонмо программисттер эсептик, редакторлук жана оюндук тармактарга, аудио-видео тутумдарына, видео байкоолорго колдонуучу программаларды жасашат. Алар ишканаларга же жеке компания-

ларга жана пайдалануучуларга каалаган программаларды жеке шарттарына ылайыктуу кылып кайра иштеп чыгышат.

Ал эми тутумдук программисттер жумушчу тутумдун иш процессин камсыздашат. Маалымат топтомдоруна карата ар кандай интерфейстерди жазышат. Веб-программисттер дагы кеңири тутум болгон интернет менен иш алып барышат. Алар сайттардын негизи болгон программаларды жана веб-баракчаларын, маалымат топтомун башкаруучу веб-интерфейсттерди иштеп чыгышат.

Азыркы тез алмашкан маалымат технологиялар учурунда программист абдан керектелген жана заманбап кесип болуп калды. Ошондуктан, бул кесипке ээ болуу менен жаңы технологиялардын жаңылыктарын билгенге жана ар дайым өнүгүүгө даяр болуу керек. Англис тилиндеги техникалык терминдерди да мыкты билүүсү зарыл. Анткени мындай билим программисттин артыкчылыгы катары белгиленет. Программист ири ишканалар менен жана адамдардын ар кандай социалдык тобу менен иштешкенге да даяр болушу керек. Себеби, программисттер машиналар аркылуу адам коомунун ийгиликтүү өнүгүүсүнө өз салымдарын кошушат.

*Суроолорго жооп бергиле:*

• Эмнеге программалаштыруу тарыхы АКШдан башталган деп эсептешет?

• Бул кесипке ээ болгон адам эмнелерди жакшы билиши зарыл?

• Чыгармачыл дарамети жогору болуш керек дегенди сен кандайча чечмелейсин?

• Программисттер ич ара адистигине жараша кандайча ажыратылат?

• Абдан керектелген жана заманбап кесип дагы кандай сапаттарды талап кылат?

*5. Сүйлөмдөрдү толуктап жазгыла, алардын мазмунун талдап тема койгула:*

Бул кесипке ээ болгон адам ........ жакшы билиши зарыл. Ал керектүү маалыматтарды машинанын тилине ............ аркылуу которо алат дегенди билдирет. Ал машинанын тилине которулган маалыматтардын ............ аныктайт. Иштин жыйынтыгында берилген эсептердин ........ жана иш кагаздарынын ........ жооп берет. Даяр программалардын натыйжалуу .............. байкоо салат. Бул кесипке ээ болуу менен жаңы технологияларды ...... жана ар дайым ........ даяр болуу керек. Англис тилин техникалык терминдери менен ........... – программисттин артыкчылыгы катары белгиленет. Программист ири ишканалар менен жана адамдардын ар кандай социалдык тобу менен ............ даяр болушу керек.

*6. Сунушталган кырдаалдардын себептерин аныктап, сүйлөмдөрдү улантып жазгыла:*

Негизинен бардык атактуу программисттер мыкты математиктер болушкан. **Ошондуктан ......** . Азыркы тез алмашкан маалымат технологиялар учурунда программист абдан керектелген жана заманбап кесип болуп калды. **Ошондуктан, ....** . Англис тилиндеги техникалык терминдерди мыкты билүүсү зарыл. **Анткени,** ........ . Программист ири ишканалар менен жана адамдардын ар кандай социалдык тобу менен иштешкенге да даяр болушу керек. **Себеби,** **........** .

*7. Берилген жооптордун туура вариантын тандап жазгыла:*

Маалымат технологиялары ар бир мамлекетте (*ар кандай убакытта, түрдүү формада, ар кандай шартта*) пайда болгон. 20-кылымдын 70-жылдарынан баштап программист кесиби таркалып, (*мыкты сыйлык, жакшы айлык акы, сонун кийимдер)* бериле баштаган. Ал керектүү маалыматтарды *(машиненин тилине, кытай тилине, жа-*

*рым аралга)* математикалык атайын эсептер аркылуу когоро алат дегенди билдирет. Ошондой эле ал (*климаттык өзгөрүүлөрдүн, транспорт кыймылынын, даяр программалардын)* натыйжалуу иштешине байкоо салат. Мындай практикалык багыт менен бирге ал (*физикалык күч-кубаты,чыгармачылык дарамети, банктагы акча эсеби)* жогору инсан болушу керек.

**Тексттен кийинки тапшырмалар**

***8. Ойлон, такта, колдон:***

• Жөндөмүң болсо, атайын билимсиз деле программист катары ийгиликтүү иштеп кетсе болот.

• Окуу жайлар абдан көп, ошондуктан алардын акы төлөмү арзанын жана окуу мөөнөтү азыраагын тандаш керек.

• Программа канчалык жөнөкөй болуп турса, ага ошончолук көп кардарлар келишет.

• Жакшы түзүлгөн программаны улам-улам кошумчалай берүүнүн кажети жок.

• Жакшы программа эмне экендигин ар бир адам түшүнөт, ошондуктан бул маселе боюнча пайдалануучулар өз билимине гана таянуусу зарыл.

*9. Төмөнкү кырдаал боюнча жүргүзүлгөн маек кебин текст түрүндө кайра түзгүлө:*

**Кыргызстандык 26 жаштагы Тилек Мамутов интернет дүйнөсүндөгү гиганттардын бири - Google компаниясында иштегенине бир нече жыл болуп калды.**

Кезегинде Борбордук Азиядагы программисттердин ичинен биринчи болуп ушул компанияда иштей баштаган Тилек Мамутов «Азаттыкка» мындай интервью берген:

**– Google компаниясынын кайсы тармагында, ким болуп иштейсиз? Күнүгө эмне менен алек болосуз?**

– Мен Google компаниясынын Ирландиянын Дублин шаарындагы башкы европалык кеңсесинде иштейм. Мен

иштеген бөлүм издөө тутумунун сапатын баалоо бөлүмү деп аталат. Мен ал жерде программист жана долбоорлордун менеджери болуп иштейм.

Күндө убакыттын бир бөлүгүн атайын Кыргызстан жана кыргыз тили үчүн өнүмдөрдү тандоого бөлөм. Мисалы, майрам күндөрүндө издөө тутумунун интерфейсине, Google карта, виртуалдык клавиатура, Google Doodle сүрөттөрү өңдүү бир топ долбоорлорго көңүл бурам.

**– Кыргызстанга кайтып келүү оюңузда барбы?**

– Мен Кыргызстанды ушунчалык жакшы көрөм жана кайтып келүүнү каалайм. Бирок азырынча кайтып келүү оюмда жок. Анткени азыр менден азыраак пайда болот. Мен кийинчерээк келип же Google компаниясынын, же өзүмдүн компаниямды, же болбосо, мисалы билим берүү багытында коммерциялык эмес уюм ачкым келет.

**– Сиздин Google компаниясында иштегениңизди көпчүлүк ийгилик катары кабыл алат. Мындай ийгиликке жетүү үчүн эмне керек дейсиз, кандай сапаттар?**

– Менимче, жөн гана эмгектенүү эмес, дайыма жана көп-көп үйрөнүү, акылдуураак болуу маанилүү. Дайыма өзүбүзгө татаал ташпырмаларды коюу керек. Сизден тажрыйбалуу, акылдуу болгон, сиз алардан көп нерсе үйрөнө ала турган адамдар менен сүйлөшүү керек. Туура кадам таштоо абзел. Ошондой эле бул жашоодон эмне каалап жатканыңызды түшүнүү керек. Буга карата тиешелүү максат коюу абзел. Мисалы мен, программист болууну каалай тургандыгымды эрте түшүндүм. Дайыма күтүлбөгөн мүмкүнчүлүктөргө даяр болуу керек. Качан мүмкүнчүлүк келип калганда ал көз ирмемди туура колдонуу керек. Мен да кезегинде Google компаниясынан кат алганымда ушундай кылгам.

*10. Алган билимиңер, мурда билгениңер боюнча* ***Т-схемасын түзгүлө*** *(программист кесибинин + жакшы, - терс жактарын талдап жазгыла).*

***11. Макалдарды жазгыла жана маанилерин түшүндүргүлө:***

Элин коргоп, жоо сайган баатыр аталат.

Элин сагынбас эр болбос, үйрүн сагынбас ат болбос.

Элин сыйлабаган тилин жерийт.

Элине арка болчу уул эки миздүү курч канжарга теӊ.

Элинен безген эр оӊбос, көлүнөн безген каз оӊбос.

Эмгек чыйралтат, өмүр үйрөтөт.

Эмгек эрдин көркү, эр – элдин көркү.

Эмгек кылсаӊ жашыӊдан, дөөлөт кетпейт башыӊдан.

Адамдын көркү – адеп.

Адамды акылынан, даракты жалбырагынан байка.

Акыл айга жеткирет, өнөр көккө жеткирет.

Акыл – тозбогон тон, билим – түгөнбөгөн кен.

Жакшы арына кул, жаман – малына кул.

Жакшы – журтунун камын жейт, жаман журтунун малын жейт.

Жакшы сөздү таап сүйлөйт, жаман сөздү каап сүйлөйт.

Жакшы сөзү менен күлдүрөт, назы күйдүрөт, мээрими менен сүйдүрөт.

***Макалдарды окугула жана маанилерин салыштыргыла:***

Чечендин сөзү алтын, устанын колу алтын. *У красноречивого слова-золото, у кузнеца - руки золото.* Чыгаша чыкпай, киреше кирбейт. *Если не будет расхода, не будет и прихода.* Ырыстууга жуучу келет, ырысы жокко доочу келет. *К удачливому сваты ходят, к неудачнику истицы ходят.*

*12. **«Мен ийгиликтүү программист боломун»** деген темада эссе жазып келгиле.*

## 24-тема: Менин кесибим – веб-дизайнер

**Лексика:** Техникалык терминдерди которуу, бышыктоо

Текстке чейинки тапшырмалар

Берилген аныктаманы эстеп калгыла:

**Дизайнер –**

1. Сүрөтчү - конструктор;

2. Конструкциялоонун көркөм жана техникалык ыкмаларын жакшы билген адис.

3. Жаңы, кайталангыс үлгүдөгү нерселерди жаратуучу. Дизайнер – бекем колдонмо логиканын жана көркөм ой жүгүртүүгө негизделген чыгармачыл жөндөмдүн айкалышуусу болуп саналат. Бул кесиптеги адам техниканы, компьютерди жана түзүүчү материалдарды туура тандоо, иштетүү аркылуу ийгиликтүү иштей алат.

2. *Суроолор боюнча маектешкиле:*

- Сен эмне үчүн бул кесипти тандап алдың?
- Веб-дизайнер кесибинин өзгөчөлүктөрү кандай деп ойлойсуң?
- Бул кесиптин кайсы терс жактарын билесиң?
- Веб-дизайнер кесибин толук өздөшүрүү үчүн кайсы программаларды жакшы билүү зарыл?
- Ал кесип адамдан дагы кандай сапаттарды талап кылат?
- Бул кесипте ийгиликтүү иштеген инсандарды билесиңби?

*3. Берилген сөздөрдү жана сөз айкаштарын түшүндүргүлө, аларды орус тилине которгула:*

Кеңири тутум, иш алып барышат, программалоонун тилин, чыгармачылык ой жүгүртүү, камсыз болгон, тар-

туулашы керек. Ыңгайлуу жактары, каалаган жеринде, кардардын буйрутмасын, жашоо ыкмасын, басымдуу бөлүгүн, чыгармачылык изденүүдө, талабына жооп берген, өзгөртүлүп турат, жарнама катары, көптөгөн чыгымдар, өнөктөштөр үчүн, каражаттарын үнөмдөгөн, кыймылдуу күч.

**Текст менен иштөө:**

**Менин кесибим веб-дизайнер**

*Тексттеги кызматчы сөздөрдү ажыраткыла жана талдагыла*

Азыркы маалымат коомундагы эң керектүү жана көп талап кылынган кесип программист кесиби экендигин жакшы билебиз. Ал эми программисттер ич ара адистигине жараша колдонмо программисттер, тутумдук программисттер жана веб-программисттер болуп бөлүнө тургандыгын айтып кеттик. Веб-программисттер дагы кеңири тутум болгон интернет менен иш алып барышат. Алар сайттардын негизи болгон программаларды жана веб-баракчаларын, маалымат топтомун башкаруучу веб-интерфейсттерди түзүшөт. Веб-дизайн – бул графикалык дизайндын бир түрү болуп саналат. Бирок, веб - баракчаларын жасалгалоо графикалык гана эмес, маалыматтык дизайн. Ошондуктан натыйжалуу жана кыймылдуу сайт жасоо үчүн программалоонун тилин мыкты билүү менен бирге чыгармачыл ой жүгүртүү да талап кылынат. Анткени, веб-дизайнерлер интернет пайдалануучуларга жогорку эстетикалык сапат менен камсыз болгон маалыматтарды тартуулашы керек.

Веб-дизайнер кесибинин бир топ ыңгайлуу жактары бар. Ишинде кандай ката кетирсең да, аны ар убакта оңдоп койсо болот. Ал бир нече программа орнотулган ЖК менен үйүндө же каалаган жеринде эркин график менен иштей алат. Жеке ишин баштоо үчүн же кардардын буйрутмасын

аткаруу үчүн көп акча каражаттары талап кылынбайт. Бирок веб-дизайн кесибин тандагандар жашоо ыкмасын да толук өзгөртүүгө туура келет. Анткени, ал өз убактысынын басымдуу бөлүгүн дүйнөлүк желеде өткөрөт. Мындай заманбап жана чыгармачыл кесипти тандагандар ар дайым алдыңкы технологиялар боюнча көп окуп, көп иштеп чыгармачыл изденүүдө болушу керек.

Тез өзгөргөн убакыттын талабына жооп берген сайт эмне үчүн керек жана ал кандай болуу керек? Ал туруктуу жана кесипкөй ишкана же мекеменин ишенимдүүлүгүн, кадыр-баркын көрсөтүп турат. Ишкерлер азыркы учурда акыркы жаңылыктарды билүү үчүн интернетке киришет. Ошондуктан, сайттагы маалыматтар улам өзгөртүлүп турат. Сайт күнү-түнү ишкерлердин пайдасына жарнама катары иштеп турат. ММКна маалымат чыгаруу үчүн көптөгөн чыгымдар талап кылынат, ал эми сайттан ар тараптуу, кенен маалыматтарды каалаган убакытта ала алышат. Бизнес өнөктөштөр үчүн жабык баракчаларды түзүп, товарларга же кызматтардын түрлөрүнө буйрутма бере алышат. Демек, сайт адамдардын убактысын, күчүн жана акча каражаттарын үнөмдөгөн технологиялык эң сонун каражат деп эсептейбиз. Ошондуктан, веб-дизайнерлер сайт деп аталган заманбап каражатты маанилүү маалыматтарды берген кыймылдуу күч катары түзүшөт. Бул күч аркылуу адамдар алдыга койгон максаттарына эртерээк жетишет, коом алга карай тезирээк өнүгө алат.

*4. Суроолорго жооп бергиле:*

- Программисттер ич ара адистигине жараша кандайча бөлүнүшөт?
- Веб-программисттер интернет тутумунда эмнелерди түзүшөт?
- Алар интернет пайдалануучуларга кандай маалыматтарды тартуулашы керек?

• Веб-дизайнер кесибинин кандай ыңгайлуу, ыңгайсыз жактары бар?

• Убакыттын талабына жооп берген сайт эмне үчүн керек?

• Сайтты эмнелерди үнөмдөгөн технологиялык каражат деп эсептешет?

• Ийгиликтүү сайттар дагы кандай сапаттарга ээ болуш керек деп ойлойсуң?

*5. Сүйлөмдөрдү толуктап жазгыла, алардын мазмунун талдап тема койгула:*

Веб-программисттер дагы кеңири тутум болгон ....... иш алып барышат. Алар сайттардын негизи болгон ........ маалымат топтомун башкаруучу ........ түзүшөт. Анткени веб-дизайнерлер интернет пайдалануучуларга ....... менен камсыз болгон маалыматтарды тартуулашы керек. Ишиңде кандай ката кетирсең да, аны ........ койсо болот. Ал бир нече программа орнотулган ЖК менен ......... эркин график менен иштей алат. Жеке ишин баштоо үчүн же кардардын буйрутмасын аткаруу үчүн ....... талап кылынбайт.

Мындай заманбап жана чыгармачыл кесипти тандагандар ар дайым алдыңкы технологиялар боюнча ......... чыгармачылык изденүүдө болушу керек.

*6. Сунушталган кырдаалдардын себептерин аныктап, сүйлөмдөрдү улантып жазгыла:*

Бирок веб – баракчаларын жасалгалоо графикалык гана эмес, маалыматтык дизайн. **Ошондуктан .....** . Бирок веб-дизайн кесибин тандагандар жашоо ыкмасын да толук өзгөртүүгө туура келет. **Анткени .....** . Ишкерлер азыркы учурда акыркы жаңылыктарды билүү үчүн интернетке киришет. **Ошондуктан ......** . Демек, сайт адамдардын убактысын, күчүн жана акча каражаттарын үнөмдөгөн технологиялык эң сонун каражат деп эсептейбиз. **Ошондуктан ....** .

*7. Кашага алынган сын атоочтордун синонимдеринин бирин тандап көп чекиттердин ордуна койгула*

Веб-программисттер дагы .... (*дүйнөлүк, кенен*) тутум болгон интернет менен иш алып барышат. Ошондуктан (*пайдалуу, сапаттуу)* сайт жасоо үчүн программалоонун тилин мыкты билүү менен бирге (*көркөм, образдуу*) ой жүгүртүү да талап кылынат. Ал туруктуу жана кесипкөй ишкана же мекеменин (*макамын, ийгилигин*) көрсөтүп турат. ЖМКга маалымат чыгаруу үчүн көптөгөн чыгымдар талап кылынат, ал эми сайттан (*кеңири, реалдуу*) маалыматтарды каалаган убакытта ала алышат. Ошондуктан веб-дизайнерлер сайт деп аталган заманбап каражатты (*терең мазмундуу, ишенимдүү*) маалыматтарды берген кыймылдуу күч катары түзүшөт.

**Тексттен кийинки тапшырмалар**

***8. Ойлон, такта, колдон:***

- Веб-дизайнер болуу үчүн сөзсүз чыгармычыл жөндөмүң болуш керек
- Жакшы программисттен мыкты веб-дизайнер чыкпай калышы мүмкүн
- Талаптагыдай сайтты кардардын каалоосундай эмес, өз дизайндык идеяң аркылуу жасашың керек
- Веб-дизайнер сайттын түзүмүнө эмес, көркөм жасалгасына көңүл бурушу зарыл
- Кесипкөй болуу үчүн сөзсүз чет өлкөлүк компанияга барып иштеп келүү пайдалуу
- Веб-дизайнер үчүн кардарлар менен мамиле түзө билүү жөндөмү да негизги ролду ойнойт

*9. Алган билимиңер, мурда билгениңер боюнча **Т-схемасын түзгүлө** (веб-дизайнер кесибинин + жакшы, - терс жактарын талдап жазгыла)*

***10. Текстти окугула, тема койгула жана кыргыз тилине которгула:***

При разработке концепции сайта следует учитывать основные причины, влияющие на его популярность:

1. Содержание или контент – люди будут посещать сайт, если они находят информацию нужной и полезной;

2. Стил сайта – приятно посещать сайты, уникальные по замыслу, контенту и дизайну;

3. Ясная и логическая структура информации;

4. Графический дизайн – встречают по одежде;

5. Техническая реализация – здесь важно всего учитывать соответствие средств реализации целям и задачам сайта;

6. Раскрутка сайта – увеличивает число посещений. Однако даже при хорошей раскрутке сайт не будет популярным без оригинального контента;

7. Скорость загрузки страниц – допустимое время загрузки одной сраницы 40с-1 мин, 40-60Кб – это тот максимальный объём, который может иметь страница вместе со всей графикой;

8. Осутствие орфографических и грамматических ошибок;

***11. Макалдарды жазгыла жана маанилерин түшүндүргүлө:***

Эмгексиз өмүр, дат жеген темир. Эмгектин наны таттуу, жалкоонун жаны таттуу. Эмгектүүнүн аты калат, эселектин даты калат. Эмгекчинин эмгеги байлык, билимдүүнүн пикири байлык. Эмгектен качпа, мээнеттен кач. Чындык отко күйбөйт, сууга чөкпөйт. Чынчылдын чынысы сынбайт. Чындыкты танууга болбойт, достукту чанууга болбойт. Жакшы сыйлайт дили менен, жаман кыйнайт тили менен. Жакшы адам ачык сүйлөйт, сөз тамырын казып сүйлөйт. Жаман адам сасык сүйлөйт, өзгөлөрдү басып сүйлөйт. Жакшы адам жайлоодогу гүлдөй, тийип турган күндөй.

Жакшы азамат белгиси – ары мырза, ары кул. Жакшы ай менен күндөй, жакшылыгы ар кимге бирдей. Жакшы айттырбай билет, суратпай берет.

Жакшы атка жаман ат жалы менен теңелет, жакшы адамга жамандар малы менен теңелет.

***Макалдарды окугула жана маанилерин салыштыргыла:***

Эл – мазар, элден чыккан – азар. *Народ священ, оторвавшийся от народа заблудится.* Эрте турган жигиттин ырысы артык. *У парня, который рано встаёт, счастье больше (чем у других).* Эки тоонун чөбүн самаган кийик ачка калат. *Косуля которая зарится на траву двух гор, остаётся голодной; за двумя зайцами погонишься, ни одного не поймаешь.*

12. **«Менин кыялымдагы кесип»** деген темада эссе жазып келгиле.

### 25-тема: Кыргызстандагы маалымат технологияларынын өнүгүшү

**Лексика:** Техникалык терминдерди которуу, бышыктоо

**Текстке чейинки тапшырмалар**

1. Берилген аныктамаларды окугула жана эстеп калгыла:

**Интернет индустрия** – маалымат тармак мейкиндикти түзгөн материалдык жана интеллектуалдык өндүрүш;

**Электрондук акча** – акчалык наркты электрондук түрдө сактоо жана соода операцияларын акчанын ээсинен башка физикалык, юридикалык адамдардын дареги менен жүргүзүү;

**Мобилдик экономика** – соода-сатыктын көп бөлүгү мобилдик түзүлүштөр жана коомдук мобилдик тармактар аркылуу жүргүзүлгөн экономика;

**Электрондук өкмөт** – мамлекеттик башкаруу мекемелеринин ишин жана жарандарды тейлөө кызматтарын электрондук каражаттардын негизинде жүргүзүү менен иштеген өкмөт.

*2. Суроолор боюнча жубуңар менен маектешкиле:*

• Кыргызстандагы ЭЭМ тууралуу эмнелерди билесиңер жана силердин күнүмдүк жашоо - окуу процессинде алардын үлүшү кандай?

• Биздин өлкөбүздө кайсы байланыш операторлору натыйжалуу иштешет?

• Сен кайсы интернет-провайдеринин кызматынан пайдаланасың, эмне үчүн ал компаниянын кызматын тандагансың?

*3. Берилген сөз айкаштарын түшүндүргүлө жана алардын бешөө менен сүйлөм түзгүлө:*

Математика институтунда, экономикасын өнүктүрүүдө, тутумдарын калыптандырууга, улуттук стратегиясынын, ачык-айкын башкарууга, укуктарын коргоого, туруктуу экономиканы, телекоммуникациялык тутумдун, санариптик телеберүүгө, атаандыштыктын негизинде, өкмөттүк эмес уюмдарды, домендерди каттоону.

**Текст менен иштөө:**

**Кыргызстандагы маалымат технологияларынын өнүгүшү**

*Тексттеги кызматчы сөздөрдү ажыраткыла жана талдагыла:*

Кыргызстандагы алгачкы электрондук эсептөөчү машине «Урал-1» деп аталып, 1960-жылы Улуттук илимдер академиясынын математика институтунда орнотулган. Республикабыздын экономикасын өнүктүрүүдө алар барган сайын кеңири колдонула баштаган. 1985-жылы өлкөбүздө 285 даана ЭЭМ болуп, алардын 235 Фрунзе шаарында орнотулган.

Азыркы учурда мамлекетибиздин саясаты бирдиктүү маалымат технологиялары тутумун калыптандырууга багытталган. Анткени бул багыт мамлекетибиздин «Таза коом» улуттук стратегиясынын башкы максаттарына да туура келет. Алдыңкы технологиялар өнүккөн жана туруктуу экономиканы курууга түрткү болот. Себеби мындай жагдай өлкөнү натыйжалуу жана ачык-айкын башкарууга жардам берет. Ар бир жарандын укуктарын коргоого жана алардын инсандык өнүгүүсүнө шарт түзөт.

Маалымат коомун куруудагы эң зарыл шарт – телекоммуникациялык тутумдун жакшы өнүгүшү болуп саналат. Ошондуктан мындай өнүгүүнү мамлекеттик «Кыргызтелеком» (ААК) жана «Мегаком» компаниясынан башка жеке байланыш операторлору камсыз кылып жатышат. »О», «Билайн» компанияларынын уюлдук телефон байланышы бүт республикабыздын аймагына таралды. Ал эми кардарларынын саны күн санап өсүп жатат. Кыска убакыттын аралыгында республикабыздын телеберүүсү санариптик берүүгө өттү.

1994-жылы ЭлКат жана Азия-Инфо компаниялары түзүлүп, Кыргызстандагы алгачкы интернет провайдери болуп калышкан. Акыркы жылдары «Кыргызтелеком» (ААК) интернет кызматтарын өлкөнүн бардык аймактарында көрсөтө баштады. Ошондуктан Кыргызстандын эң алыскы райондору да дүйнөлүк тармакка кошулуусуна шарт түзүлдү. Азыркы учурда республикабызда ондогон интернет-провайдерлер атаандыштыктын негизинде иштеп жатышат. Алардын айрымдары өкмөттүк эмес уюмдарды, окуу жана илимий ишканаларды интернет менен акысыз камсыз кылышат.

Кыргызстандын 1-деңгээлдеги домени «kq» деп аталат жана өлкөбүздө катталган бүт сайттар ушул символдор менен аякташ керек. Домендерди каттоону «Азия-Инфо» компаниясы жүргүзөт.

Мамлекеттин «Таза коом» улуттук стратегиясы боюнча маалымат технологиялары келечекте зор өнүгүүлөргө жетишет. Анткени Кыргызстандагы байланыш жана маалымат технологиялары адам ресурстарынын, билим берүүнүн жана мамлекеттик башкаруу чөйрөсүнүн сапаттык жактан өнүгүүсүнө түрткү берет.

*Суроолорго жооп бергиле:*

1. Кыргызстандагы алгачкы электрондук эсептөөчү машине качан жана кайсы жерде орнотулган?

2. Бирдиктүү маалымат технологияларын калыптандыруунун максаттары кайсы багыттар болуп саналат?

3. Маалымат коомун куруудагы байланыш операторлорунун ролу кандай?

4. Кыргызстандагы 1-деңгээлдеги домени «kq» деп аталат, ал эми домендердин 2-деңгээлдерин атап бере аласыңарбы?

5. Кыргызстандагы маалымат технологиялары дагы кайсы чөйрөлөрдө жигердүү пайдаланылып жатат?

6. «Таза коом» улуттук долбоору тууралуу эмнелерди билесиңер?

4. *Сунушталган кырдаалдардын себептерин аныктап, сүйлөмдөрдү улантып жазгыла:*

Азыркы учурда мамлекетибиздин саясаты бирдиктүү маалымат технологиялары тутумун калыптандырууга багытталган. **Анткени....** .

Алдыңкы технологиялар өнүккөн жана туруктуу экономиканы курууга түрткү болот. **Себеби .....** . Маалымат коомун куруудагы эң зарыл шарт-телекоммуникациялык тутумдун жакшы өнүгүшү болуп саналат. **Ошондуктан .......** . Акыркы жылдары «Кыргызтелеком» (ААК) интернет кызматтарын өлкөнүн бардык аймактарында көрсөтө баштады. **Ошондуктан ....** . Мамлекеттин «Таза коом» улуттук

стратегиясы боюнча маалымат технологиялары келечекте зор өнүгүүлөргө жетишет. **Анткени ...... .**

5. Берилген жооптордун туура вариантын тандап жазгыла, сүйлөмдөрдүн мазмуну боюнча текстке тема койгула:

**Beelin** – бүгүнкү күндө өлкөбүздүн эң ийгиликтүү *(супермаркетининин , билим берүү мекемесинин, уюлдук операторунун)* бири болуп саналат. Ал эл аралык деңгээлдеги сапаттуу (*тейлөө ,байланыш, туристтик*) кызматын көрсөтөт. Уюлдук тармактын камтыган *(аймагында, шаарларында, көчөлөрүндө*) республикабыздын (*15, 70, 90 %* ) тургундары жашап турушат. 2012-жылы компаниянын 3 айлык абоненттик базасын 368 миң кардар түздү. **Beelin** – эң ири сурап-билүү маалымат (*кызматын, серверин, базарын*) иштетет. Мында күн сайын 70.000 адам кардарларды колдоо кызматынан пайдалана алышат. Компания 15 жыл ичинде социалдык тармакты өнүктүрүүгө зор (*жардам, демилге, колдоо*) көрсөтүп келет. Республикабыздагы ар кандай билим берүү, экологиялык сабаттуулук багытындагы (*айылдарды, долбоорлорду, сунуштарды)* каржылайт. Ал эми жетим балдар үйүнүн жетөөсү **Beelin** компаниясынын (*карамагына, жетекчилигине, камкордугуна*) алынган.

**Тексттен кийинки тапшырмалар:**

6. Окутуунун сапатын жакшыртуудагы маалымат технологияларынын орду төмөнкү көрсөткүчтөр менен бааланат. Бул көрсөткүчтөр аркылуу өз окуу жайыңардагы МТКтарын пайдалануу деңгээлин баалагыла:

- Окуу жайдын веб-сайтынын болушу;
- Электрондук окуу китептеринин башка окуу материалдарына карата катышы;
- Маалымат технологияларын пайдалануу менен өткөрүлгөн сабактардын үлүшү;
- Жеке компьютерлери бар окуучулардын, алардын ичинен интернетке кошулгандарынын саны;

• Билимди компьютердик тестирлөө аркылуу баалоо.

*7. Берилген маалыматтарды колдонуп, Кыргызстандагы МКТнын өнүгүшү тууралуу доклад даярдап келгиле:*

• Миллиондогон маалыматтарды эстеп калуучу жана аларды иштеп чыккан кристалл-монокристалл же «чип» - «интегралдык схема» деп аталат. Ал адамдын мээсине окшош келип, компьютердин негизги тетиги болуп эсептелет;

• Кыргызстандагы Таш-Көмүр заводу «чип» үчүн таптаза кремний алса, Токмоктогу химия-металлургиялык заводу кремнийди монокристаллга айландырат;

• Бишкекте алгачкы компьютердик түйүн 1991-жылы пайда болуп, ал 20 абонентти тейлеген;

• Алгачкы компьютерлер Кыргызстанга 1991-жылы келип, 20 даанасы мектептерге гана коюлган. 1996-жылга чейин колледждерде, жогорку окуу жайларында жалпысынан 100 компьютер орнотулган.

***8. Макалдарды жазгыла жана алардын маанилерин түшүндүргүлө:***

Көп байкаган көсөм, сөз байкаган чечен. Көп билген – нуска болот, көп иштеген – уста болот. Көп бириксе көл болот, көл каптаса сел болот. Кыйын иш жок ааламда көңүл бурган адамга. Кылган жумуштан, кылына элек жумуштан чарчаган жаман. Кыраан учаарында, күлүк чуркаарында сынына чыгат. Кыргыз сынчы келет, казак ырчы келет.

Мекендин бактысы өмүрдөн кымбат. Ата Журтуң – алтын бешигиң. Мекенсиз адам – үнсүз булбул. Жерин сүйбөс эл болбойт, элин сүйбөс эр болбойт.

***Макалдарды окугула жана алардын маанилерин салыштыргыла:***

Эски дос эстен кетпейт, жаңы дос баркка жетпейт. *Старый друг лучше новых двух*. Эр чекишпей, бекишпейт.

*Молодцы не сблизятся, пока не испытывают друг – друга.* Эрден ашмак бар, элден ашмак жок. *Молодца превзойти можно, народ превзойти нельзя.*

***9. Терминди эстеп калгыла:***

**Маалыматтык экономика** – ички дүң продукциянын (ИДП) көп бөлүгүн маалыматтарды жана билимди иштеп чыгаруу, сактоо жана таркатуу тармагы түзгөн экономика. Бул процесске калктын ишке жарамдуу бөлүгүнүн көпчүлүк пайызы жигердүү катышкан (50%) экономика катары мүнөздөлөт.

**«Кыргызстандын келечеги – жаштарда»** деген темада эссе жазып келгиле:

## Маалымат технологиялары үчүн кыргыз тили. *Тесттик тапшырмалар*

**1. Айылдан келген жаштар кесиптик лицейлерде көп окушат.** Асты сызылган зат атоочтор кайсы жөндөмөдө турат?

1) Чыгыш, Жатыш
2) Барыш, Илик
3) Атооч, Барыш

**2. Дизайнер, программист** деген сөздөрдү жөндөгүлө жана жактагыла

**3. Сайт, баракча** деген сөздөрдү таандык мүчөлөр менен өзгөрткүлө

**4. «Мен маалымат технологиялары жана байланыш лицейинде окуп жатамын».** Сүйлөмдөгү этиштин чагын, жагын жана санын аныктагыла

1) 1-жак, өткөн чак, жекелик сан
2) 3-жак, учур чак, көптүк сан
3) 1-жак, учур чак, жекелик сан

**5. Биринчи эсептөөчү машинаны ким түзгөн?**

1) Билл Гейтс

2) Чарльз Бэббидж

3) Блез Паскаль

**6. Компьютер менен иштөөнүн эң негизги эрежелери кайсылар?** Суроого жазуу түрүндө жооп бергиле

**7. Берилген аныктаманы толуктагыла:**

Компьютердин микропроцессору ....... электрондук схема

1) жөнөкөй

2) татаал

3) маанилүү

**8. Компьютерге Windows тутумун орнотуу үчүн канча Мгбайтка чейинки эс мейкиндиги талап кылынат?**

1) 100-1000

2) 50-500

3) 500-10000

**9. Сүйлөмдөгү кайсы сөз ашыкча болуп эсептелет?**

Компьютерге кошумча иш-аракеттерди аткаруу үчүн: *принтер, сканер, чычкан* жана *модем* туташтырылат.

**10. Берилген аныктаманы толуктагыла:**

**Драйвер –** бул компьютердин ар бир тетигине ылайык жазылган ...

1) видео топтому

2) графикалык эмгек

3) атайын программа

**11. Аныктамалардын бирин тандап жазгыла:**

**Клавиатура – бул ........**

1) компьютердин иш тетиктери чогултулган кутуча

2) компьютерге символдорду киргизүүчү түзүлүш

3) компьютердеги иш процессин жөнгө салуучу тетик

**12. Компьютердик вирус деп эмнени айтабыз жана анын негизги максаты эмнеде? Аныктамасын жазып бергиле.**

**13. Вирус компьютердин кайсы жеринде сакталат?**

1) тутумдук биримдикте

2) эсинде

3) монитордо

**14. Вирусту ойлоп тапкан кайсы адам жазага тартылган?**

1) Стив Жобс

2) Роберт Моррис

3) Томас Эдисон

**15. Аныктамалардын бирин тандап жазгыла: *Веб-дизайн деген эмне?***

1) веб – иштелмелеринин жана дизайндардын көп түрдүү тармагы

2) көрүнүштөрдү интернетке жайгаштыруучу аспап

3) ишкана-уюмдар же жеке адамдар тарабынан орнотулган веб – беттеринин жыйындысы

**16. Берилген аныктаманы толуктагыла:**

*Ишкерлер азыркы учурда ...... токтолушат*

1) 3 бөлүккө бөлүнгөн тиркемелерге

2) флеш-анимацияларга, слайдерлерге

3) лендинг баракчасына

**17. КРги кайсы интернет компанияларын билесиң? Алардын бири тууралуу жазып бергин.**

**18. Геймдизайнерлер кимдер?**

1) компьютердик оюндардын сюжетин жана жасалгасын түзүүчү программисттер

2) белгилүү инженерлер

3) программалаштыруунун алдыңкы ыкмасын ойлоп табуучулар

**19. «Биздин устакана»** темасына диалог түзгүлө

**20. «Менин кесибим»** темасына текст түзгүлө

### Кыргыз тилинин грамматикасы боюнча материалдар. *Окутуучу оюндар*

**1. Кыргыз тили, анын өзгөчөлүктөрү жөнүндө маалымат.** *Лексико-грамматические особенности кыргызского языка*

**Грамматика:** Кыргызский язык – язык кыргызского народа, коренного населения Кыргызской Республики. Кыргызский народ является одним из древнейших народов, населяющих Среднюю Азию. Кыргызский язык является государственным языком КР. Он распространён по всей территории республики, а также за её пределами. Кыргызский язык относится к тюркской группе языков. Современный кыргызский алфавит был принят в 1940 году. Он построен на основе русской графики и состоит из 36 букв. Он включает русский алфавит с добавлением трёх букв- Өө, ң,Үү отсутствующих в русском языке. Чтобы успешно овладеть кыргызским языком необходимо знать следующее особенности этого языка:

1. В кыргызском языке твёрдо сохраняется ***закон сингармонизма т.е. все гласные и согласные в окончании слова изменяется в соответствии гласными и согласными в корне слова.***

М: Таш+лар = таштар; көчө+лар =көчөлөр; нан+лар = нандар.

2. Долгие гласные в кыргызском языке ***имеют особенности изменить значение слов.*** *М: жан (душа) - жаан (дождь); сат (продавай) - саат (часы) и.т.д*

3. Окончание лица в к.я. обозначает ***и принадлежность предмета и лицо которым было совершено то или иное действие.*** *М:Айтыңыз (сиз) - говорите (Вы); атабыз (биздин) - отец (наш)*

4. Глаголы как и на русском языке бывает простыми и сложными. Особенно в ***настоящем и в будущем времени глагола присоединается вспомогательные глаголы.*** *М: Жазып жатат, ырдап жиберет, чуркап бара жатат (пишет, споёт, бежит)*

5. ***Отрицательная форма глагола образуется при помощи окончании –ба(-й):*** келбейт, жазбайт, барбайт (не придёт, не пишет, не пойдёт). А предметные, качественные и количественные свойства образуется при ***помощи слово «эмес».*** *М: оюнчук эмес, жашыл эмес, картаң эмес (не игрушка, не зелёный, не старый)*

6. В кыргызском языке ***отсутствует категория рода. Ударение падает на большей частью на последний слог.*** *М: китеп, энелер, жаштар.*

7. Структура предложений тоже отличается от русского языка. ***Сказуемое в предложении ставится на последнем месте.*** *М: Мен Бишкек шаарында жашаймын. Асан айылга барды.*

**Фонетика.** *Большинство букв к.я. обозначает примерно те же звуки, что и в русском.Особенности составляет лишь звуки, обозначаемых буквами* **Өө, ң, Үү** и **К, Г, Ж.** *Мягкий и твёрдый знаки (Ь,Ъ) употребляется только в словах, вошедщих в* кыргызский язык *из русского языка.*

**Оюндар: А. *«Кара жана ук»*** – айланадагы буюмдардын аттарын студент туура атаса, калгандары колдорун көтөрүшөт, туура эмес болсо унчукпай турушат. Эрежени бузгандар оюндан чыгарылат.

**Б. «Ар бир тамгага жаңы сөз» –** мугалим тактага эки тамгадан турган бир сөз жазат. М: **А, Т.** Эки студент чакырылып, сөздүн баш тамгасына окшош беш сөз жазат. Мурун жазып бүткөн оюнчу жеңет, же көп упай алат. Андан кийинки оюнчу кошулуп улантса болот.

**2. Кыргыз тилиндеги үндүүлөр жана үнсүздөр.**

*Гласные и согласные в кыргызском языке.*

1. Кыргызские гласные в сравнении с русским при произношении не редицируется т.е. **они произносится так, как пишутся**.*М: тоголок -порошок; болочок - болото; болот - порог;*

2. Кыргызские гласные **А, О, У, Э, Ө, Ү** могут быть долгими, они обозначаются двумя буквами (аа, оо, уу, ээ, өө, үү) и произносится как один долгий звук:*М: Буудай, тоолор, жээк;*

3. В кыргызском языке слово может состоять из звуков, близких по звучанию, при этом они делятся на определённые группы, сохраняя при этом свою позицию до конца. Это фонетическое явление называется **сингармонизмом, законом созвучия гласных.**

*М: Биринчи, тоолорго, жалбырактарды, капкара, келишти.* В словах, заимствованных из других языков, созвучие может нарушаться.

М: Аракет, убада, пияз ж.б

4. Гласные кыргызский языка делятся на две основные группы:

1) твёрдые гласные - а, я, ы, о, ё, у, ю

2) мягкие гласные - э, е, и, е, ү, о

Каждая из этих групп делится на губные и негубные. В результате можно выделить следующее четыре группы кыргызских гласных:

1) твёрдые негубные - **а, ы, я;**

2) мягкие негубные - **е, э, и;**

3) твёрдые губные - **о, ё, у, ю;**

4) мягкие губные - **ө, ү;**

5. В к.я согласные в словах с мягкими гласными произносится мягко, а в словах с твёрдыми гласными - твёрдо. Особенно различается произношение мягких и твёрдых **К, Г, Л, Ж**

*М: Килем, кар, гүл, кагаз, кел, калың, жума, желек, журнал ж.б*

| Сөз башындагы үндүү тыбыш | Башталгыч тыбышка үндөшүү | Мисалдар |
|---|---|---|
| А | А, Ы | Сабак, сабактар, аталарды |
| Ы | Ы, А | Тыбыш, тыбыштарга |
| О | О, У | Обон, обондорго |
| У | У, О | Кулп, кулпулоо |
| Э | Э, (Е), И | Эрин, эриндери |
| И | И, Э | Жибек, жибектерге |
| Ө | Ө, Ү | Чөлдөргө |
| Ү | Ү, Ө | Күү, күүлөргө |

**Оюндар: А.** «*Сөздүн жоголгон аягын тап*». КЫ…, БА… же ЖО…, ТА….

**Б.** «*Түшүп калган тамганы тап*» – Тактага тамгалары түшүрүлгөн сөздөр катары менен жазылат: А…ман, ка..аз,

са…ак, а…к, муз…, бала…ан. Ж…газын, ро…а, са…из, ба…ырaң, сары…сак, кы…ылча.

**В.** *«Сөздүн аягын ким толуктайт?»*- … ороон, … ылым, … гарман,

… ажрыйба, … арнама, … умуш, … ызмат, … алем, …. аякат, … агаз,

… арак, … онок, …. абат, … реже, … тургуч, … ирешe, … аражат, .. ой.

**3. Сурама ат атоочтор. Ким? Эмне? суроолору. Сурама -бы, -чы бөлүкчөсү. Шилтеме ат атоочтор.** *Вопросительные, указательные местоимение.*

В кыргызском языке как и в русском языке существует вопросительные слова. Эти слова помогают уточнить предметные, качественные и количественные свойства окружающего мира. Ким? (Кто?) Эмне? (Что?) Кайсы? (Который) Кандай ? (Какой? Какое? Какая?) Качан? (Когда?) Канча? (Сколько) ж.б. Вопрос ким? задаётся только по отношениюк человеку, а ко всем остальным одушевлённым и неодушевлённым предметам ставится вопрос - эмне?

***М: Бул ким? – бул апа (студент, мугалим, кыз, жигит, Арсен, Айдай).***

***Бул эмне? – бул лицей (терезе, бөлмө, калем сап, ишкана, мышык).*** Без вопросительных местоимений можно задавать вопросы ещё спомощью вопросительных частиц -бы и -чы.

***М: – Бул китеппи? – Ооба,бул китеп. Жок, бул китеп эмес, бул дептер.*** Согласно закону сингармонизма эти частицы изменяются соответствии гласных и согласных в корне слов. Рассмотрим принцип изменений этих окончаний:

| | **Твёрдые негубные: а, я, ы** | **Мягкие не губные: е, э, и** | **Твёрдые губные: о, у, ю** | **Мягкие губные: ө, ү** |
|---|---|---|---|---|
| Слова оканчиваются на **гласные или звонкий согласный** | **-бы** Барбы, арызбы | **-би** Келинби небереби | **-бу** Окуучубу борбу | **-бү** Күүбү үйбү |
| Слова оканчиваются на **глухой согласный** | **-пы** аянтпы, салтпы | **-пи** милдетпи жигитпи | **-пу** курулушпу буйрукпу | **-пү** жүрөкпү чөппү |

Вопросы мы задаём при участии ещё одного вида местоимений, которые указывают **степень расстояний предметов от говорящего.** Их называем указательными местоимениями. *М: мына бу(л), ушу(л), тиги(л), ал, ошо(л), тетиги, тээтигил.*

**Оюн: «Марага ким биринчи жетет»** – эки тайпадан эки студент чыгып, тандалган тематикада буюмдардын аттарын аташат.

(*М: «Класстын жасалгасы», »Кийимдер», »Окуу куралдары»* )

**4. Зат атоочтун көптүк категориясы. Жардамчы атоочтор** *Множественное число имён существительных, вспомогательные слова*

***В кыргызском языке множественное число существительных образуется при помощи окончаний -лар, который имеет 12 вариантов.***

1) если существительные оканчивается на **гласные и буквы Й, Р.**

М: **-лар** : алча-алчалар, **-лер:** эжелер, **лор:** -тоолор, **лөр:** -жөжөлөр

2) если существительные оканчивается **на звонкие согласные:**

М: **-дар:** жылдыз-жылдыздар, **-дер:** элдер, **-дор:** -жолдор, **-дөр:** -гүлдөр.

3) если существительные оканчивается **на глухие согласные:**

**-тар:** таш-таштар, **-тер:** -мектептер, **-тор:** -боорсоктор, **-төр:** -күлүктөр

Если перед существительными стоит числительные, то оно не принимает окончаний мн. числа. **М:** сегиз бала-восемь детей, жети тоок-семь курей ж.б.

**Жардамчы атоочтор (вспомогательные слова) заттын ордун билдирип, -нын мүчөсү уланган таандык категориясы менен колдонулат.** ***Вспомогательные слова указывает на место предмета и применяется с категорией принадлежности. М:*** Оң жак - правая сторона, сол жак - левая сторона, ортодо - по середине, маңдайында - напротив, жанында - рядом, бурчунда - в углу, кесилиши - пересечение, ичинде - внутри, сыртында -снаружи, алдында\ артында - впереди, сзади, үстүндө, астында - над\ под.

***Категория принадлежности в кыргызском языке выражается с окончанием Илик жөндөмө (-нын,-дын,-тын).***

***Схема:*** **Зат +** ***(-нын, -дын,-тын)*** **+ жардамчы атоочтор +** ***(турат, орун алган, жайгашкан)*** *М: №98 лицей кайдан орун алган? №98 лицей «Вета Сторес»* ***соода борборунун маңдайынан*** *орун алган. «Айжан» кафеси кайсы жерде жайгашкан? «Айжан» кафеси* ***лицейдин жанында жайгашкан.*** *Китеп кайда турат? Китеп* ***столдун астында*** *турат.*

**Оюндар: А.** ***«Кластер» оюну.*** *Сүрөт боюнча улуттук кийимдер, аспаптардын аталыштарына -лар мүчөсүн улашат, машыгышат, такташат. Аталыштырды жана алардын көптүк мүчөлөрүн башка түс менен бөлүп тактага, флипчартка жазып коюшат*

***Б. «Эсиңе тут»*** оюнунда столго бир нече буюмдар салынган түйүнчөк коюлат. Алардын аттарын чакырылган окуучу кармалап туруп атап берет. Түйүнчөк ачылып, такталат. Андан кийин алардын 1-2 кошумчаланат, эшикке чыгарылган эки окуучу кайра чакырылып, буюмдардын аттары кошумчасы менен кайра суралат.

**В. «Кимдин эске тутуусу мыкты?»** оюну ойнолот. Дарсканадагы ар бир буюмдун аты жана турган орду аныкталат. Студент сыртка чыгарылат. Ал эшикке чыгып келгенче буюмдардын орду өзгөртүлүп коюлат.

**5. Зат атоочтун таандык категориясы.**

*Категория принадлежности существительного.*

В русском языке принадлежность обозначается при помощи притяжательных местоимений: мой, твой, его и.т.д. Аналогичные местоимения имеются и в кыргызском языке. К ним прибавляется окончание **Илик жөндөмө или Род. падежа**, который имеет 12 вариантов. ***Кимдин? Эмненин?*** ***-нын,*** *-нин, -нун, -нүн;* ***-дын,*** *-дин, -дун, -дүн;* ***-тын,*** *-тин, -тун, -түн;*

***Сочетание личных местоимений и этих окончаний обозначает категорию принадлежности.***

*М*: **1. Мен+нын=менин, биз+нын=биздин**

**2. Сен+нын=сенин, силер+нын=силердин**

**3. Ал+нын=анын, алар+нын=алардын**

2) Однако в к.я. помимо этих местоимений, для обозначения принадлежности употребляются ***особые притяжательные окончания.***

М*: 1. Менин китебим, биздин китебибиз* ***(-м, -ым); (-быз, -биз -буз)***

*2. Сенин китебиң, силердин китебиңер* ***(-ң, -ың); (-ңар, -ңер, -ңор, -ңөр)***

*3. Анын китеби, алардын китептери* ***(-сы, -си, -су, -сү)***

| № Личные местоимения | Окончание принадлежности | Существительные | С притяжательными окончаниями (после гласных, согласных) |
|---|---|---|---|
| **Мен** | **+ нын (менин)** | Бала**м**, Мекен**им** | **(- м, -ым);** |
| **Сен** | **+ нын (сенин)** | Бала**ң**, Мекен**иң** | **(-ң, -ың);** |
| **Ал** | **+ нын (анын)** | Бала**сы**, Мекен**и** | **(-сы, -си, -су,-сү)** |
| **Биз** | **+ нын (биздин)** | Бала**быз**, Мекен**и-биз** | **(-быз, -биз - буз)** |
| **Силер** | **+нын (силердин)** | Бала**ңар**, Мекен**и-ңер** | **(-ңар, -ңер, -ңор, -ңөр)** |
| **Алар** | **+ нын (алардын)** | Бал**дары**, Мекен**и** | **(-лар)+ы** |

3) Существительные с притяжательными окончаниями могут быть использованы и без притяжательных местоимений: **мугалимибиз –** наш учитель**, мышыгың** – твоя кошка. Поэтому они могут быть использованы в следующих конструкциях: *Бул китеп* ***мeники*** *– Это моя книга; Бул китеп* ***анықы*** *– Это книга его; Бул китеп* ***сиздики*** *– Это книга ваша. Бул отчёт* ***биздики*** *– Это наш отчёт. Бул* ***алардын*** *сүрөтү – Это ваши фотографии.*

**Оюн: «Кимдин буюму?»**

Аталган оюнду өткөрүү үчүн балдар эки топко бөлүнүшөт. Ар бир топ өз баштоочусун тандашат. Баштоочунун көз алдында ар бир бала бирден буюмун таштап өтөт. Топтолгон буюмдардын ээсин баштоочу бала жаңылбай айтып бериши керек. Баштоочу катары мүмкүн болушунча ар бир окуучу чыгуусу максатка ылайыктуу болот.

**6. Зат атоочтордун жөндөлүшү.** *Склонение существительных*

В кыргызском языке, как и в русском, существительные склоняются по падежам:

***Именительный падеж (атооч жөндөмө)*** не имеет падежных окончаний и отвечает на вопросы ким? (кто?), эмне? (что?)

***Родительный падеж (илик жөндөмө)*** в кыргызском языке обозначает **принадлежность предмета** и отвечает на вопросы кимдин? эмненин?

(чей? чья? чье?). Родительный падеж имеет окончания

а) -нын (-нин, -нун, -нүн), если существительное оканчивается на гласную:

*баланын оюнчугу -игрушка ребенка;*

б) -дын (-дин, -дун, дүн), если существительное оканчивается на звонкую согласную: *залдын терезеси-окно зала;*

в) -тын (-тин, -тун, -түн), если существительное оканчивается на глухую согласную: *аттын такасы - подкова лошади.*

***Дательный падеж (барыш жөндөмө)*** обозначает **направление действия** и отвечает на вопросы кимге? (кому?), эмнеге? (чему?), кайда? (куда?). Дательный падеж имеет окончания:

а) -га (-ге, -го, -гө), если существительное оканчивается на гласную и звонкую согласную: *талаага - в поле, залга - в зал;*

б) -ка (-ке, -ко, -кө), если существительное оканчивается на глухую согласную: *сабакка - на урок, мектепке - в школу.*

***Винительный падеж (табыш жөндөмө)*** в кыргызском языке, как и в русском, **обозначает предмет** и отвечает на вопросы кимди? (кого?),

эмнени? (чего?). Винительный падеж имеет окончания:

а) -ны (-ни, -ну, -нү), если существительное оканчивается на гласную: *баланы -ребенка;*

б) -ды (-ди, -ду, -дү) если существительное оканчивается на звонкую согласную: *залды - зал;*

в) -ты (-ти, -ту, -тү), если существительное оканчивается на глухую согласную: *катты - письмо, мектепти - школу.*

***Местный падеж (жатыш жөндөмө)*** обозначает **местонахождение предмета** и отвечает на вопрос кимде? (у кого?), эмнеде? (в чем?), кайда? (где?). Местный падеж имеет окончания:

а) -да (-де, -до, -дө), если существительное оканчивается на гласную и звонкую согласную: *залда - в зале, жайлоодо - на пастбище;*

б) -та (-те,-то, -тө), если существительное оканчивается на глухую согласную: *катта - в письме, отто - в огне.*

***Исходный падеж (чыгыш жөндөмө)*** обозначает **место, откуда исходит действие**, и отвечает на вопросы кимден? (от кого?), эмнеден? (из чего?), кайдан? (откуда?). Исходный падеж имеет окончания:

а) -дан (-ден, -дон, -дөн), если существительное оканчивается на гласную или звонкую согласную: *чакадан - из ведра, залдан - из зала;*

б) -тан (-тен, -тон, -төн), если существительное оканчивается на глухую согласную: *каттан - из письма, чөптөн - из травы*

1. Атооч (И.п) - Ким? Эмне? Ата, жаз
2. Илик (Р.п) - Кимдин? Эмненин? Атанын, жаздын
3. Барыш (Д.п) - Кимге? Эмнеге ? Атага, жазга
4. Табыш (В.п) - Кимди? Эмнени? Атаны, жазды
5. Жатыш (М.п) - Кимде ? Эмнеде? Атада, жазда
6. Чыгыш (Исх.п) - Кимден? Эмнеден? Атадан, жаздан.

***Оюндар: А.*** **Тамак эмнеден жасалат**? Камыр эмнеден жуурулат? Беш бармак эмнеден даярдалат? Кымыз эмнеден жасалат? Шоро эмнеден даярдалат? Ашлямфу эмнеден жасалат?

**Б.** Окуучулар эки тайпага бөлүнүп, бири «Кайда?» деген сурама ат атооч менен бир нече суроо даярдайт. Экинчи тайпа «Эмнени сатып алдың?» деген суроолордун тобун түзөт. Кайсы тайпанын суроосу же жооптору түгөнсө ошол тайпа утулат.

**В. *«Сөздөрдүн агымы»***

Оюн эки-экиден ойнолот. Ар бир катышуучу баракка жыйырмадай сөздү жазышат. Балдар бул сөздөрдү жазуу менен бирге эстерине сактап калууга тийиш. Белгиленген убакыттан кийин оюндун катышуучулары барактарын алмашат. Алар бири-бирине жазган сөздөрүн жатка атап беришет. Туура айтылган сөздөр белгиленип турат. Мугалим оюнга катышкан жуптардын арасынан эң мыкты эске тутуу жөндөмүн көрсөткөн балдарга 1, 2, 3 - орундарды ыйгарат.

**7. Зат атоочтордун жакталышы.** *Спряжение существительных*

В кыргызском языке имена существительные, обозначающие профессию или занятие человека, могут спрягаться, **т.е. изменяться, как глаголы, по лицам, принимая личные окончания глаголов будущего времени** *1 и 2 л, ед. и мн. числа, за исключением 3 л, ед. и мн. числа, где личные окончания отсутствуют*. В 3 л. мн. числа к существительному может присоединяться окончание -лар.

М: *мен окуучумун – я ученик, сен окуучусуң – ты ученик, сиз окуучусуз – Вы ученик, ал окуучу – он ученик, биз окуучубуз – мы ученики, силер окуучусуңар – вы – ученики, сиздер окуучусуздар – Вы ученики, алар окуучу (-лар) - они ученики.*

| Жактама ат атоочтор | Жак мүчөлөр | Сөздөр |
| --- | --- | --- |
| *Мен* | **-мын** (-мин, -мун, -мүн) | Студент**мин** |
| *Сен, сиз* | **-сың, сыз** (-сиң, -суң, -сүң) | Студент**сиң** |
| *Ал* | -------- | Студент |
| *Биз* | **-ыбыз** (-ибиз, -убуз, -үбүз) | Студент**пиз** |
| *Силер, сиздер* | **-сыңар, -сыздар** (-суңар, -сиңер, -сүңөр) ж.б. | Студент**сиңер** |
| *Алар* | **- лар** (12 түрү ) | Студент**тер** |

***Оюн: «Тексттеги зат атоочтор»***

Окуучулар тегерек олтурушат. Мугалим текстти окуу алдында окуучуларга уктурулган текстти эстеп калуунун ыкмасын түшүндүрөт. Балдар негизги маани берүүчү зат атоочторду гана эстеп калууга аракет жасашат. Мугалим текстти жай окуп берет. Андан кийин текстти жалпы окуучулардын аракети менен калыбына келтиришет. Ар бир сүйлөмдөгү эстеп калышкан зат атоочту атоо менен анын кыймыл-аракетин, түсүн, ордун аныктаган сөздөр аркылуу ойду толуктоого аракет жасашат. Бул оюн баланын эстеп калуу жөндөмүн гана эмес, тексттеги маалыматтардын эң негизги оюн аныктоого да жардам берет.

**8. Сан атооч.** *Имя числительное*

Числительные делятся в кыргызском языке на количественные и порядковые. Порядковые образуются от количественных при помощи окончаний **-нчы (-нчи, -нчу, -нчу)**, если числительное оканчивается на гласную *(М: алты - шесть; алтынчы - шестой)*, и **-ынчы** *(-инчи, -унчу,*

*-үнчү)*, если числительное оканчивается на согласную *(М: үч-три; үчүнчү-третий)*. Если числительное является

составным, то указанные окончания присоединяются, как и в русском языке, к последнему числительному.

*М: отуз бешинчи – тридцать пятый, токсон үчүнчү – девяносто третий.*

Собирательные числительные образуются от количественных при помощи окончания **-оо (-ее).** Если количественное числительное оканчивается на гласную, то при сочетании с окончанием -оо (-өө) эта гласная выпадает. *М: эки: экөө - вдвоём; үч: үчөө - втроём; алты: алтоо -вшестером.*

Если перед собирательным числительным стоят личные местоимения во множественном числе, то эти числительные принимают соответствующие личные окончания глаголов будущего времени, за исключением 3 л.мн. числа: *биз экөөбүз - мы вдвоём, силер алтоосуңар - вы вшестером, алар*

*бешөө - они впятером.*

Дробные числительные читаются так; вначале называется знаменатель с окончанием исходного падежа существительных, а затем числитель.

М: **төрттөн үч - 3/4.** Аналогично читаются и десятичные дроби: *2,6 - **эки бүтүн ондон алты** (бүтүн – целая, ондон – десятая).*

В кыргызском языке количественные и порядковые числительные склоняются по тем же правилам, что и существительные. Порядковые числительные склоняются лишь в том случае, если они не служат определением к существительному, а употребляются самостоятельно. В сложных числительных изменяется только последнее слово.

*М: тогуз – девять, он биринчи – одиннадцатый, биринчи сабак – первый урок;*

**Числительные склоняются следующим образом:**

И. (Атооч) тогуз, биринчи сабак, он биринчи

Р. (Илик) тогуздун, биринчи сабактын, он биринчинин

Д. (Барыш) тогузга, биринчи сабакка, он биринчиге

В. (Табыш) тогузду, биринчи сабакты, он биринчини

М. (Жатыш) тогузда, биринчи сабакта, он биринчиде

Исх. (Чыгыш) тогуздан, биринчи сабактан, он биринчиден

**Оюндар: А. »Кошуу-алуу»** Студенттин бири бир санды айтат, экинчиси ага 100 санын кошуп тез-тез айтып турушу керек. Экинчи учурда 98 кошуп айтат. Ким туура жана жаңылбай кошуп айтса, ошол студент жеңет.

***Б. «Сандар»***

Окуучулар тегерек турушат. Мугалим оюндун шартын түшүндүрөт. Окуучулар бирден отузга чейин санашат. Бирок катар сандардан үчтү, үчкө бөлүнө турган сандарды атабаш керек. Анын ордуна кол чаап коюу зарыл. Эгерде ким жаңылса, ал оюндан чыгат.

В. «Сааттар»

Оюнга он үч бала катышат, алардын ичинен бири алып баруучу болот. Алып баруучу ортого чыгат. Он эки бала аны тегерете орун алып, сааттын убактысын көрсөткөн сандар болушат. Алып баруучу убакытты атаганда, туура келген сандардын бири бир жолу, 2 - эки жолу алакан чабышат. Алар саатты жана минутаны билдирет. Жаңылган окуучу ортого туруп, кайрадан убакытты атайт. Оюн ушул тартипте улантылат.

**9. Сын атооч.** *Имя прилагательное*

Мы хорошо знаем, что прилагательные обозначают признак предмета т.е. его цвет, размер, объём, величина и форма. Как часть речи делятся на непроизводные, производные. К непроизводным прилагательным относится прилагательные, которых нельзя разложить на морфемы. (*М: кара, ак, кызыл, жашыл*). Производные прилагательные

образуется от других частей речи с помощью окончаний: **-луу, -сыз, -дай, -чыл, -лык, -дак, -гей, -гыч;**

*(М: уят+луу=уяттуу, булут+сыз=булутсуз, ай+лай-=айдай, тер+чыл= терчил).*

Имя прилагательное имеет как и в русском языке сравнительную и усилительную степень. Сравнительная степень образуется при помощи окончании **-ыраак и вспомогательного слово *караганда с*** добавленим к существительному окончании Винительного падежа **-га.**

**Схема: (Зат+га караганда Зат+сын+ыраак.** М: *Асанга караганда Айбек акылдуураак.*

Усилительную степень образуется с помощью усилительных частиц: **-эң, абдан, өтө, эбегейсиз, чымкый, чылк.** (*М: Эң сонун, абдан акылдуу, өтө таза, чымкый кызыл*) и усилителей: **-кап, -кып, -кип,- жап, -тап.**

(*М: кап+ кара=капкара, тап+таза =таптаза, жып+-жылуу= жыпжылуу).*

**А. Оюндар:** ***«Кандай?»*** оюну аркылуу катылган буюмдун бардык сапатын атап, аны сыпаттап табабыз.

***Б. »Комплимент»*** оюну аркылуу досун, өз үй-бүлө мүчөлөрүн мактап, эки студент жарышат. Ким так, көркөм, ар тараптуу сыпаттаса ошол жеңет.

***В. «Сөздөрду сыпаттап беребиз»:***

*М: Чач, каш, кар, бүркүт, көл.*

Бардык заттардын көлөмү, өңү-түсү, тыгыздыгы, сындуулугу боюнча сүрөттөп берүүгө болот. М: **Чач**

*Көлөмү:* жибектей төгүлгөн узун, кесилген куйруктай кыска, арстандын жалындай саксайган ж.б.

*Тыгыздыгы:* аттын кылындай кайраттуу, балапандын жүнүндөй жумшак, отолгон чөптөй суюк.

*Түсү*: көмүрдөй капкара, самандай сапсары, куудай агарган.

***Г. »Сөздөргө антонимдерди табабыз»:***

Ак - Бийик -
Купкуу - Узун -
Бай - Амалдуу -
Шайыр - Күчтүү -
Эски - Түз -
Пайдалуу - Калың -
Нымдуу - Таттуу -
Кенен - Акылдуу -
Ачык - Катуу -

**Д. »Заттарды аныктайбыз»:** Балдар эки топко бөлүнүшөт. Алар он мүнөттүн аралыгында мүмкүн болушунча көбүрөөк заттардын, кубулуштарды атап же жазып жарышат.

Бул сөздөр өз ара көлөмү, жасалган материалы же сөз башталган биринчи тамгасы боюнча өз ара айырмаланып туруусу зарыл.

***М: Төмөнкүдөй заттардын тизмесин түзгүлө:***

Кызыл, ак, кара түстөгү

Тегерек, түз бурчтуу формадагы

Жыгачтан, металлдан, таштан жасалган

**10. Ат атооч.** *Местоимение*

Местоимение указывает на предмет, но не называет его. Местоимения делятся на личные (**жактама:** *мен, сен, ал, биз, силер, алар)*, указательные (**шилтеме:** *бул, ушул, ал, тиги, тетиги, тээтигил*), возвратные (**өздүк:** *өз)*, сурама (**вопросительные:** *ким? эмне? кайсы? канча?)*, неопределённые (**белгисиз:** *кимдир-бирөө, кандайдыр-бир, бир нерсе, алда кандай*), отрицательные (**тангыч:** *эч качан, эч бир, эч кандай, эч нерсе, эч убакта*). Местоимение изменяется с падежными окончаниями, т.е. склоняется по падежам.

Оюндар: А. «Сөздүн өмүр баяны»

Мугалим балдарга өзүн зат же көрүнүш катары тааныштырат. Аталган заттын атынан өз өмүр баянын сүйлөп берет. Окуучулар кунт коюп угуп, суроо берип кайсы зат же көрүнүш жөнүндө сөз болуп жатканын табышат.

*М: «Мен ар бир үйдө илинип турамын. Келбетим өтө келишимдүү эмес, бирок абдан назикмин. Эгерде этият мамиле жасабасаңар, мен сынып калышым мүмкүн. Ошондо көз байланып, айлананы караңгылык басат».* (лампочка)

Б. «Эгерде мен ... болсом»

Бул оюн менен мугалим балдарды сүйлөмдү логикалык жактан туура уюштура билүүгө үйрөтөт. Башка адамдардын көз карашы менен эсептешүүгө жардам берет:

*М: «Эгерде мен жемиш болсом, анда ачуу жана жашыл мандарин болмокмун. Андыктан мени эч ким жемек эмес»* деген баяндоонун мисалында балдарды кыялданууга чакырат.

**11. Этиш. Учур чак.** *Глагол. Настоящее время глагола*

В кыргызском языке, как и в русском, глагол имеет три времени: **настоящее, прошедшее и будущее**. Глаголы спрягаются по лицам и числам. Настоящее время глагола (*учур чак*) отвечает на вопрос эмне кылып жатат? (*что делает?*).

В кыргызском языке настоящее время образуется **из двух глаголов-основного и вспомогательного**: к основному глаголу в исходной форме - в повелительном наклонении - прибавляется окончание-**п**, если глагол оканчивается на гласную, или **-ып (-ип, -уп, -үп)**, если глагол оканчивается на согласную. В качестве вспомогательных чаще всего беругся глаголы **жат** – лежи и **жүр –** иди; реже глаголы **тур** – встань и **отур** – садись в форме настоящего времени, которые теряют свое значение и на русский язык не переводятся. При спряжении глаголов настоящего времени

основной глагол не изменяется, а вспомогательный принимает личные окончания будущего времени.

М: **оку – читай:** *мен окуп жатамын – я читаю, сен окуп жатасың – ты читаешь, сиз окуп жатасыз – Вы читаете, ал окуп жатат – он читает, биз окуп жатабыз – мы читаем, силер окуп жатасыңар – вы читаете, сиздер окуп жатасыздар – Вы читаете, алар окуп жатышат – они читают*;

**М: кара - смотри:** *мен карап турамын – я смотрю, сен карап турасың – ты смотришь, сиз карап турасыз – Вы смотрите, ал карап турат – он смотрит, биз карап турабыз – мы смотрим, силер карап турасыңар – вы смотрите, сиздер карап турасыздар – Вы смотрите, алар карап турушат –они смотрят. Примечания:*

1. При образовании настоящего времени от глаголов **бар** и **кел** к их основе прибавляются окончания **- а, - е:** мен бара жат**а**мын (мен келе жат**а**мын) - я иду

2. Если основной глагол оканчивается на к, то при сочетании с окончанием **-ып (-ип, -уп, -уп) к переходит в г.** *М: ук - слушай: мен* ***угуп отурамын*** *- я слушаю.*

***Оюн: «Ким кыраакы жана сезимтал?»***

Балдардын бири алып баруучу катары чыгат. Оюнга катышуучулар ар кандай кыймылда токтоп турушат. Алып баруучу аларды байкап, эсине тутуп, сыртка чыгып кетет. Балдар кыймылын өзгөртүп алышат. Алып баруучу кайра кирет да, алардын ар бирин мурдагы абалына келтирип оңдоп чыгат. Оюндун ар бир катышуучусу алып баруучунун милдетин аткарса, оюн балдар үчүн абдан кызыктуу болот.

**12. Этиштин келер чагы.** *Будущее время глагола*

Будущее время глагола (*келер чак*) отвечает на вопрос: **эмне кылат? (что будет делать?).** *М: Ал эртең айылга барат. Завтра он поедет в аил.*

Глаголы будущего времени спрягаются путем прибавления к основе глагола *(повелительному наклонению*) личных окончаний. Глаголы единственного числа *(этиштин жекелик саны)* принимают следующие окончания:

**1л. (мен) -мын (-мин, -мун, -мүн)**

**2л. (сен) -сың (-сиң, -суң, -сүң)**

**2л. вежл, форма (сиз) -сыз (-сиз, -суз, -сүз)**

**3л. (ал) -т**

При спряжении глагола в будущем времени между основой глагола *(повелительным наклонением)* и личным окончанием появляется звук **-Й-,** если глагол оканчивается на гласную, или звук -**А** (-Е-, -О, -Ө-), если глагол оканчивается на согласную. Напр.,

**мен бар-а-мын** – я пойду,

**сен бар-а-сың** – ты пойдешь,

**сиз бар-а-сыз** – вы пойдете,

**ал бар-а-т** – он пойдет,

**мен иште-й-мин** – я буду работать,

**сен иште-й-син** – ты будешь работать,

**сиз иште-й-сиз** – вы будете работать,

**ал иште-й-т** – он будет работать.

Если исходная форма глагола заканчивается на Й, то при сочетании этих глаголов с личными окончаниями будущего времени во всех лицах вместо ЙО пишется Ё, вместо ЙА-Я.

*М: мен коёмун (вм; койомун) - я положу, мен жаямын (вм: жайамын)*

*- я расстелю.*

Множественное число глаголов *(этиштин көптүк саны*) будущего времени образуется путем прибавления к основе глагола *(повелительному наклонению)* следующих окончаний:

**1 л. (биз) -быз (-биз -буз, -бүз)**

**2 л. (силер) -сыңар (-сиңер, -суңар, -сүңөр)**

**2 л. вежл. форма (сиздер) (-сыздар, -сиздер, -суздар, -сүздөр)**

**3 л. (алар) -шат (-шет, -шот, -шөт)**

При спряжении глаголов во множественном числе между основой глагола и личным окончанием 1 и 2 л. появляется звук **-Й-** (оку-й-буз-будем читать), если глагол оканчивается на гласную, или звук **-А** -(-е, -о, -ө), если глагол оканчивается на согласную: бар-а-сыздар -Вы пойдете, бар-а-быз-мы пойдем. В 3 л. мн. числа, если глагол оканчивается на согласную, между основой и личным окончанием появляется звук Ы-(-и, -у, -о, -ө, -ү).

*М: **бар - иди:** биз барабыз – мы пойдем, силер барасыңар – вы пойдете, сиздер барасыздар – Вы пойдете, алар бар-ы-шат – они пойдут;*

***ойно - играй:** биз ойнойбуз – мы будем играть, силер ойнойсуңар – вы будете играть, сиздер ойнойсуздар – Вы будете играть, алар ойношот – они будут играть.*

Оюндар: А. Болгарча «ооба» жана «жок»

Мугалим Болгарияда «ооба» жана «жок» дегенди тескерисинче билдире тургандыгын түшүндүрөт. Андан кийин мугалим окуучуга топ ыргытып суроо берет. Бала суроого «болгарча» жооп бериши зарыл. «ооба» десе башын чайкап, «жок» десе башын ийкеп турушу керек.

Б. «Кыймылдарды эске тутуу»

Эки топтон бирден катышуучу чыгат. Алардын бири он беш секунда аралыгында билген бийин аткарып берүүгө милдеттүү. Экинчи топтун мүчөсү бийдин кыймылын так кайталап аткарып бериши керек.

**13. Этиштин өткөн чагы.** *Прошедшее время глагола*

Прошедшее время глагола (өткөн чак) отвечает на вопросы **эмне кылды? эмне кылган? (что сделал?).**

В кыргызском языке глаголы прошедшего ***определенного времени*** образуются путем прибавления к основе глагола суффиксов **-ды** *(после гласных и звонких согласных)* или **-ты** *(после глухих, согласных)* плюс личные окончания глагола. *М: мен бар+ды+м=бардым-я ходил, сен айт+ты+ң=айттың - ты рассказал.*

*Единственное число*

1л. **(мен)** -ды+м (-ди+м, -ду+м, -дү+м)

2л. **(сен)** -ды +н (-ди+ң, -ду+ң, -дү+ң)

2л. вежл, форма **(сиз)** - ды+ңыз (-ди+ңиз, -ду+ңуз, -дү+ңүз)

Зл. **(ал)** –ды (-ди, -ду, -дү)

*Множественное число*

1л. **(биз)** -ды+к (-ди+к, -ду+к, -дү+к)

2л. **(силер)** - ды+ңар (-ди+ңер, -ду+нар, -дү+ңөр)

2л. вежл. форма **(сиздер)** - ды+ңыздар (-ди+ңиздер, -ду+ңуздар, -дү+ңүздөр) Зл. **(алар)** -ш+ты (-ш+ти -ш+ту, -ш+тү)

Кроме прошедшего определенного времени (*на-ды/ты*) в кыргызском языке имеется ***прошедшее обычное время,*** которое обозначает события, происходившие давно и не приуроченные к определенной дате. Прошедшее обычное время образуется при помощи суффикса **-ган (-ген, - гон, -ген),** если основа глагола оканчивается на гласный и звонкий согласный, или **-кан (-кен, - кон, -көн)** если основа глагола оканчивается на глухой согласный.

*М: ал оку+ган=окуган-он читал (давно); ал ук+кан=уккан-он слышал (давно).*

*Единственно е число*

1л. **(мен)** -ган+мын (-ген+мин, -гон+мун, -гөн+мүн)

2л. **(сен)** -ган+сың (-ген+сиң, -гон+суң, -гөн+сүң)

2л. вежл. форма (сиз) -ган+сыз (-ген+сиз, -гон+суз, -гөн+сүз)

3л. **(ал)** -ган (-ген, -гон, -ген)

*Множественно е число*

1л. **(биз)** -ган+быз (-ген+биз, -гон+буз, -гөн+бүз)

2л. **(силер)** -ган+сыңар (-ген+сиңер -гон+суңар, -гөн+-сүңөр)

2л. вежл. форма **(сиздер)** -ган+сыздар (-ген+сиздер, -гон+суздар, -гөн+сүздөр)

3л. **(алар)** -ыш+кан (-иш+кен, -ош+кон, -үш+көн)

Если глагол оканчивается на согласную, то в 3 л. мн, числа между основой и личным окончанием вставляется показатель совместимости -ыш (-иш, -уш,

-уш) . *М: оку – читай: мен окудум – я читал, сен окудуң – ты читал, сиз окудунуз – вы читали, ал окуду – он читал, биз окудук – мы читали, силер*

*Окудуңар – вы читали, сиздер окудуңуздар – Вы читали, алар окушту – они читали;*

***Оюндар: А. «Текстти эстеп калабыз»***

Оюндун катышуучулары эки чоң топко бөлүнүшөт. Мугалим текстти окуйт. Окуучулар көңүл коюп угушат, эсте калганын кагазга белгилер аркылуу тартышат. Чакан топтун мүчөлөрү өз тексттерин ортого салып айтышат. Алар өз маалыматтары менен бөлүшүп, бири-бирин толукташат. Андан кийин гана ортого чыгып таймашкан эки чоң топ өз тексттерин айтып берүү менен мазмунунун толуктугу, ырааттуулугу, тактыгы боюнча салыштырылат.

***Б. «Катасын тапкыла»***

Окуучуларга мугалим текст окуп берет. Алар текстти кунт коюп угуу менен негизги мазмунун эстеп калуусу керек экендиги алдын-ала эскертилет. Андан кийин балдарга ушул эле тексттин өзгөртүлгөн түрүн сунуштайт. Окуучулардын милдети - кайсы жерден ката кеткенин табуу болуп саналат. Ким тексттеги өзгөргөн сөздөрдү байкай алса, ошол жеңүүчү болот.

**14. Этиштин жакталышы жана терс формалары.**

*Спряжение глагола. Отрицательная форма глагола.*

Изменение глаголов по лицам и числам называется спряжением глаголов. При спряжении глаголов в кыргызском языке следует обращать внимание:

На какую букву заканчивается основа глагола-на гласную или согласную. *М: бер, оку, ойно, кет.*

Если это сложный глагол, то при спряжении изменяется только ***вспомогательный глагол***. *М: берип жибердим, окуп жатамын, ойноп келдиң, кетип бара жатат.*

Во всех временах в 3 лице мн. числа между основой и аффиксом времени употребляется аффикс совместного залога: -ыш, -иш, -уш, -үш, -ш.

Отрицательная форма глаголов *(этиштин терс формасы)* образуется следующим образом:

При помощи отрицательных аффиксов **-ба, -бе,- бо, -бө; - па, -по, -пе, -пө** которые присоединяются к основе глагола, затем следует временные аффиксы;

При помощи отрицательных аффиксов **-бас, -бес, -бос, -бөс; -пас, -пес,**

**-пос, -пөс** образуется формы будущего неопределённого времени (арсар келер чак)

При помощи отрицательных частиц **жок и эмес** образуется неопределённое прошедшее время (жалпы өткөн чак), а также прошедшее длительное время.

***Оюндар: А. «Баары тескери»***

Балдар тегерете олтурушат. Бул оюндун шарты боюнча окуучулар мугалим бир кыймылды көрсөтсө, анын тескери кыймыл-аракетин таап көрсөтүү керек. Эгерде мугалим колун көтөрсө, балдар колдорун түшүрүшөт, мугалим алакан жайса, алар тескерисинче, муштумун түйүшөт. Ким кыймылды талаптагыдай аткара албай калса, ал окуучу алып баруучунун милдетин аткарат.

***Б. «Тескери табышмак»***

Бул оюн баланын айлана-чөйрө тууралуу түшүнүгүн кеңейтип, сөздүк корун байытат. Мугалим балдар үчүн белгилүү бир теманы аныктап, анда бардыгы тескери бериле тургандыгын түшүндүрөт.

*М: Айбанаттар темасынан «арстан» деген түшүнүктү алабыз.*

*Суук жерде жашайт. (Ысык жерде жашайт)*

*Башы абдан кичине. (Башы аябай чоң)*

*Ал өтө алсыз, коркок (Абдан күчтүү, эр жүрөк)*

**15. Тактооч.** *Наречие*

Наречие *указывает* ***на различные обстоятельства действия*** и всегда относится к глаголу. Наречие указывает когда, где и как происходит действие и отвечают на вопросы: ***Когда? Где? Как?*** Они в основном делятся на четыре группы:

1. ***Наречие времени (мезгил тактооч):*** кечээ – вчера, бүгүн – сегодня, быйыл – в этом году, кечинде – вечером, жайында – летом, эртең менен – утром, түштө – в обед.

2. ***Наречие места (орун тактооч):*** мында – здесь, жогору – вверх, төмөн –вниз, алыс – далеко, жакын – близко, кийин – после, ыраак – далеко, артка –назад.

3. ***Наречие образа действия (сын-сыпат тактооч):*** жай – медленно, ылдам – быстро, бирге – вместе, бекер – зря, акырын – тихо, менимче – по-моему, кыргызча – по-кыргызки, кокустан – случайно.

*4.* ***Наречия количества и меры (сан-өлчөм тактооч):*** ашык – излишне, кем – меньше, мол – обильно, аз-маз – мало-помалу, немного, ушунчалык –настолько, жетишинче – достаточно.

***Оюн: «Сүрөттөлгөн элестерди тактап беребиз».***

*Аюудай бакырды*

*Кабагына кар жаады*
*Жумурткадан кыр чыгарды*
*Мурдун балта кеспейт*
*Төбөсү көккө жетти*

**16. Кызматчы сөздөр. Жандоочтор.** *Служебные слова, послелоги*

Служебные слова связывает слово со словом, предложение с предложениеми придаёт им дополнительное значение. Они между собой делятся на четыре группы: послелоги, союзы, частицы и модальные слова. Послелоги в кыргызском языке особые служебные слова, сходные с русскими предлогами. Они ставятся после слова, к которому относятся, и называются послелогами. Наиболее часто употребляется послелог ***менен (с)***. Существительное, с которым этот послелог сочетается, всегда ставится в именительном падеже. *М: Мен көргөзмөгө Коля менен бирге бардым. Я ходил на выставку вместе с Колей. Окуучу бор менен жазат. Ученик пишет мелом.*

Существительные с послелогами ***жөнүндө, тууралуу (о, об)*** также ставятся в именительном падеже. *М: Мен баяндамада лагерь жөнүндө жаздым.* Я в сочинении написал о лагере. *Бул кинофильмде жаштар тууралуу айтылган.* В этом кинофильме говорится о молодежи.

Существительные с послелогом ***чейин (до)*** употребляются в дательном падеже. М: *Майрамга чейин беш күн калды.* До праздника осталось 5 дней.

Послелог ***кийин (после)*** требует постановки существительного в исходном падеже. М: *Лекциядан кийин концерт болот.* После лекции будет концерт.

Послелоги ***алдында (перед), артында (позади), үстүндо (над, на), астында (под) жанында (около)*** требуют от существительных, с которыми они употребляются,

родительного падежа. М: *Үйдүн алдында гүлдөр отургузулган.* Перед домом посажены цветы. *Парктын артында чоң көл бар.* За парком есть большое озеро.

Иногда послелог *алдында* употребляется в значении предлога под, а послелог астында – в значении предлогов перед, впереди. М: *Жердин алдында пайдалуу кендер көп.* - Под землёй много полезных ископаемых.

**Оюн: «Унчукпа»**

Балдардын ар бирине катар сан ыйгарылат. Мугалим окуучуга суроо берип, топ ыргытат. Бирок суроого топту алган окуучу эмес, оң жагында турган бала жооп бериш керек. Топту туура алган бала катар санын атап, суроого жооп берет. Топту мугалимге кайтарат. Оюн ушул эреже менен улантылат.

## Пайдаланылган адабияттар:

1. Асанов Ү.А., ж.б. Компьютердик технологиялар пайдалануучунун көз карашы менен. – Б., 1999. – 333-б.

2. Акаев А., Эшенкулов П. Электрондук эсептөөчү машина – биздин досубуз. – Ф.: Мектеп., 1989. – 176-б.

3. Арапова Р. Кыргыз тилин оюн аркылуу үйрөтүү. – Б., 2011. – 92-б.

4. Биримкулов У.Н., ж.б. Компьютер жана интернет. – Б., 2004. – 261-б.

5. Биримкулов У.Н. Развитие человеческих ресурсов в области информационных и коммуникационных технологий. – Б., 2001.

6. Баячорова Б.Ж., Өмүралиева А.С. Эсептөөчү машиналар, информатика жана программалоо. – Ф.: 1988. – 355-б.

7. Бердиев А., ж.б. Компьютер: колдонуучу, программалоо. – Б., 2000. – 316-б.

8. Борковский А.Б. Англо-русский словарь по программированию и информатике. – М., 1987. – 335-б.

9. Базовые знания по информационно – коммуникационным технологиям (ИКТ). АУЦА., 2011. – 126 стр.

10. Досоева С., ж.б. Кыргыз тили сиз үчүн. – Б., 2006. – 120-б.

11. Ибрагимов.М.И. Кыргыз макал-лакап, учкул сөздөрү. – Б., 2008. – 638-б.

12. Кыргыз тилин окутуунун алдыңкы усул-ыкмалары. – Б., 2006. – 280-б.

13. Өмүралиев А. Маалымат технологиясы. – Б., 2002. – 293-б.

14. Өмүралиев А.,Табышев Р. Информатика негиздери. – Б., 2002. – 360-б.

15. Русско-киргизский словарь. Орусча-кыргызча сөздүк. Орузбаева Б.О. ж.б., 1988. – 480-б.

16. Сарылбекова З. Кыргыз тилин кырдаалдык негизде окутуу. – Б., 2007. – 218-б.

17. Султанов М. Компьютерди үйрөнөлү. – Б., 2011. – 138-б.

18. Уваров В.М и др. Практикум по основам информатики и вычислительной техники. – М., 2012. – 237-б.

19. Уоллес Марк. Интернеттин 101 өнөрү. Б.,»Кыргызстан – Сорос» фонду., 2000. – 64-б.

20. Эшенкулов П. Информатика жана эсептөөчү техниканын негиздери. – Б., 1997. – 336-б.

## Техникалык терминдердин англисче – кыргызча сөздүгү

**Abort** (токтотуу, бүтүрүү) – программада же иш-аракет учурунда ката кеткенде иштин жүрүшүн убактысынан мурда токтотуу тууралуу тутумдук кабарлоо.

**Adapter** – түрдүү типтеги түзүлүштөрдү ыңгайлаштырып, компьютер мүмкүнчүлүктөрүн жогорулатуу үчүн коюлган электр платасы.

**Access –** (мүмкүнчүлүк) компьютердик тутумдагы, желедеги программалык жана аспаптар булагынан пайдалануу укугу.

**ActiveX** – интернетте мультимедиа кошумча барагын түзүүдө башкаруу элементтерин өзгөртүү.

**Ad** (advertisiment же advertising) – жарнама, жарнамалык кулактандыруу.

**Admin** (administrator деген сөздүн кыскартылып алынышы) – сайт администраторунун сайттагы эсепке алуучу жазуулары.

**Administrator** – тутумду башкаруу жана тейлөө, текшерүү, орнотуу, өзгөртүү жана пландаштыруу үчүн жооптуу адис.

**ADN** (Anydaynow) – бүгүндөн баштап кайсы күнү болсо да болот.

**ADO** (ActiveXDataObjects; ActiveX объектилери тууралуу маалымат) – ActiveX маалымат базасына кирүү үчүн пайдаланылган компоненттердин тутуму.

**AdobeSystems** – графикалык маалыматтарды жана столго коюлуучу басмакана тутумун түзүү жана кайра иштеп чыгуучу программаларды чыгаруу жаатындагы лидерлердин бири.

**AdobeIllustrator** – белгилүү вектордук жана графикалык редакторлордун катарына кирет.

**AdobePhotoshop** – белгилүү сүрөт-графикалык редакторлордун бири болуп эсептелет.

**ADSL** (Assymetrical Digital Subscriber Line) – кадимки телефон аркылуу жогорку ылдамдыкта маалыматтарды берүүчү абоненттик линия же абоненттик ассимметриялуу санариптик линия.

**AFK** (Away from keyboard) – клавиатурадан четтөө, алысыраак болуу.

**AKA** (Also known as) – дагы башка ат же жашыруун аталыш менен белгилүү.

**ANSI** (ANSI characterset) – ANSI тарабынан иштелип чыккан (American National Standart Institute - Американын улуттук стандарттар институту) 8-биттик коддор менен түзүлгөн таблица, Windows тарабынан 256 башкаруучу жана алфавиттик-санариптик белгилер аркылуу көрсөтүлөт, ишке ашырылат.

**AOL** (America OnLine) - АКШдагы белгилүү жана ири коммерциялык онлайн кызматы, улуттук интернет-провайдер.

**ASP** (Active Server Pages) – Microsoft тарабынан иштелип чыккан технология же жигердүү сервердик баракчалар, анын жардамы аркылуу веб-устаттар тез-тез жаңыртылып туруучу web-баракчаларын түзүшөт.

**AdvegoPlagiatus** – интернет желесиндеги тексттик иш кагаздарынын кайталангыс экендигин текшерүүчү программа.

**BMP** – Microsoft корпорациясы тарабынан ушул форматтагы жазылган файлдардын аталышын кеңейтүү үчүн түзүлгөн графикалык файлдардын форматы.

**BRB** (Be Right Back) – бир азга чыгып кеттим, жакында кайтып келем.

**Browser** – веб-баракчаларын карап чыгуу үчүн түзүлгөн программа.

**Black-лист (блэклист)** – жасалып жаткан сайттын наркын төмөндөтүүчү издөө тутумундагы сырткы шилтемелерди сатып алуучу сайт-донорлордун тизмеси.

**CMS (Content Management System)** – контентти башкаруучу тутум.

**CPM** – банерди миң ирет көрсөткөндүгү үчүн коюлган баа.

**CPS (costpersale)** – бир жолку сатуунун баасы.

**CTB (аббревиатура от Click-To-Buyratio)** – жарнама берүүчүнүн серверине шилтеме боюнча кирген жана ал кызматты сатып алууну же пайдаланууну чечкендердин саны.

**Captcha** – коргонуунун аудиовизуалдык аспабы, анын жардамы аркылуу сайттын админстратору жарнамалык робот программалардын сайтында ресурстардын автоматтык түрдө катталышынан сактайт.

**Cookies (Куки)** – пайдалануучулар мурда кирген веб-түйүндөрдү эске сактап туруунун аспабы.

**Copylancer (Копилансер)** – рунеттеги эң ири контент-провайдерлердин бири.

**CGI** (Common Gateway Interface) – nternet желесинде колдонулган колдонмо программалаштыруунун интерфейси.

**CMYK** (Cyan-Magneta-Yellow-blacK. Көгүш-кыпкызыл-сары-кара) – мониторго жана түстүү басып чыгарууга ар кандай түс берүүчү RGB түстүк тутуму же түстү моделдештирүү болуп саналат.

**Copyright** – автордук укук.

**CorelDraw** – белгилүү вектордук графикалык редакторлордун бири.

**DDE** (Dynamic Data Exchange) – маалымат топтому менен жигердүү алмашып туруу, MS Windows, OS/2 и Macintosh Systems 7 арасында стандарттык программалык өз ара аркеттенүү же кызматташуу.

**DDL: Data Description Language** – маалыматтарды графикалык белгилери бар тил аркылуу берүү.

**Dhtml** (Dynamic HTML) – белгилүү форматка ээ болгону менен мазмунун өзгөртүп туруучу жигердүү баракчалар.

**Dpi** (Dotsperinch) – атайын жабдыктар тарабынан бир дюйм аралыгына экранга, көчүрүүчү бетке алынып чыгарылган сүрөттөөчү чекиттердин көзгө илинген чеги же басып чыгаруунун тыгыздыгын көрсөтүүчү бирдик.

**DTD** (Document Type Definition) – иш кагазынын тибин аныктап көрсөтүүчү шаблон.

**Doorway** - белгилүү бир издөө тутуму үчүн же кандайдыр бир саптар үчүн ыңгайлаштырылган баракча.

**EPS** (Encapsulated Post Script) – Adobe фирмасы тарабынан түзүлгөн графикалык жана тексттик маалыматтарды сүрөттөп берүүчү формат.

**FlatFeeAdvertising** – банерди көрсөтүүнүн санын жана канча жолу басылганын эсепке албай туруп жайгаштыруу.

**FTP (FileTransferProtocol)** – компьютердик түйүндөрдөгү файлдар менен алмашуу үчүн колдонулуучу атайын протокол.

**Getgoodlinks** – шилтемелерди үзгүлтүксүз жайгаштырунун жаңы тутуму.

**Gogetlinks** – төлөмдүү баяндамалардын жана шилтемелерди үзгүлтүксүз жайгаштыруу тутуму.

**GIF** (Graphics Interc hange Format) CompuServe в 1987-жылы маалымат кызматы тарабынан иштелип чыккан жана веб баракчаларында пайдаланылуучу файлдардын графикалык форматы (GIF 87a). 65536х65536 көлөмүндөгү пикселдердин жана 256 түстөрдүн максималдуу сүрөттөлүшү.

**HomePage** – Web-сайттын биринчи баракчасы.

**KeyCollector** – оптимизаторго сайттын мазмундук негизин түзүүнү жеңилдетүүчү атайын программалык камсыздоо тутуму.

**ICQ (**I seek you үн менен коштоо – Мен сени издеп жатам) - Mirabilis интернет-пейджер компаниясынын программасы.

**IMHO** (In My Humble Opinion) – менин оюмча.

**IP** (Internet Protocol) – интернет түйүндөрү аркылуу маалыматтардын берилиши жана туура багытталышы үчүн жооптуу болгон түйүндөгү протокол кызматы.

**IP address** – компьютердин интернеттеги кайталангыс номери.

**ISO** (International Standarts Organization-эл аралык стандартташтыруу уюму) – экономиканын көптөгөн тармактары боюнча,анын арасында байланыш жана эсептөө техникалары боюнча да эл аралык стандарттарды иштеп чыгуу менен алектенген ыктыярдуу коммерциялык эмес уюм.

**Java** – программалашыруунун объектиге кызмат кылуу тили.

**JavaScript**-веб – баракчалары үчүн жөнөкөй кошумчаларды киргизүүгө мүмкүнчүлүк берген программалаштыруунун же сценаристтердин тили.

**JPEG** (Joint Photographics Experts Group) – JPEG тобу тарабынан иштелип чыккан, 25:1ашык коффицент менен толук түстүү кыймылсыз сүрөттөөлөрдү кичирейтүүгө мүмкүндүк берген стандарт .

**Lpi** (Linesperinch) – бир сызыкка туура келүүчү сызыктардын саны.

**LinkFeed** – азыркы учурда 150 миңден ашык техникалык адистер кызматынан пайдаланган рунеттин шилтемелер биржаларынын бири.

**LinkPopularity** – сайттын алымдуулугунун көрсөткүчү. Башка сайттардагы шилтемелерди өз сайтында сандык жана сапаттык жактан пайдалануу деңгээли менен мүнөздөлөт.

**MFA (Made for AdSense)** – контексттик жарнаманын негизинде акча табууга багытталган сайт.

**MFS (Made for Sape)** – Sape тутумунда акча табууга багытталган сайт. Мындай сайттардын өзгөчөлүктөрүнүн бири катары кайталанган төмөнкү деңгээлдеги баракчалардын көп санда кездешүүсү болуп эсептелет.

**MatrixNet (Матрикснет)** – машине менен окутуунун атайын алгоритми, аларды пайдалануу аркылуу Яндекстин издөө механизмдери көрсөтүүнүн көбүрөөк критерийлерин эсепке ала баштаган.

**Miralinks (Миралинкс)** – башка ресурстарды пайдалануу аркылуу макалаларды жайгаштыруу тутуму.

**Miratools (Миратулс)** – көптөгөн кошумча кызматтары жана ийкемдүү көрсөткүчтөрү аркылуу тексттердин кайталангыс экендигин текшерүүчү аспап.

**Manual** – окуу куралы, нускама.

**Message** – маалымдоо, кабарлоо.

**MIDI** (Musical Instruments Digital Interface. Музыканы коштоо форматы) – электрондук музыкалык аспаптардын компьютер жана анын программалык камсыздоосу менен чыңалуу күчү боюнча туура келүү стандарты.

**MPEG** – кыймылдагы сүрөттөөлөрдү кичирейтип кайра түзүү стандарты .

**N/A(**Notavailable) – маалымат жок.

**Networking** – Internet түйүнүнө кошулуу, түйүндө иштөө.

**PageRank** – Googl компаниясынын кадыр-баркынын сандык көрсөткүчү же белгилүү бир баракчанын кеңири таанымалдыгынын эсептик алгоритми.

**Panda** – Googl дагы эң акыркы муундагы издөө алгоритми, ал 2011-жылдан баштап интернет үчүн сегмент катары ишке киргизилген.

**Pay-per-Click, PPC, ППЦ** – жарнамага көрсөтүүнүн саны үчүн эмес, чакыруунун же киргендердин саны боюнча төлөп берүү ыкмасы.

**Pr-cy.ru**-IT – адистери колдонууга ылайыкташтырылган ресурстар, аларды интернеттеги орус тилдүү пайдалануучу - адистер өз алдынча сайт түзүп жана аны таркатуу маселелеринде пайдаланышат.

**Paste** – алмашуу буферинен сүрөттөрдүн бөлүгүн же тексттерден үзүндү алып коюу.

**Perl** (Practical Extractionand Report Language – эркин таркатылуучу жана түшүндүрүлүүчү тил) - Ларри Уоллом (Larry Wall) тарабынан 1986-жылы түзүлгөн программалаштыруу тили, ал адатта тез-тез алмашып жана өзгөрүп туруучу веб-баракчаларын түзүү үчүн колдонулат.

**PHP** – сервер тарапта аткарылуучу иштердин тили.

**Pic** – Picture (сүрөт, сүрөттөмө) сөзүнүн кыскартылып берилиши.

**Pixel** (Пиксел.Точка) – суюк сүрөттөрдүн эң кичине жана андан ары бөлүнбөй турган элементи.

**POP** (Post Office Protocol) – почта жөнөтмөлөрүндө пайдаланылуучу почта протоколу.

**RTFM** (Read This Manual) – бул иш кагазын окуп чыгыңыз (нускама).

**RSS** – контент менен таанышууга мүмкүндүк түзгөн, сайттагы маалыматтарды кыскартып берүүнүн атайын форматы.

**Robots.txt** – сайттын уңгусундагы тексттик файл, ал роботторго кайсы баракчаларды белгилөө керектигин көрсөтүп турат.

**Rookee** – көп кыймылдуу SEO-сервиси, ал автоматтык түрдө көп сандагы сайттарды жайылтууну ишке ашырат.

**SE(Search Engines)** – издөө тутуму.

**Semonitor** – сайттарды жакшыртуу жана жайылтуу иштерин талдоочу атайын программа.

**SEO-копирайтинг** – копирайтингдин өзгөчө түрү, ал издөөнүн эң мыкты натыйжаларына жетүүдө колдонулат.

**SERP(Search Engine Result Page)** – издөө тутумунун издөөнүн жыйынтыктарын көрсөтүүчү баракчасы.

**SMM (social media marketing)** – сайтты ар кандай социалдык түйүндөрдө, форумдарда, порталдарда жайылтуусун жакшыртуу.

**Sape** – рунеттеги шилтемелердин белгилүү биржасы.

**Searchengines (Энциклопедия поисковых систем) –** эң ири орус тилдүү портал, ал сайттарды жакшыртуу жана жайылтуу ыкмаларына арналган.

**Seopult (Сеопульт)** – «Google», «Яндекс» жана «Rambler» сыяктуу издөө тутумундагы сайттарды автоматтык түрдө жайылтуучу түзүм болуп саналат.

**Setlinks** – рунеттеги шилтемелердин белгилүү биржасы.

**Siwega** – рунеттеги көп колдонулган шилтемелердин белгилүү топтому.

**SGML** (Standart Generalized Markup Language) – 1986-жылы ISO 8879 стандарты менен кабыл алынган электрондук иш кагазынын түзүмүн аныктоочу жана анын мазмунун башкаруучу, өзгөртүүчү жалпыланган стандарттык тил.

**SMTP** (Simple Mail Transfer Protocol) – электрондук почтаны интернетке өткөрүүчү жөнөкөй протокол.

**SQL** (Structured Query Language) – маалымат топтому менен иштөөдө керектелген, түшкөн сурамжылоолорду иретке келтирүүчү тил.

**SSI** (Server SideIncludes) – сервер тараптагы ишке киришүү белгилери.

**TIFF** (TagImage File Format) – сүрөттүү (графикалык) файлдарды кичирейтип сактоочу стандарттык формат.

**TrueType** – 1991-жылы Apple Computer фирмасы жана Microsoft компаниясы тарабынан түзүлгөн экрандагы контурдук жана принддердеги шрифтерди түзүү, чоңойтуп терүү технологиясы.

**Type 1** – Adobe фирмасы тарабынан 1985-жылы иштелип чыккан экрандагы контурдук жана принддердеги шрифтерди түзүү, чоңойтуп терүү технологиясы.

**TLA (Text Link Ads)** – дүйнөдөгү шилтемелерди сатуучу, сатып алуучу биржалардын эң көрүнүктүүсү .

**Telderi** – сайттарды жана домендерди сатуу жана сатып алуучу аянтча болуп саналат.

**Targeting (узконаправленная реклама)** – жарнамалык банерди пайдалануучулардын белгилүү бир чектелген жана максаттуу чөйрөсүнө гана көрсөтүү.

**Typein трафик** – URL браузердин сабына өз дарегин кол жазма менен киргизүү аркылуу пайдалануучунун сайтка кирүү ыкмасы.

**U** – YOU кыскартылып алынышы.

**Unicode** – 16-бит менен белгилерди кодго түшүрүүнү колдонгон жана бардык улуттук алфавиттерди белгилерге айландыруунун стандарты.

**Upload** – файлды пайдалануучудан башка компьютерге же пайдалануучуга жөнөтүү.

**URL** (Uniform Resource Locator) – иш кагазынын же анын бир бөлүгүнүн, веб- баракчаларынын интернетте жайгашуу ордун көрсөтүүчү стандарттуу белгилердин сабы же интернет-дареги.

**VBScript** – Microsoft тарабынан иштелип чыккан сценарийлерди жазуунун тили.

**VRML** (Virtual Reality Modeling Language**)** – үч тараптуу көрүнүштөрдү сүрөттөө же анимацияны пайдалануу мүмкүнчүлүгүн берген тил.

**World Wide Web Consortium** – веб үчүн кесиптик багыт берүүчү стандарттарды иштеп чыгуучу уюм.

**XML** (Xtensible Markup Language**)** – чоң көлөмдөгү тексттерди талдоого мүмкүндүк берген программалык тил.

**Мазмуну**

Киришүү ........................................................ 3

1-тема: Кесиптер. Ийгиликтүү адамдар, ишканалар........6

2-тема: Менин кесибим – менин келечегим ................ 10

3-тема: Компьютер тарыхы жана анын азыркы

коомдогу орду ................................................ 16

4-тема: Компьютердин түзүлүшү жана иштөө

механизми ...................................................... 23

5-тема: Компьютердин иштөө тутуму

(иштетүү системасы) .......................................... 30

6-тема: Компьютердин иштөө өндүрүмдүүлүгү............. 36

7-тема: Маалыматтарды пайдалануу режиминде

сактоо ........................................................... 43

8-тема: Компьютердик технология менен иш алып

баруунун коопсуздугу ........................................ 49

9-тема: Компьютердик мителер (вирустар) .................. 53
10-тема: Internet – бүткүл дүйнөлүк байланыш
желеси ............................................................ 59
11-тема: Интернет технологияларын жаратуучулар:
Марк Цукерберг .............................................. 67
12-тема: Интернет технологиялары. Web-сайттар.......... 73
13-тема: Кыргызстандагы белгилүү сайттар................. 81
14-тема: Кыргызтандагы IT компаниялар .................. 87
15-тема: Интернет технологиялары. Презентациялар .... 93
16-тема: Маалымат технологияларынын
жаратмандары: Стивен Пол Жобс............................ 97
17-тема: Маалымат жана байланыш технологиялары
биздин жашоодо. Интернет кызматтары. ................. 103
18-тема: Маалымат жана байланыш технологиялары
биздин жашоодо. Электрондук байланыш кызматы..... 109
19-тема: Маалымат жана байланыш технологиялары
биздин жашоодо. Компьютердик оюндар.................. 115
20-тема: Маалымат жана байланыш технологиялары
биздин жашоодо. Электрондук китепкана ................. 123

21-тема: Интернет – дүкөндөр ........................ 129

22-тема: Электрондук дүйнө жана ден соолук ............ 136

23-тема: Менин кесибим – программист .................... 142

24-тема: Менин кесибим – веб-дизайнер.................... 149

25-тема: Кыргызстандагы маалымат

технологияларынын өнүгүшү .................................... 155

Кесип. Тесттик тапшырмалар .................................. 161

Кыргыз тилинин грамматикасы боюнча

материалдар.............................................................. 164

Пайдаланылган адабияттар...................................... 191

Техникалык терминдердин

англисче-кыргызча сөздүгү........................................ 193

# МААЛЫМАТ ТЕХНОЛОГИЯ АДИСТЕРИ ҮЧҮН КЫРГЫЗ ТИЛИ

Редактору *Кадыров Ы.*
Тех. редактору *Довлоталиев Б.*
Корректору *Бөкөлөев Б.*
Компьютердик калыпка салган *Салиев Э.*

Басууга 02.06.2025-ж. кол коюлду.
Кагаздын форматы 60x84 $^{1}/_{16}$.
Көлөмү 13 б.т. Нускасы 300.

«Кут-Бер» ЖЧК басмаканасында басылды
Бишкек ш., Медеров көчөсү, 68.